Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАН ТАРЫХЫ

## (IV кылымдан – XIII кылымдын баштарына чейин)

### 7-класстын окуучулары үчүн окуу китеби

Биринчи басылышы

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басууга сунуш кылган

ТАШКЕНТ
РЕСПУБЛИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ
2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УДК 94(575.1)(075.3)**
**ББК 63.3(5О‘)уа72**
**О‘ 17**

**Исматова, Н.**
**Өзбекстан тарыхы :** жалпы билим берүү мектептеринин 7-класс окуучулары үчүн окуу китеби / А. Замонов, Н. Исматова жана башкалар. — Биринчи басылышы. — Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. – 192 б.

ISBN 978-9943-8352-7-6

УДК 94(575.1)(075.3)
ББК 63.3(5О‘)уа72

**АВТОРЛОР:**

**А. Т. Замонов, Н. К. Исматова, Д. А. Рахимжонов,**
**Д. Р. Нормуродов, З. Т. Замонов, С. А. Полатова**

***Жооптуу редактору***
**Дилшод Муталибович Кенжаев**

**РЕЦЕНЗЕНТТЕР:**

| | |
|---|---|
| **Ө. Мавлонов** | – тарых илимдеринин доктору, ӨзУУ профессору |
| **Н. Мустафоева** | – ӨзИА бөлүм мүдүрү, тарых илимдеринин доктору, профессор |
| **М. Алимова** | – тарых илимдеринин кандидаты, ӨзЭИА доценти |
| **А. Тагаев** | – тарых илимдеринин кандидаты |
| **О. Базаров** | – тарых илимдери боюнча философиянын доктору (PhD) |
| **У. Холмоминов** | – тарых илимдери боюнча философиянын доктору (PhD), Низамий атындагы ТМПУ окутуучусу |
| **М. Каримова** | – Юнусабад районундагы 98-жалпы орто билим берүү мектебинин тарых предмети мугалими |
| **Н. Кудратова** | – «Ziyo-zukko» жалпы орто билим берүү мектебинин тарых предмети мугалими |

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-5950-7-1

© А. Т. Замонов, Н. К. Исматова жана башк., 2022
© Республикалык билим берүү борбору, 2022.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 1-тема:

# АТА-БАБАЛАРЫБЫЗДЫН РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАРЫ – ДҮЙНӨ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ НЕГИЗДЕРИНЕН БИРИ

Тарыхыбызды үйрөнүп жатып, жүрөгүбүздү сыймыктануунун терең сезими ээлей берет. Ата-бабаларыбыздын бай илимий жана маданий мурасы бүгүнкү күндө өлкөбүздүн гана эмес, ошондой эле дүйнө окумуштууларынын да көңүлүн өзүнө тартып келүүдө.

Байыркы Турандын аймактарында эзелтеден өзбек, тажик, кыргыз, казак, каракалпак жана түркмөндөрдүн ата-бабалары жашап келген. Ошондуктан, өзбек элинин өтмүшү этникалык жактан жакын боордош элдердин тарыхы менен тыгыз байланышып, жуурулушуп келген.

Бул китептен сен IV кылымдан XIII кылымдын баштарына чейин болгон Мекенибиздин орто кылымдар тарыхы менен таанышасың. Мында «өзбий» жана «өзбек» аталыштары менен улууланган өзбек элинин калыптангандыгы жөнүндөгү маалыматтар да орун алган. Дүйнө цивилизациясына өзүнүн салымын кошкон кеменгер ата-бабаларыбыз, мекенчилдиктин үлгүсү болгон баатырлардын эрдиктери менен кошо элибиздин бай маданий мурасы жөнүндө маалыматтарга ээ болосуң.


«Орто кылымдар» түшүнүгү тарых илимине итальян тарыхчылары тарабынан алып кирилген. Бул түшүнүк жеке менчиктин форма өзгөрүү доорлору менен түз байланышкан. Чыгыш өлкөлөрүндө жер-мүлк мамилелери эзелтеден коомдук негиздерде өнүгүп келген. Ошол себептүү «орто кылымдар» түшүнүгү тарыхыбызда шарттуу түрдө колдонулуп келет.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Биздин заманга чейинки

| I кылым | IV кылым | V кылым | VI кылым |
|---|---|---|---|

Байыркы доор

1. Төмөнкү класстарда тарых предметинен алган билимиңе таянып, берилген сүрөттөргө ат кой.
2. Сүрөттө чагылдырылган тарыхый окуяларды сүйлөп бер. Алар каерде, качан болгонун доор сызыгы менен түшүндүр.
3. Окуялар доор сызыгынын кайсы жеринде токтоду?
4. Томаристин Куруштун үстүнөн жеңишке жеткенине канча жыл болду? Эсептеп көр.



| ...ы | XI кылымы | XII кылымы | XIV кылымы | XV кылымы |
|---|---|---|---|---|



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Чындыгында орто кылымдардын Европа үчүн алынган убактылуу чек аралары Чыгыштын, ошонун катарында, Турандын тарыхындагы доордон айырмаланат. Анткени Европа орто кылымдарынын башталышы Рим империясынын кулашы (476-ж.), V кылым аягынын окуяларына туура келет.

Ал эми биздин тарыхыбызда «орто кылымдар» деп аталып жаткан доор IV кылымдын акырлары жана V кылымдын ортолорунан *кидарийлер, хионийлер, эфталийлер* өңдүү этникалык, социалдык, саясий терминдердин астында түшүнүлө турган уруу уюмдарынын саясий майданда пайда болгон доордон башталган. Орто кылымдар, өз кезегинде, алгачкы, өнүккөн жана соңку орто кылымдарга бөлүнөт.

Байыртадан «Туран» деп аталып келген өлкөбүз жана ага туташ аймактар арабдар доорунан «Маварауннахр» жана «Хурасан» деп, XVIII–XIX кылым батыш окумуштуулары жана саякатчылары тарабынан «Орто Азия» же «Борбордук Азия» деп аталган.

Бул доордо *Харезмийлер, хионийлер, кидарийлер, эфталийлер, Түрк кагандыгы, кийинчерээк саманийлер, караханийлер, харезмшахтар, Амир Темур жана темурийлер* бийлик жүргүзгөн ири мамлекеттер болгон. Бул мамлекеттердин калкынын социалдык-саясий, экономикалык жана руханий турмушу өз дооруна мүнөздүү түрдө өнүгүп отурган.

Алгачкы орто кылымдарда «кыштак акимдери» деп аталган чоң жердин ээлери – *дыйкандар* жана алардын эгин талаасында эмгектенген жерсиз *кадиварлар* калыптанды. Жерде эмгектенүү тартиптеринин түп-тамырынан өзгөрүшү калктын ортосунда катмарлашууну дагы да кескиндештирген.

VIII кылымдын баштарына келип өлкөбүздүн аймагында араб халифаттыгынын бийлиги орнотулду жана өлкөбүздүн маданиятына ислам дининин таасири күчөйдү. Халифаттыктын бийлигинен кийинки кылымдарда илим жана агартуунун өнүгүшү үчүн шарт түзүлдү. Өлкөбүздөн дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүшүнө салым кошкон Мухаммад ибн Муса Харезмий, Ахмад Ферганий, Абу Райхан Беруний, Абу Али ибн Сина өңдүү кеменгер ойчулдар жетишип чыкты.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



IX–XII кылымдарда жергебизде төрөлүп, эрезеге жеткен Имам Бухарий, Имам Термезий, Махмуд Замахшарий, Ахмад Яссавий, Нажмиддин Кубро сыяктуу белгилүү окумуштуулардын ислам дини жана окуусуна таандык чыгармалары бүгүнкү күндө да өзүнүн маанисин жоготкон жок.

Окуу китебинде берилген окуялар менен таанышуу аркылуу, ата-бабаларыбыз ар дайым куруучулукка, илим жана агартууга умтулуп жашагандыгын билип аласың. Алардын бай руханий мурасы Мекенибиз жөнүндө кеңири маалымат берет. Илим жана агартууга умтулуу, ага ээ болуу аркылуу гана мыктылыкка жетишүүгө болорун түшүнөсүң.

Бүгүнкүдөй ылдамдык жана дүркүрөө менен өзгөрүп жаткан дүйнөдө жападан жалгыз көмөкчүбүз илим жана билим экендигин билип аласың.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Эстеп көрчү, байыркы доордо Өзбекстандын аймагында кандай мамлекеттер болгон? Алардын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн талдоого ал.
2. IV–XIII кылымдын баштарындагы Мекенибиз тарыхынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү эмнелерде көрүнөт?
3. IX–XII кылымдарда өлкөбүздө жетишип чыккан кеменгер ойчулдар жана белгилүү окумуштуулардын кандай чыгармаларын билесиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2-тема:**

# IV–VII КЫЛЫМДАРДА ӨЛКӨБҮЗ ЭЛДЕРИНИН ТУРМУШ МҮНӨЗҮ




## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы доордо Өзбекстандын аймагында кандай мамлекеттер болгон? Алардын аймагын картадан көрсөт.
2. Өлкөбүздүн эң байыркы дооруна таандык маданий мурасына мисал келтир.
3. Берилген сүрөттөргө көңүл бур. Алардын атын билесиңби? Эгерде ал ойлоп табылбаганда... Пикирди улант.

## Ой жүгүртүү үчүн

Мекенибиз байыркы бай тарыхка ээ. Туран, Түркстан, Маварауннахр аттары менен таанылган аймактын тарыхы жана өзүнүн эмгеги менен аны көрктөндүргөн өзбек элинин өтмүшү аябай кызыктуу жана үлгүлүү. Суу тегирмени, чигир жана чаркпалак өңдүү суу жасалмаларынын ачылышы айыл чарба иштеринин өнүгүшүнө таасирин тийгизди. Шаарлар кол өнөрчүлүктүн, соода-сатыктын жана маданий турмуштун борборуна айланды.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Кол өнөрчүлүк, соода-сатык жана айыл чарба иштеринин өнүгүшү адамдардын турмушуна кандай таасирин тийгизди?
2. Эгин аянттарынын кеңейиши кандай керектөөлөргө себеп болушу мүмкүн? Төмөнкү сөздөрдөн пайдаланып пикириңди баянда. *Зырааткер — эгин эгүүчү, кошчу; мыраб; жерди иштетүү үчүн эмгек шаймандары жана б.*
3. Сен адамдар турмушунун бейпилдиги үчүн эмне ойлоп тапкан болор элең? Эмне үчүн? Пикириңди негизде.

**Дыйкан** (кыштактын акими) – алгачкы орто кылымдарда мүлктүү катмар.
**Кашоварз** – зыраатчы кадимки кошчулар.
**Кадивар** – кыштактын дыйкандарга баш ийген калкы.
**Чакар** – дыйкандын мүлкүн коргоочу, аскердик кароол.

VI кылымда түшүмдүү жерлер жана сууну бөлүштүрүү уруу башчылары жана иш башчыларынын көзөмөлүнө өттү. Бул болсо аларга кыштак калкына өз таасирин өткөрүү, зыраатчы калкты бийлөө мүмкүнчүлүгүн берди. Алар кыштактын акими — *дыйкандар* деп аталган. Кыштак жамааттарынын жерлеринде жашап, жер жана суудан турган жалпы мүлккө ээ эркин зыраатчылар катмары *кашоварздар*, өз жери жана эркинен айрылып, дыйкандардын жерлеринде иштеген *кадиварлар* пайда болду. Дыйкандардын чарбасын тышкы чабуулдардан коргоого, ал эми ичкериде тартип-эрежени сактоого жардам бере турган атайын аскердик тобу — *чакарлары* болгон.



Дыйкандардын шаарда кол өнөрчүлүк расталары, үйлөрү болгон. Алардын чарбасында көптөгөн адамдар эмгектенген. Турандын аймагында да чоң жер ээлөөчүлүк пайда болду.

Соңку байыркы доордон (биздин замандын II–IV кылымдарынан) башталган түпкү өзгөрүштөр аябай тездешти, натыйжада, бир жактан, Орто Азиянын ар бир дыйканчылык аймактарында (Сугдияна, Маргияна, Тохарстан, Харезм, Чач, Фергана жана башкалар) ондогон жергиликтүү бийликтер түзүлдү, экинчи жактан, алардын ирилешүү жараяны да тез жүрдү.

Ахмадали Аскаров, «Өзбек элинин этногенези жана этникалык тарыхы»

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Кандай факторлор себептүү дыйкан чарбалары түзүлдү?
2. Эгерде суу тегирмени жана чигир ойлоп табылбаганда, адамдардын түрдүү катмарларга бөлүнүшү жүрөт беле? Пикириңди негизде.
3. Ойлоп көрчү, эмне үчүн зирааткер аймактардагы сугат жерлердин негизги бөлүгү кыштак жамааттарынын карамагында болгон?
4. Адамдардын турмушундагы бул өзгөрүштөр дагы кандай кесиптердин пайда болушуна себеп болгон, деп ойлойсуң? Пикир билдирүүдөн мурда чакарлар, кашиварлар үчүн зарыл буюмдарды элестет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3–4-темалар:

# IV–VII КЫЛЫМДАРДА ХАРЕЗМ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы доорлордо Харезм менен байланыштуу кандай тарыхый жараяндарды билесиң?
2. Окумуштуу Истахрийдин: «Харезм Жайхундун бүткүл пайдасын ала билген өлкө», – деген сөздөрү сага Геродоттун Нил жөнүндө айткан кайсы пикирин эстетти? Кандай ойлойсуң, окумуштуу бул пикири менен эмне демекчи?

### Ой жүгүртүү үчүн




Амударыя Индикуштун Түндүк жан боорлорундагы мөңгүлөрдөн башталат. Дарыя бийик аскалуу тоолордун арасынан агып өтөт жана ар бир километр сайын төмөндөп отурат. Ошол себептүү ал аябай тез жана айкырып агып, өзү менен аябай көп санда минералдарды ылай түрүндө агызып келет. Амударыяга Сурхан келип кошулган жердин ылдыйынан баштап, ал эч кандай куймаларсыз куйкалама чөлдөрдүн ичинен ага баштайт жана ошол жерден анын жандандыруучу ишкердиги башталып, Харезм өлкөсүн суу менен камсыздайт.

Харезм жерлерине Каракум чөлү туташып кеткен. Хива меридианынан бир аз чыгышыраакта кум дөңсөөлөрүнүн чек арасы түндүк-батыш жакка бурулат жана ошол багытта дээрлик Каракөл көлүнө чейин барат. Харезмдиктер байыркы замандардан баштап бул кумдар аркылуу жолдорду ачышкан.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш


1. Табигый шарттарды этибар алып, бул аймакта кандай кесиптер өнүккөн? Пикириңди негизде.
2. Харезмдин тарыхында кандай шаарлар болгон?

## Ой жүгүртүү үчүн

Бул доордо Харезмдиктер Хурасан жана Иран менен маданий-соода байланыштарын жолго коюшкан. Харезм өлкөсүндө сугарылуучу дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, мал чарбачылыгы жана соода-сатык, илим-билим, көркөм өнөр, алсак, айкелчилик жогору деңгээлде өнүккөн. Күндөлүк турмушта мал чарбачылыгы жана балык уулоо менен алектенишкен. Алардын турмуш тиричилигинде, негизинен, балык, коон, ашкабак, жапайы жийде жана тыт өзгөчө орун туткан.

Харезм кол өнөрчүлөрү тарабынан аябай кооздолуп жасалган чопо идиштер сарайларга көрк берип турган.


5



## Чыгармачыл иш

1. Сенин оюнча, берилген сүрөттөрдө көрсөтүлгөн кайсы багыт Харезмде мамлекетчиликтин өнүгүшүн тездеткен?
2. Харезм жөнүндөгү билимдериңе таянып, бул аймакта жашаган адамдар кандай теориялык жана практикалык билимге ээ болгонун айт жана пикириңди негизде.
3. Улуу жибек жолу аркылуу Харезм кошуна мамлекеттерге кандай продуктуларды жеткирип берген? Пикир билдирүүдөн мурда сугарылуучу дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, мал чарбачылыгы, соода-сатык жана айкелчилик багыттарынын өнүгүшү натыйжасында кандай кошумча багыттарга зарылчылык туулушун ойлоп көр.

4




1



2



3





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Билесиңби?

Коргонуу жагынан борбор (Топураккалаа) өтө бекемдеп курулган болуп, шаар дубалынын ортосунда бекем дарбазакана болгон. Дарбазанын каршысында шаардын борборунан кесип өткөрүлгөн көчөнүн эки жагын тең бойлой шаардыктардын турак жайлары жайлашкан. Шаардын борборунан жогорураакта жайлашкан ибадаткана комплекси, ал эми анын бурчтагы бөлүгүндө бийиктиги 25 метр болгон көп мунаралуу харезмшахтар сарайы бой көтөргөн. Сарайдын имараттары — шахтын эки кабаттуу сарайы жана сонун турак жайлардын дубал текчелери түрдүү мазмундагы түстүү сүрөттөр, бөртмө ганчтуу орнаменттер жана айкелдер менен коздолгон. Калаанын аянты болжол менен 20 гектарды түзгөн

Бул доордо Харезмде айланасы бекем дубалдар менен курчалган шаарлар, чептүү кыштактар аябай көп болгон.

Алсызданып бара жаткан Каң мамлекетинен адегенде Харезм бөлүнүп чыкты. Аны жергиликтүү афригийлер династиясына таандык харезмшахтар башкарган.

Биздин замандын 305-жылында харезмшах Африг өзүнүн резиденциясын Харезмдин байыркы борбору Кат шаарына көчүрдү. Кат кайра калыбына келтирилип, анын алдында жайлашкан Алфир сарайынын ичинде шах өзүнө жаңы сарай курдурду. Дал ошол маалдан баштап Харезмдин Афригий падышалары тыйындын алды жагына шахтын, арт жагына чабандестин сүрөтү салынган күмүш тыйындарды согуп, өлкөнүн ички жана тышкы соода мамилелеринде көз карандысыз болуп алышкан.

Абу Райхан Беруний

Харезм мамлекетинин борбору баштап Каракалпакстандын азыркы Элүүкалаа районунда жайлашкан байыркы Топураккалаа шаары урандысынын ордунда болгон.




Афригийдин падышасы Шовсафардын тыйыны



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Харезмде VIII кылымга чейин зардуштийлик дининин таасири күчтүү болгон. Зардуштийлик ибадатканаларында дин кызматчылары – мобаддар (диний аземдерди аткаруучулар) диний аземдерди муундан муунга сактап калуу жоопкердигин алган.

Бул жараян өзүнө мүнөздүү билим очогунун милдетин да аткарган. Мобаддар тарбияланучуларга зардуштийликтин акыл-насаатын, туура жолго баштоо жана агартуу, ошондой эле тарбия турмуштун эң маанилүү таянычы экендигин уктурушкан. Билим очокторунда балдарга, негизинен, окуу, жазуу жана аскердик өнөрүнөн сабак берилген. Ошондой эле, аларга жалаң чын сүйлөөнүн зарылдыгы уктурулган. Жалган сүйлөө чоң кылмыш эсептелген.

**Афригийлер** – Харезмде III–X кылымдарда бийлик жүргүзгөн харезмшахтар династиясы. Династиянын негиздөөчүсү – Африг.
**Бүркүт** менен **ылаачын** Харезмдин бийлик символдору болгон.

## Чыгармачыл иш

6-класс тарых предметинен алган билимдериңе таянып жооп бер:

1. Зардуштийлик качан пайда болгон? Зардуштийлик менен байланыштуу кайсы салттар эсиңде?
2. Пикирди улант: Балдарга ... пикир, изги ..., ... амал принциптери үйрөтүлгөн.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн



### Хубби жөнүндө уламыш

Харезмде Амударыя менен байланыштуу көптөгөн уламыштар кездешет. Алардан бири суунун кудайы Хубби жөнүндө. Уламыш боюнча, Хубби балыкты бир колу менен кармап, күнгө сунчу экен жана аны күндүн шооласында кууруп жейт экен. Хубби сууга чөккөндөрдү куткарган. Союлган өгүздөргө жан киргизген.

Жамшид аттуу өкүмдар такка отурган учурда Хубби дайынсыз жоголуп калат. Аны деңиз канышасы уурдап кеткен. Ал эми Хуббинин апасы уулун Амударыяда ыйлап издеген. Хуббинин апасы өзүнүн элин дарыяда согушууга үйрөтөт. Ошондон улам Харезмде кайыктардын тумшугунда ошол аялдын айкели орнотулган.

Харезм диний көз караштарында суу ыйык эсептелген, ал эми Хубби суунун сакчысы иретинде бархталган. Бул салт Харезмде ислам дини кирип келгенге чейин жашап келген.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. IV–VII кылымдарда Харезм темасындагы билимдериңди инфографика көрүнүшүнө келтир.
2. Эмне үчүн IV–VII кылымдарда Харезм өзүнүн саясий көз карандысыздыгын сактап калууга жетишти?
3. Ошол доордо балдарга берилген таалим жана тарбиянын бүгүнкү күндөгү предметтерге окшош жана айырмалуу жактарын аныкта.
4. Байыркы дүйнө элдеринин уламыштарындагы Хубби образы сыяктуу суу менен байланышкан уламыш каармандарын билесиңби? Алардын мамлекетин жана атын жадыбал көрүнүшүндө көрсөт.
5. Эмне үчүн борбор коргонуу жагынан өтө бекем курулушуна зарылчылык туулган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**5-тема:**

# IV–V КЫЛЫМДАРДА ХИОНИЙЛЕР ЖАНА КИДАРИЙЛЕР



Хионийлердин атчан аскери

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Байыркы дүйнөнүн тарыхында сен массагеттер, сугддар, сактар жана Ахамоний, Грек-Бактрия, Кушандардын тарыхын үйрөнгөнсүң. Бул мамлекеттерди хронологиялык удаалаштыкта эсте.
2. Өлкөбүздүн аймагындагы байыркы элдердин негизги жасаган иштери эмнелер болгон? Алар негизинен кайсы аймактарда жашашкан?

## Ой жүгүртүү үчүн

IV кылымда түркий уруулардан *хионийлер* баштап Зарафшан аймагын ээлеп, түштүктү карай аракет жасаган жана Кушан падышалыгынын аймагында бийлик жүргүзгөн. Алар борбору Тохарстан болгон Түндүк Индия, Ооганстан, Хурасандын бир бөлүгүн да өз ичине алган чоң мамлекетти түзүшкөн. Тарыхта хионийлер аты менен белгилүү болгон уруулардын түпкү мекенин айрым изилдөөчүлөр Аралдын боюнда деп эсептешет. Ал эми Батыштын тарыхчылары хионийлерди хунндарга тууган эсептеп, аларды «*ак хунндар*» деп аташат. Алар бул мамлекетте 120 жылдан ашуун бийлик жүргүзүшкөн.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

V кылымдын 20-жылдарында чыгыштан Сырдарыя жана Арал бойлору аркылуу Харезм менен Амударыянын бассейнине дагы бир көчмөн мал чарбачы калк – *тохарлар* кирип келген. Тохарийлер кушандардын муундары болгон. Аларга Кидар ысымдуу өкүмдар башчылык кылгандыктан, аларды *кидарийлер* деп да аташат. Көп узабай кидарийлер Хионийлер мамлекетинин түштүк бөлүгүндө өзүнүн бийлигин орноткон. Балх шаары бул жаңы мамлекеттин борборуна айландырылган.

Булактарда айтылышынча, кидарийлердин алгачкы мекени Чыгыш Түркстан эле. Юэчжилердин (кушандардын) өкүмдары Сидоло жужандардын чабуулу себептүү өзүнүн резиденциясын Бологого (Балхка) көчүргөн. Ал эми Кидар болсо Түндүк Индияга жортуул жасап, Гандхардан түндүктөгү 5 мамлекетти өзүнө баш ийдирген.

Кидарийлер Индияда Гупта мамлекетин ээлеп, ал жерде 75 жыл бийлик жүргүзгөн жана Кытайга элчилерди жиберген.


Кидарийлердин аскери





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тарыхчы К. Тревердин пикири боюнча, хионийлер IV кылымдын 70-жылдарында өзүнүн күч алган дооруна кирет. Туранда кидарийлер жана эфталийлердин бийлиги орнотулгандан кийин, хионийлердин саясий абалы өзгөрөт жана алар эфталийлерге баш ийип калат.

Тилекке каршы, хионийлер менен кидарийлердин социалдык-экономикалык системасы жөнүндөгү маалыматтар бизге чейин жетип келбеген.

Кидарийлердин түштүктөгү Иран сосонийлери менен мамилеси жамандашып отурган. 456-жылы кидарийлер менен сосонийлердин ортосунда кагылышуу болуп өтөт. Бул кагылышууда кидарийлер сосонийлерден жеңилет.

Кийинчерээк кидарийлер да көчмөн мал чарбачы калк – *эфталийлер* менен кагылышат. Натыйжада, алар Түндүк Индияга чегинет.

Кидарийлердин тыйындары брахмий Урхун-Энесайында согулган. Аларга таандык «Кидара Кушан ша» деген жазуу жазылган тыйындар да табылгандыгы аныкталган. Мындай тыйындар эки аким тарабынан бир мезгилдин өзүндө согулган.



Кидарийлердин тыйындары

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Эгерде сен III–IV кылымдарга барып калсаң, чептерди куруу жана аларды душмандардан коргоо үчүн кандай жол тутмаксың? Доордун шарттарынан келип чыгып жооп бер.
2. Хионийлер жана Кидарийлер мамлекеттеринин аймагын картадан көрсөт.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 6–7-темалар:

# ЭФТАЛИЙЛЕР



### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. IV–V кылымдарда Туран аймагында кайсы элдер жашаган?
2. Алардын жалпы жана айырмалуу жактарын айтканга аракеттен.

### Ой жүгүртүү үчүн

V–VI кылымдарда *Эфталон династиясы*на таандык уруу Туран аймагында бийлик жүргүзгөн. Булактарда *эфталийлер, эфталдар, эфталиттер, хайталдар* өңдүү түрдүү аттар менен аталган эфталийлер уруулардын уюмуна негиз салган. Бул ат теги «Эфталон» деп айтылган шахтын атынан алынган. Аны *Вахшунвар* деп да аташкан.

Ошол доордо Харезм, Сугдияна, Чач жана Бактрия аймактарында керемет имараттарга ээ өз алдынча сепилдер пайда боло баштаган.

Эфталийлер мамлекетине бириккен калктын этникалык курамы ар түрдүү болгон. Экономикалык-соода мамилелеринин ырааттуу жолго коюлушу өлкөдө дыйканчылык, жасалма сугаруу, мал чарбачылыгы, багбанчылык, кол өнөрчүлүк өңдүүлөрдүн өнүгүп-өсүшүнө негиз болгон.

### Чыгармачыл иш

Эфталийлер бийлигинин тушунда эмненин эсебине дыйканчылык, жасалма сугаруу, мал чарбачылыгы, бакчылык жана кол өнөрчүлүк өнүгүп-өстү?






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл иш

1. Эгемендүү мамлекетти башкаруу үчүн дагы кандай факторлор зарыл болот?
2. «Эфталийлер мамлекетинин башкаруусунда белгилүү мыйзам-эрежелер болгон. Мамлекет аскердик күчкө таянган», – деген пикирди түшүндүр. Аскердик башкарууну камсыздоо үчүн кандай тартиптер киргизилет?

Эфталийлердин өкүмдары көрсөтүлгөн сүрөттүн бөлүгү

V кылымда сосонийлер менен эфталийлердин ортосундагы аскердик кагылышууларда эфталийлер кошуунунун үстөмдүк кылышы алардын аскердик чебердигинин жогору деңгээлде экендигинен күбөлүк берет. Фирдавсийдин «Шахнаама» чыгармасында Вахшунвар менен Перуз доорунун окуялары да чагылдырылган. Эфталийлердин падышасы Катулф «Шахнаамада» көрсөтүлгөн ошол элдин Гатфар атуу падышасына окшотулган.

## Ой жүгүртүү үчүн

Эфталийлер V кылымдын баштарында Туранга Чыгыштан кирип келген. Эфталийлер мамлекетинин алгачкы борбору Бухарага жакын жердеги *Пайкент* жана *Варахша* шаарлары болгон. Бул мамлекетке Орто Азиядан тышкары, Чыгыш Түркстан, Ооганстан, Түндүк Индия жана азыркы Пакистандын аймактары да кирген.

Эфталийлердин тушунда бийлик жеке өкүмдар тарабынан башкарылган. Так муундан муунга өтпөй, ошол династиядан ким ылайык деп табылса, ошол такка отурган. Талапкерди аныктап, сунуш кыла турган кеңеш да болгон. Бул кеңеш династиянын абийирдүү кишилеринен жана бийликтин абройлуу ак сөөктөрүнөн турган. Вилаяттарда башкаруу жергиликтүү үй-бүлөлөр (династиялар) тарабынан жүргүзүлгөн. Бул мүлктөр өкүмдар – Шаа (шах)га баш ийген династиялар тарабынан башкарылган. Ал тургай алардын ар бири өзүнүн күмүш же жез тыйындарын соккон.

Эфталийлердин мамлекет башкаруусунда белгилүү мыйзам-эрежелер болгон. Мамлекет аскердик күчкө таянган. Эфталийлердин барган сайын күчөп бара жатканынан коопсураган Ирандагы сосонийлер аларга каршы жортуул жасайт. Сосонийлердин шахы Перуздун 484-жылдагы эфталийлерге каршы согушу анын жеңилиши менен аяктайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Тышкы сооданын бажынан пайда көргөн эфталийлер Жибек жолун өзүнүн көзөмөлүндө кармап турууга аракеттенген. Кытай, Индия, Иран жана Византия менен болгон эл аралык соодада активдүү катышкан. Жибек жолунун соодасында сосоний соодагерлери менен теңтайлашууда негизинен сугдийлер ортомчулук ролун ойногон. Ички жана тышкы соода мамилелеринде эфталийлер эң оболу сосоний өкүмдарларынын күмүш тыйындарынан кеңири пайдаланат. Мындан тышкары, Бухара, Пайканд, Вардона, Нахшаб, Самарканд жана Харезмде жергиликтүү акимдер тарабынан чыгарылган чака тыйындар өлкөнүн ички соодасында кеңири колдонууда болгон.

Бул доордо Туранда айнек өндүрүү өнүккөн. Айнектер түстүүлүгү, жаркырактыгы жана тунуктугу жагынан Византиянын айнегинен жогору турган. Кытай императорлору өздөрүнүн сарайларын кооздоодо Турандан алып келинген түстүү айнектен пайдаланышкан.

## Чыгармачыл иш


1. Эмне себептен эфталийлер бийликтин алгачкы жылдарында сосонийлердин тыйындарынан пайдаланышкан?
2. Кытай императорлору өздөрүнүн сарайларын кооздоодо Турандан алып келинген түстүү айнектен пайдаланышкан. Эмне үчүн Кытайда жана башка өлкөлөрдө мындай айнектерге кардар көп болгон, деп ойлойсуң? Пикириңди негизде.

## Маалымат үчүн

Туран калкынын бир бөлүгү сугд тилинде, ал эми экинчи бөлүгү түркий тилде сүйлөгөн. Бул доордо сугд тилинен эл аралык соода тили иретинде Жетисуу, Фергана, Чыгыш Түркстан, Кытай аймактарында пайдаланылган.

Эфталийлердин алфавити Бактрия жазуусунун негизинде калыптанган. Бул алфавит 25 тамгадан турган.

Эфталийлердин тушунда да балдарга жаштайынан таалим жана тарбия берилген. Айныкса, аскердик иш менен машыгуу өспүрүм уул балдар менен гана чектелбеген. Кыздар да ат минүү, жаадан жебе атуу өңдүү көнүгүүлөрдө катышкан.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн



Эфталийлер, негизинен, зардуштийликке сыйынышкан. Мамлекетте калк теңирчилик, буддизм, монизм, маздакизмге да сыйынган. Шаарларда несториандардын жана еврейлердин жамааттары да болгон.

Туран калкынын маданий салттары кошуна өлкөлөрдүн сүрөттөө ыкмалары менен жуурулушуп, IV–V кылымдар маданиятынын калыптанышында бекем фундаментке айланган.

Эфталийлер чоң аймакта башкарууну колго алгандан кийин, өнүккөн дыйканчылык аймактарына, өнүккөн шаар жана кыштактарга, соода жолдоруна ээ болду.

Убакыттын өтүшү менен эфталийлер жергиликтүү калк менен жуурулушуп кетет. Эфталийлер мамлекетинде шаарлар аябай көп болгон. Ошондуктан 568–569-жылдарда Византия императорунун алдында болгон түрк элчиси императордун: «Эфталийлер шаарларда жашашабы же кыштактардабы?» – деген суроосуна: «Алар шаардык династиялар, улуу урматтуум», – деп жооп берген.

V кылымда **Панжикентте** салыштырмалуу көөнө кыштактын ордуна жалпы аянты 18 гектар болгон жаңы шаар курулат. Ал шаар кийинчерээк бекем коргонуу чептерине, ибадаткана, сарай жана түрдүү социалдык катмарларга таандык турак жайларга ээ эле.

Сугд шаарларынан дагы бири **Пайканд** эле. Байыркы доордо негиз салынган бул көөнө шаар орто кылымдардын тушуна келип кеңейип отурат жана үч бөлүктөн турган ири борборго айланат. Пайканд казууларында орто кылымдарга таандык көптөгөн материалдык маданият буюмдары табылган.

## Чыгармачыл иш



Эфталийлердин тушунда өкүм сүргөн диний ишенимдердин бүгүнкү күндө баалуулуктарыбызга жана үрп-адаттарыбызга таасири сезилеби? Пикириңди негиздөөгө аракеттен.





Эфталийлердин сакалдуу жана таажылуу адам сүрөттөлгөн мөөрү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эфталийлердин атчан аскери

## Маалымат үчүн

IV–V кылымдардагы социалдык-экономикалык турмушта чоң мааниге ээ болгон ири борборлордон (балким, борбор шаарлардан) бири Бухара эле. Тик бурчтук формасындагы бул шаардын негизи 21 гектар болуп, бул жерде бекем коргоо курулуштары, өкүмдардын сарайы, идеологиялык имараттар, турак жайлар бой көтөргөн.

**Бухара** IV кылымдан баштап Турандын ири маданий жана экономикалык борборлорунан бири болгон. Ошондой эле, бул доордо шаардын жети дарбазасы болуп, мындай жагдай анын маанилүү соода-транзиттик жолдун үстүндө жайлашканынан күбөлүк берет.

Бул доордо **Термезде** жана анын айланаларында да шаар куруу маданиятынын тез өнүккөндүгүн байкоого болот. Термездин айланасындагы Зартепа шаары мына ошондой шаарлардан бири. Байыркы доордо чакан турак иретинде пайда болгон Зартепа IV–V кылымдарга келип аянты 17 гектар болгон ири шаарга айланды.

Калаа, сепил жана чептер алгачкы орто кылымдар доорунун өзүнө мүнөздүү архитектуралык үлгүлөрүнөн болуп, Нахшаб аймагындагы Захоки Марон, Бухарадагы Шахри Вайрон, Харезмдеги Фир калаасы ошолордун катарына кирет.

## Чыгармачыл иш

1. Бул доордо Европа мамлекеттеринин өнүгүшү кандай деңгээлде эле?
2. Кандай ойлойсуң, суу имараттарынын курулушу мамлекеттин өнүгүшү үчүн кандай деңгээлде маанилүү?
3. Топторго бөлүнүп, Загарык, Бозсуу, Даргом каналдарынын бүгүнкү көрүнүшү жана абалы боюнча Интернет булактарынан маалымат чогулткула жана презентация даярдагыла.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн


Бухаранын Сугдунда оң жагында өкүмдардын сүрөтү салынган күмүш жана жез тыйындар согулган. Самарканддын Сугдунда V–VI кылымдарда арт жагында тик турган жаачынын сүрөтү салынган күмүш тыйындар согулган. Нахшаб (Каршы) аймагында оң жагында падышанын баш бөлүгүнүн сүрөтү салынган жергиликтүү күмүш жана жез тыйындар мамиледе болгон. Ал эми Харезмде алды жагында өкүмдардын башы, арт жагында атчан чабандестин сүрөтү салынган күмүш жана жез тыйындар согулган.

Азыркы учурда да Ташкент аймагы менен Түштүк Казакстан жерлеринин бир бөлүгүн суу менен камсыздап турган Загарык (Заварык) жана Боз-суу, Самарканд облусу түштүк райондорунун негизги суу булагы Даргом каналы V кылымда курулган эң ири сугаруу тармактарынан эсептелет.



Эфталийлердин тыйыны

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз




Византиялык тарыхчы Прокопий Кесарский минтип жазат: «Эфталийлердин падышасы римдиктерден жана башка падышалардан калышпаган түрдө калкка кам көрөт, өздөрү жана кошуундары менен болгон мамилелерде адилет нормаларына баш иет». Жогорудагы тексттен жана байыркы Рим тарыхы темасынан алган билимдериңе таянып, эфталий өкүмдарларынын башкаруусуна баа бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 8–9-темалар:

# ТҮРК КАГАНДЫГЫ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. VI кылымга чейин жергебизде кандай элдер, мамлекеттер болгон?
2. Түрк кагандыгы жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. «Түрк» сөзүнүн маанисин билесиңби?



Бумин каган

### Ой жүгүртүү үчүн

VI кылымдын ортолорунда Алтай жана Түштүк Сибирде жашаган түркий урууларды бириктирген жаңы мамлекет пайда болду. Бул мамлекет тарыхка *Түрк кагандыгы* аты менен кирген. Жетисуу жана Чыгыш Түркстанга туташкан өлкөлөрдө жашаган түркий уруулар баш ийдирилип, *Алтай* кагандыктын борбору кылып белгиленет. Анын негиздөөчүсү *Бумин* эле. Ага «*Ябгу каган*» деген наам берилет.

Ошол доордо Сырдарыя менен Арал деңизинин бойлоруна чейин созулган кең өлкө Түрк кагандыгынын аймактары болгон. Кагандыктын эфталийлер кол астындагы аймактарга аскердик коопу күчөйдү. Эфталийлер мамлекеттин түндүк аймактарын коргоо менен алектенген бир мезгилде сосонийлер түштүк өлкөлөр – Тохарстан менен Чаганиянды эфталийлерден тартып алат.

Түштүктөн Иран сосонийлеринен, ал эми түндүктөн Түрк кагандыгынан соккуга кабылган Эфталийлер мамлекети бөлүнүп, Амударыянын түштүк жээктерине чейин болгон вилаяттар Ирандын, анын оң жээктерин бойлой Каспий деңизине чейин жаткан жерлер Түрк кагандыгынын карамагына өтөт.

### Чыгармачыл иш

Эфталийлердин тарых сахнасынан чыгып кетишине жана бул аймакта Түрк кагандыгынын орнотулушуна кандай факторлор себеп болгон, деп ойлойсуң?

**Түрк, түркийлер** —эң байыркы жана ири этностордон биринин аты. Түрк сөзү кубаттуу, жеткилең, адилеттүү өңдүү маанилерди билдирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Чоң-чоң уруулар же уруулардын уюму борбордук бийликке баш ийбестикке умтулган. Түрк кагандыгынын карамагында болгон аймактардагы акимдер көз карандысыз болууну каалашкан. Бул факторлор кагандыктын бекем борборлошкон мамлекетке айланышына мүмкүнчүлүк бербеген.

Баш ийдирилген аймактарды жергиликтүү акимдер аркылуу башкаруу тартиби кагандыкты барган сайын алсыздандырган. Анын үстүнө, Византия, Кытай жана Иран менен тынымсыз теңтайлашуу кагандыктын абалын дагы да оорлоштурган. Натыйжада, Түрк кагандыгы VI кылымдын 80-жылдарынын акырларында экиге: Чыгыш түрк кагандыгы жана Батыш түрк кагандыгына бөлүнүп кетет.

Кагандык өзүнүн мамлекеттик идеологиясы боюнча, «эл» деп аталып, байыркы тарыхта аны менен байланыштуу «түбөлүктүү эл», «Теңир эли», «түрк эли» өңдүү терминдер калыптанган. Эл жана каган бийлиги Теңир тарабынан Ашинанын үй-бүлөсүнө – «Түрк будун (эли)не» тартууланганына ишенишкен. Байыркы түрк коому каган Бумин таандык болгон Ашина үй-бүлөсүнүн өкүлдөрүнө өкүмдар иретинде карашкан. Анткени түркийлердин арасында мындай саясий үстөмдүк Теңир тарабынан Ашинанын үй-бүлөсүнө гана ыйгарылган, деген пикир жүргөн. Ошондуктан, Ашина үй-бүлөсүнүн бийлиги ыйыкташтырылган. Эгерде Теңир берген саясий бийлик ишенимди актабаса, башкача айтканда билимин көрсөтө албаса, мындай өкүмдар бийликтен алыстатылып, «Теңир берген саясий бийлик кайра Теңир тарабынан кайтарып алынат», деп түшүнүшкөн.

**Түрк кагандыгы сосонийлердин өкүмдары Хусрав I Анушерван менен эфталийлерге каршы өз ара аскердик уюм түздү. Бул уюм Иран шахынын Түрк каганы Истамиге күйөө болушу аркылуу бекемделет.**

**Алтай кагандыктын борбору иретинде белгиленет. Түрктөрдүн батышты карай жортуулуна Истами башчылык кылат. Ага «Ябгу каган» деген наам берилет.**

**Жетисуу, Чыгыш Түркстан, Сырдарыя жана Амударыянын бассейндери жана аларга туташкан аймак – Батыш кагандыктын, ал эми Түштүк Сибирь, Урхун бассейни (Монголия), Түндүк Кытай Чыгыш кагандыктын карамагында болгон.**

Түрк кагандыгынын картасы






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Түркий тилде сүйлөгөн уруулардын биримдиги кагандыктын негизин түзгөн. Бул биримдикти каган башкарган.

Он миң чабандеси болгон түмөн башы «шад» деп аталган. Он ок элдин жетекчиси бир түмөн (он миң) чабандеске ээ болгон.

Көчмөн мал чарбачы калк «будун» же «кара будун» аттары менен аталган.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бийлик урук-уруу салттарына таянган аскердик-административдик башкарууга негизделген.

Ябгу даражасына каган тукумунан болгондор гана көтөрүлгөн.




Кагандык өтө күчкө кирген учурда Охота деңизинен Крым жарым аралына чейин, Сибирден Индияга чейин болгон аймакты ээлеген.

Он ок будун же элдин акими «ябгу» же «жабгу» аты менен аталган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Вс... кистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл иш

1. Бул көрүнүштөгү башкаруунун бүгүнкү башкарууга окшош жактары барбы?
2. Кандай себептердин айынан өкүмдар бийликтен алыстатылган?

## Ой жүгүртүү үчүн

Түрк кагандыгында мамлекет үрп-адаттар менен гана эмес, ошондой эле жазма мыйзамдуулук документтери менен да башкарылган. Ошол доордо Самаркандда «Түрк мыйзамнаамасы» колдонууда болуп, ал ибадатканада сакталган. Жаза берүү учурунда мыйзамнаамадан пайдаланылган. Байыркы Сугдда да алды-берди, никени каттоого тиешелүү келишимдер күбөлөрдүн ортосунда жазма түрдө түзүлүп, мөөр менен тастыкталган.

## Чыгармачыл иш

1. Дүйнөнүн тарыхы боюнча билимиңе таянып айтчы, ошол доордо Европада жана Чыгыш мамлекеттеринде жана элдеринде мамлекетти башкарууга тиешелүү документтер же мыйзамдар болгонбу?
2. Алардын Түрк кагандыгынын мыйзамдары менен окшош жана айырмалуу жактарын талдап бере аласыңбы?



Фергана өрөөнүндө Кувадан жана Коргондөбөгө жакын жердеги Ажынадөбөдөн будданын ири айкелдери табылып үйрөнүлдү. Ажынадөбө буддасы айкелинин бою 12 метрге барат. Учурда Душанбе шаарындагы Улуттук археология музейинде сакталат.



...предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошол доорго таандык Орхун-Энесай эстеликтеринин жазууларында Теңир жалгыз, түбөлүктүү, өмүр берүүчү, жаратуучу, өлтүрүүчү, өкүм чыгаруучу, жардам берүүчү, жазалоочу, пенденин дубасын кабыл алуучу, коргоочу, бооруна алуучу, бардык нерсени билүүчү, адамдарга илим берүүчү жана жол көрсөтүүчү сапаттары менен макталган.

Изги иш, изги пикир, изги сөз

**Түрк кагандыгында ишенимдердин көрүнүшү**

- Теңирчилик
- Зороастризм
- Монизм
- Христиандык
- Буддизм
- Шамандык



Ааламдын башаты эки карама-каршы жаратуучу – жарык менен изгилик жана караңгы менен жамандыктан турат, деп эсептелген. Сыйынуу, орозо, кайрымдуулук монизм дининин негизи эсептелген.

Түркийлерде илгери карышкыр кудайлаштырылган жана көптөгөн белгилерде анын сүрөтү болгон.



Бул дин жанга, рухтарга ата-бабалардын рухуна сыйынуу ишенимин тарбиялаган. Байыркы түрктөрдө «шаман» сөзү болбогондуктан, динин «кам» деп айтышкан.



## Чыгармачыл иш

1. Эки топко бөлүнүп, Түрк кагандыгы жана эфталийлердин тушунда калк ишенген диндерди салыштыр жана алардын жалпы жактарын айтып бер.
2. Тобуң менен диний ишенимдердин идеясын жана мазмунун ачып берүүгө аракеттен.
3. Учурда элибиздин жашоо мүнөзүндө, каада-салттарында ата-бабаларыбыз сыйынган ошол диндердин таасири сезилеби? Пикириңди негизде.
4. Элибизде карышкыр тотеми менен байланыштуу кандай үрп-адаттар сакталып калган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Теңирчиликтин окуусу боюнча, Теңир – бул көгүлтүр Асмандын, улуу Асмандын ээси. Анын түбөлүктүү мекени – асман. Ошондуктан көк түс улуулуктун символу эсептелген.



Теңирчиликте төрт жагы бирдей фигура – «аджи» диний символ болуп эсептелген. Ошондуктан, түркийлер аны маңдайларына кызыл түстө чийип жүрүшкөн.

## Маалымат үчүн

Түрк кагандыгынын идеологиялык негизи шамандык – ата-бабаларга, Асманга (Теңирге) жана жер-суугa сыйынуу болгон.

Түркийлер өлүмгө таптакыр ишенишпеген. Өмүр белгилүү айланын ичинде бүткүл мейкиндикти бойлой айланып жүрөт, деп ишенишкен. Ошондон улам, алар адамдын биологиялык өлүмүнөн коркушпаган жана аны өмүрдүн табигый улантылышы, деп карашкан. Алар өлүмдү бир жашоодон экинчи жашоого өтүү деп ишенишкендиктен, мүрзө кийим-кечеси жана күндөлүк зарыл буюмдары менен кошо көмүлгөн.

Түркийлер адам тирүү кезинде бардык диний милдеттерди толук аткарууга тийиш, болбосо, алар жаман рухтардын катарынан орун алат, деген окууга катуу ишенишкен.

## Чыгармачыл иш

**Текстти оку: мүрзөдөн табылган буюмдарга негизденип, «Коончу маданияты» (азыркы Ташкент облусу Жаңыжол шаарынын аймагында) хронологиялык жактан кайсы тарыхый доорго таандык экендигин аныкта.**

«Коончу доорунун көрүстөндөрү, негизинен, топурак сепилдерден жана үстүнө таш үйүлгөн жер астындагы атайын мүрзөлөрдөн (катакомбалардан) турган болуп, алардын мүрзөканалары (камералары) да күмбөздүү, кең жана жер бетинен кыйла тереңде жайлашкан. Ар бир катакомбанын мүрзөсүндө бир нече (үй-бүлөлүк) чалкасынан жаткырылган скелеттер кездешет. Скелеттердин баш жана аяк жагында чопо идиштер, эркектердин кол алды жана бел бөлүгүндө темирден иштелген аскердик жана эмгек шаймандары, ал эми арт жагында үч кырдуу жана шибеге сымал куйма негиздүү темир жебелер бар. Аял скелеттеринин кол-бут сөөктөрүндө, көкүрөк клеткасынын көңдөйүндө түрдүү таш жана металл жасалгалар кездешет.

Байыркы түркийлер согуш талаасында каармандык көрсөткөн ата-бабалардын рухуна өзгөчө көңүл бурушкан. Аларга сыйынуу түркийлерде жети атанын жасаган иштерин мыкты билүү салтын калыптандырган».

Ахмадали Аскаров, «Өзбек элинин этногенези жана этникалык тарыхы»




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Түрк кагандыгы кайсы мамлекеттер менен чектеш болгон?
2. Берилген сүрөттөрдү үйрөнүп, түрк кагандыгында кайсы кесиптер жана кол өнөрчүлүктүн түрлөрү өнүккөндүгү жөнүндө маалымат берүүгө аракеттен. Билдирген пикириңди башка предметтерден алган билимдериңе таянып негизде.















*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 10–11-темалар:

# БАТЫШ ТҮРК КАГАНДЫГЫ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Түрк кагандыгынын экиге бөлүнүп кетишинин себептерин айт. Сенин оюңча, бөлүнүүнүн алдын алууга болор беле?
2. Мамлекет менен жарандардын бөлүнүшү кандай натыйжаларга алып келет, деп ойлойсуң?
3. Өлкөбүздүн аймагы кайсы Түрк кагандыгынын курамында болгон?

### Ой жүгүртүү үчүн

Батыш кагандык социалдык, экономикалык жана маданий жактан Чыгыш кагандыктан таптакыр өзгөчөлөнүп турган. Батыш кагандык калкынын чоңураак бөлүгү отуруктуу дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соода-сатык менен алектенген.

VII кылымдын биринчи чейрегине келип, Батыш кагандык өнүгөт. Каган Тоң ябгу бийлик жүргүзгөн доордо башкаруунун тартиптери реформаланат. Вилаят акимдерин кагандыктын администрациясы менен тикеден-тике байланыштыруу жана алардын үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү максатында жергиликтүү өкүмдарларга кагандыктын «ябгу» наамы берилет.



Шаардын калкы кол өнөрчүлүк жана соода-сатык менен алектенген. Карапачылык, токуучулук, булгаарычылык, мискерлик, темирчилик жана зергерлик өнүккөн. Кол өнөрчүлөр жасаган жасалгалар жана курал-жарактар ар түрдүүлүгү жана өтө мыктылыгы менен өзгөчөлөнүп турган.

Кытайдын булактары, «түрктөр туруктуу жашоо ордуна ээ болушпаса да, алардын ар биринде бөлүп берилген жер бар экендиги» жөнүндө маалымат берет. Мына ушундай «бөлүп берилген жерлерде» дыйкандар суу булактарынын жана кайрак жерлердин мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып, негизинен, дан эгиндерин өстүрүшкөн. Мөмөлүү дарактардан бак тургузууга өзгөчө көңүл бурушкан. Булактын тили менен айтканда, «(мөмөлүү) дарактар салабатын көрсөтүп турган».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Кагандыкта уруу жана элеттерди бириктирүү жана башкаруу, салыктарды жана олпоңдорду өз убагында жыйнап алуу үчүн атайын административдик жана аскердик-саясий башкаруу системасы киргизилген.

Каган өзүнүн жардамчылары – тудундардын жардамында көз карандысыз бийликтердин үстүнөн көзөмөлдү күчөйтүргөн.

Кагандык өзүнүн керектөөсүнөн жана турмуш зарылчылыгынан келип чыгып, төмөнкү реформаларды ишке ашырган:

– «ондук» системасын түзүү;

– вассал бийликтердин аймагында өзүнүн сарайларын куруу;

– мамлекетти башкарууну өркүндөтүү жана башкалар.



## Ой жүгүртүү үчүн

Батыш Түрк кагандыгынын Суяб (Ак Бишим), Бешбалык (Турфан), Эк-тоо (Чыгыш Түркстан) өңдүү шаарлары кагандыкта резиденциянын милдетин аткарган.

Мамлекеттин башкаруусунда кагандыктын бардык муундарында кызмат ээлери аскердик наамга ээ болушу шарт эсептелген.

Кагандыктын борбордук башкаруу системасы, негизинен, мамлекеттин тынчтыгын сактоо, мамлекеттин жерлерин кеңитүү, салык системасы, ички жана тышкы соода, дипломатиялык мамилелер жана башкалар менен алектенип, өздөрү басып алган аймактардагы башкаруу системасына белгилүү деңгээлде эркиндик берилген. Ошондуктан да Фергана, Сугд, Чач, Тохарстан, Харезм жана башка мүлктөрдөгү башкаруу тартиби негизинен жергиликтүү династиялардын колунда болгон. Мисал үчүн, Сугд жана Ферганада жогорку өкүмдар – «ихшид», Тохарстанда – «маликшах», Харезмде – «харезмшах», Кеште – «ихрид», Бухарада – «худат», Уструшонада – «афшин», Чачта – «тудун» деп аталган. Борбордук бийликке бажы төлөп туруу менен гана алар өз көз карандысыздыктарын белгилүү деңгээлде сактап калышат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Өкүмдарлар кай жерде кандай аталган?

Түрк кагандыгынын тушунда Сугддун аймактарына азыркы Панжикенттен Карманага чейин болгон жерлер кирген. Ал эми Бухара VII кылымдан баштап көз карандысыз мүлктөрдүн биримдигинен турган. Сугддун жергиликтүү акимдери айрым учурларда Чач жана Харезмдин көз карандысыз өкүмдарлары менен биригишкен. Мындай ири саясий бирикмелер белгилүү мөөнөттөрдө ири шаарларда өздөрүнүн курултайларын өткөрүп турушкан. Фергана Сугд саясий уюмуна кирбеген, ал өз алдынча көз карандысыз мамлекет эле.

Түрк кагандыгынын курамындагы түрдүү элдердин жашоо мүнөзү да түрдүүчө эле. Көчмөн мал чарбачы түрктөрдө жамааттык салттар күчтүү болгон. Көчмөндөрдүн негизги алектенүүсү мал чарбачылыгы болчу. Шаардын калкы кол өнөрчүлүк жана соода-сатык менен алектенген. Ал тургай кол өнөрчүлүк буюмдарын жасоо үчүн Фергана жана Сугдда алтын, темир, жез, Илакта коргошун, күмүш жана алтын, Шахрисабзда таш жана туз казып алынган. Соодагерлердин арасында Сугд соодагерлеринин орду бийик болгон. VII кылымдын биринчи жарымында Батыш Түрк кагандыгы менен Кытайдын ортосунда айныкса экономикалык байланыштар өнүктү. Бул доордо Кытайга тогуз жолу соода элчилиги жиберилет. Бир гана 627-жылдын өзүндө Бухара, Самарканд, Иштыхан жана Уструшонадан (Жызак жана Ородөбө вилаяттары) бириккен аябай чоң соода кербени Кытайга жетип барат.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Соода менен алектенүү үчүн кандай билимдер керек болот?
2. Текстте: «Карапачылык, токуучулук, булгаарычылык, мискерлик, темирчилик жана зергерлик өнүккөн», дейилген. Кол өнөрчүлүктүн бул багыттары өнүгүшү үчүн кандай жөндөмдүүлүктөр керек болот?
3. Өлкөбүздө бүгүнкү күндө кандай мөмөлөр өстүрүлөт? Кандай дан эгиндерин билесиң?
4. Берилген сүрөттөрдүн негизинде кагандыктагы адамдардын алектенүүсү жөнүндө аңгеме түз. Сүрөттөрдөгү ар бир тетикке көңүл бур. Бүгүнкү күндө адамдар алектенген кайсы кесиптер улантылууда жана кайсылары дагы да өркүндөгөн?







Бул доордо да өлкөбүздө материалдык жана руханий маданияттын жаңы-жаңы кайталангыс үлгүлөрү жаратылды. Түрдүү окумуштуулардын, адистердин талашына себепчи болгон түрк-руникалык, Урхун-Энесай жазуусу, Култегин эстеликтери, Билге каган эстелиги жана ушул сыяктуу уникалдуу табылгалар түрк жазма маданиятынын көөнөлүгүнөн жана ар түрдүүлүгүнөн күбөлүк берет.

Туран жергесинде түркий жазуу менен бир катарда сугд жана харезм жазуулары да кеңири колдонулган. Сугд жазуусу солдон оңго карай жазылган. Шаарларда сугд-түрк кош тилдүүлүгү кадимки салт болгондугу жөнүндө Махмуд Кашгарийдин «Девани лугатит түрк» (XI кылым) чыгармасында да баса белгиленген. Бул жазууларда ата-бабаларыбыздын чоң тарыхы, бай маданиятына таандык маалыматтар чагылдырылган.

Учурда улуттук майрамыбыз болгон Нооруз майрамы ошол доорлордо да кеңири белгиленген.

## Чыгармачыл иш

Учурда Нооруз майрамында биз кандай улуттук оюндарды уюштурабыз?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Түрк кагандыгынын тушунда Орто Азияда дыйкандар тарабынан жерлерди ээлөө жараяны барган сайын өрчүп, зулум күчөйөт. Өздөрүнүн жер-мүлкүнөн ажыраган кашоварздар мүлктүү дыйкандарга баш ийип, көз каранды кадиварларга айланат. Калк жакырчылыкка, зомбулукка жана дыйкандардын туткунуна каршы баш көтөрүүгө аргасыз болот. Ошондой элдик козголоңдордон бири Бухарада болуп өтөт. Козголоңго кагандын үй-бүлөсүнө таандык Абруй жетекчилик кылат. Козголоңдон чочулаган мүлктүү дыйкандар менен бай соодагерлер Бухара вилаятын таштап, Түркстандын жана Тараздын айланасына барып орношот. Алар түрк каганына кайрылып, козголоңчуларга каршы күрөштө жардам берүүнү суранышкан. Түрк каганы Карачорун уулу Шери Кишвар (Эл Арстан) баштаган кошуунду жиберет. Абруй өлтүрүлүп, козголоң бастырылат. Кадиварлар менен кызматчылар өздөрүнүн кожоюндары – дыйкандарга кайтарылат.

## Булактарда

Дыйкандар менен байлар бул вилаяттан качышты жана Түркстан менен Таразда (жакын жерде) бир шаар курушту, анткени Бухарадан качып кеткен топтун раиси саналган бир улуу дыйкандын аты Хамук эле. «Хамук» деп, Бухаранын тилинде берметке айтылат, ал эми «кет» — шаар, башкача айтканда «Хамукет — берметтин шаары» дегени. Бухаранын тилинде улуу адамга «хамук», баланча бермет дешет.

Ал эми Бухарада калган адамдар өздөрүнүн (качып кеткен) кол башчыларына киши жиберип, Абруйдун зулумунан куткарууну сурашат. Ошондо кол башчылар менен дыйкандар түрктөр падышасынын алдына барышат — анын аты Каражурин түрк болуп, улуулугу себептүү ага Бийогу деп ат коюшкан — жана Бийогудан өтүнүчүн аткарууну суранышты. Бийогу Шери кишвар ысымдуу өзүнүн уулун көп жоокер менен жиберди. Шери кишвар Бухарага келгенден кийин, Байкандда Абруйду кармап, туткунга алды...

Шери кишварга бир вилаят жагып калып, атасына кат жиберди жана андан ошол вилаятты талап кылып, Бухарада туруу үчүн уруксат беришин суранды. Бийогудан: «Ал вилаятты сага арнадым», — деген жооп келип, Шери кишвар Хамукетке киши жиберип, Бухарадан качып кеткен адамдарды үй-бүлөсү менен Бухарага алдырып келди... Шери кишвар Бухаранын шахристанын курду. Ал жыйырма жыл падышалык кылды. Андан кийин болгон башка падыша Искажкат, Шарг жана Ромтин кыштактарын курду, андан кийин Фарахший (Варахша) кыштагына негиз салды.

Абу Бакр Наршахийдин «Бухаранын тарыхы» китебинен

Абруй козголоңу, сүрөтчү В. С. Кайдалов



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Дагы көңүл бурчу жери, ошол доорлордо залкар ата-бабаларыбыз өздөрүнүн жеткилең урпактары жөнүндө да тынымсыз кам көрүшкөн. Ошондуктан перзент 5 жашка чыгышы менен аны билим алууга багыттап, эң оболу, сабатты жана эсепти үйрөнүүгө үндөшкөн. Балдар өспүрүмдүк жашына жеткенден кийин болсо аларды дүйнө таануу, соода-сатык иштерин үйрөнүү үчүн атайын өкүлдөрдүн демөөрчүлүгүндө чет өлкөлөргө жиберишкен.

## Чыгармачыл иш

1. Туранга кошуна аймактарда, Европа элдеринде билим алуу жараяны кандай калыптанган эле?
2. Сугддарда балдарынын алаканына тыйын коюп, тилине бал сүртүү адаты болгон. Мунун себеби эмнеде деп ойлойсуң?

## Маалымат үчүн

Түрк кагандыгында белгилүү деңгээлде иштеп чыгылган кылмыш мыйзамдуулугуна баш ийилген. Жасалган кылмыш үчүн жазанын негизги түрлөрү – өлүм жазасы, адамдын мүчөлөрүн кесип салуу, зыянды төлөө, мал-мүлк түрүндө айып төлөөдөн турган. Мисал үчүн, булактардын кабар беришинче, өлүм жазасы мамлекетке каршы кылмыштар үчүн (козголоң көтөрүү, чыккынчылык) жана адилетсиз же атайылап адам өлтүргөндүк үчүн берилген. Уурулук же бузукулук кылган кишинин колу же буту кесилген. Жеке адамга каршы карата жасалган башка кылмыштар жеткирилген зыянды он эсе кылып төлөө, жаракат жеткиргени же майып кылганы үчүн мал-мүлк түрүндө айып төлөө менен жазаланган.

## Чыгармачыл иш

Байыркы жана орто кылымдарда сен билген дагы кайсы мамлекеттерде кылмыш жана жаза системасы боюнча мыйзам документтери болгон? Алардын жалпы жана айырмалуу жактары барбы?

## Ой жүгүртүү үчүн

Ошентип, Батыш Түрк кагандыгы өз доорунда кең аймактарга жайылган эң ири мамлекет болгон. Анын өкүмдарлары Кытай, Иран жана Византия менен болгон мамилелерде көп жылдар бою өзүнүн таасирин көрсөтүп келген. Ошондой эле кагандык доорунун материалдык жана руханий маданияты, анын теңсиз үлгүлөрү Туранзамин элдеринин турмушун толугу менен өзүнө мүнөздүү түрдө чагылдырып гана калбай, алар ата-бабаларыбыздын ар тараптан жөндөмдүү, изденүүчү экендигинен да күбөлүк берет.



Батыш Түрк кагандыгынын тыйыны



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

XX кылымдын 60-жылдарында Самаркандда автомобиль жолунун курулушу учурунда бульдозер жер тегиздөө иштерин жүргүзүп жатып, жердин астынан түстүү дубалдын бир нече чоң бөлүктөрүн сүрүп чыгарды.

Анын эмне экендигин аныктоо үчүн адистер чакырылат. Адистер бул табылгаларды аныкташкандан кийин курулуш иштери токтотулуп, археологиялык казуулар башталат.

Натыйжада Афрасияб (Байыркы Самарканд) шаарынын урандылары табылат.

Бир нече бөлмөлөрдүн урандыларынан кээ бирлеринин дубалдарында түстүү боёктор – темпера (жумуртканын сарысына түстүү минералдын күкүнү аралаштырылып даярдалат) менен иштелген дубал сүрөттөрү табылды.

Алардын ичинде, айныкса, бир бөлмөдөн табылганы кыйла жакшы сакталып калган. Дубалдар, супа бышпаган кыш менен баксадан курулган. Кире бергенде, тушта такка окшош отургуч жайлашкан болсо керек, супанын ошол бөлүгү томпойуп тургандыгы аныкталган.

Бөлмөнүн дубалдарындагы сүрөттөрдө шахтын ак сөөктөрү, Чаганиян, Тохарстан, Чыгыш Түркстан, Чач, Чын-Мачын, Индия жана башка өлкөлөрдөн келген элчилер, алып келинген ат-унаалар, белектер жана аң уулоо сахнасы чагылдырылган. Сүрөттөр өтө назик иштелип, жогорку кооздук сезими менен боёлгон.



## Чыгармачыл иш

1. Бүгүнкү күндө Афрасияб аты менен аталган кандай жерлерди жана маалыматтарды билесиң?
2. Самарканддын аймагы байыркы Грек жана Рим булактарында кандай аталган?

«Бул көөнө шаар дүйнөлүк мааниге ээ болгондуктан, ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк маданий мурасынын тизмесине киргизилген жана ага «Самарканд – маданияттар тогошкон жер» деген сөздөр жазып коюлган».

Хуберт Гизен, ЮНЕСКО башкы директорунун орунбасары, 2016 ж.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Түрк кагандыгынын аброю дүйнөдөгү кайсы мамлекеттердин аброю менен тең эле?

2. Бул доордогу дүйнөнүн башка чөлкөмдөрүндөгү мамлекеттердин жашоо мүнөзү жана мамлекетчилик түзүлүшү кандай эле? Жамаатың менен **Дүйнө тарыхы** сабагынан алган билимдериңдин жана кошумча маалыматтардын негизинде презентация даярдоого аракеттен. Өзүңө жаккан мамлекет жөнүндө көбүрөөк маалымат бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 12–13-темалар:

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИКТЕРДИН ТҮЗҮЛҮШҮ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Түрк кагандыгынын тушунда кайсы аймактар өзүнүн көз карандысыздыгын сактап калды?
2. Фергана, Сугд, Чач, Тохарстан, Харезм вилаяттарын картадан көрсөт. Эмне себептен бул вилаяттар өзүнүн көз карандысыздыктарын сактап калган?

### Ой жүгүртүү үчүн



V–VII кылымдарда Түрк кагандыгы бир канча бийликтерге бөлүнүп, 15 тен ашуун көз карандысыз бийликтер түзүлөт.

Түрк кагандыгынын алгачкы башкаруу жылдарында жергиликтүү башкаруу системасына олуттуу өзгөрүштөр киргизилбегенин башкарууда көптөгөн жергиликтүү түркийлердин ишкердиги менен да түшүндүрүүгө болот. Бирок Түрк кагандыгы экиге бөлүнгөндөн кийин, Батыш Түрк кагандыгы бул маселеге чукул көңүл бурду.

Бул доордо административдик реформалар ошол кагандык менен жергиликтүү башкаруунун ишин макулдаштырууга багытталды. Ошондой эле, кагандык түркийлеринин отуруктуу турмушу жана өзүнө мүнөздүү мамлекетчилик салттары эфталийлердин тушундагыга салыштырмалуу айырмаланган.

Түрк кагандыгынын жергиликтүү династиялардын башкаруусун сактап калуудан максаты отуруктуу өлкөлөрдө саясий туруктуулукту камсыздоо, экономикалык өнүгүүнү токтотпостук жана аскердик жактан аларга жардамдашуу болгон.

Мындан тышкары, жергиликтүү өкүмдарлардын көпчүлүгү Түрк кагандыгынын өкүмдарлары менен жакындашып, туугандык байланыштарын орнотушу кагандык дипломатиясынын чебердигин күчөткөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

**Тохарстан**да 27 тоо жана тоо алды аймактарынан турган көз карандысыз бийликтер болгон. Анын борбору Балх шаары эле. Азыркы Түштүк Өзбекстан, Түштүк Тажикстан жана Түндүк Ооганстанды өз ичине алган бул тарыхый вилаят түндүктө Гисар тоолору, түштүктө Индикуш, батышта Мургаб жана Херируд өрөөнү, чыгышта Памир менен чек араланган.

Тохарстан калкынын негизги бөлүгү отуруктуу дыйканчылык менен алектенген. Кол өнөрчүлүктө, айныкса, курал жасоо, айнек жасоо, токуучулук өнүккөн. Тохарстан Индия, Жакынкы жана Ыраакы Чыгыш өлкөлөрү менен соода-маданий байланыштарды орноткон, ички соода мамилелеринде өзүнүн чака-тыйындарынан пайдаланган.


Тохарстанга тиешелүү чептин көрүнүшү



## Чыгармачыл иш

1. Тохарстан Индия, Жакынкы жана Ыраакы Чыгыш өлкөлөрү менен соода-маданий байланыштарын орноткон. Аймакта кайсы маданияттардын таасири күчтүү болгон деп ойлойсуң?
2. VI–VII кылымдарда кайсы вилаят же шаарларда көз карандысыз бийликтер башкаларына караганда көп болгон жана мунун негизги себеби эмнеде?

## Ой жүгүртүү үчүн



Байыркы Варахша сарайынын азыркы реконструкциясы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Көз карандысыз бийликтердин арасынан эң ириси **Сугд ихшиддери** – аймактын өкүмдарлары эле. VI–VII кылымдарда мамлекеттер биримдигинин уюмунда Сугд ихшиддери чоң саясий абройго ээ болгон. Зарафшан өрөөндөрүндө жайлашкан Самарканд, Бухара жана Кашкадарыя аймагындагы Кеш вилаятынын он бир ири мүлктөрү бириккен. Алардын ар бири өзүнүн акимине, аскердик чакарларына жана жез акча бирдигине ээ эле.

Сугдда калк жыш болуп, сугдийлер дыйканчылык жана багбанчылык менен алектенишкен. Мал чарбачылыгында Сугддун гисары койлору жана тулпарлары аябай белгилүү болгон. Сугд шаарлары бул доордо кол өнөрчүлүктүн борборуна айланат.

Самаркандды борбор кылган Сугд Каң мамлекетинин ыдырашынан кийин көз карандысыз мамлекетке айланган. Сугд Түрк кагандыгы менен Батыш Түрк кагандыгынын вассалы болгону менен, өзүнүн кылымдар бою келген жергиликтүү административдик башкаруусун сактап, түркий башкаруу салттары менен байыды. Түркий мамлекеттин башкаруусундагы туугандар ортосундагы бийлик жана кагандын абсолюттук бийлиги Сугдда калыптанган эзелки демократиялык принциптерден айырмаланган. Чжаоу үй-бүлөсү менен «он ок» династиясынын өкүлдөрү Сугдда мамлекетти падыша аркылуу эмес, ири дыйкан, соодагер жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

шаар кызмат адамдарынан турган Аксакалдар Кеңешинин жогорку органы аркылуу башкарган. Аксакалдар Кеңеши падышалык-ихшиддик бийликти чектеп койгон эле. Ихшиддер Аксакалдар Кеңешинин алдында эсеп берип турган. Каган тон ябгунун (618–630) административдик реформалары да салттык жергиликтүү башкаруу принциптерин дээрлик өзгөртпөдү, тескерисинче тудундар, тархандар аркылуу аны бекемдеди. Алар өз милдетинин чегинде экономикалык абалды көзөмөлдөөгө, салыктарды чогултууга, аскердик маселелерди чечүүгө жана кагандык менен тыгыз байланышты камсыздоого кызмат кылды. Бул саясий жана экономикалык туруктуулуктун жана өнүгүүнүн кепили болуп калды.

**Фергана** өкүмдарлары *ихшид* деп аталган. Ферегананын жерлери аябай түшүмдүү болуп, калкы дыйканчылык менен алектенген, пахта жана шалы өстүргөн. Касан, Аксыкат (Хушкат) жана Кува (Куба) өңдүү ири борбор шаарларында кол өнөрчүлүктүн түрдүү багыттары өнүгүп, алардын продуктулары ички жана тышкы базарларда аябай өтүмдүү болгон. Кошуна өлкөлөргө боёк, түстүү айнек буюмдар жана дары-дармектер чыгарылган.

Фергана өрөөнүндө отуруктуу калк менен бирге мал чарбачылар да жашашкан. Курама жана Карамазар тоолорунун жан боорлорунда байыртадан жылкычылык менен алектенишкен. Бул өрөөндө өстүрүлгөн тулпар жылкылардын даңкы дүйнөгө таралган.



### Чыгармачыл иш

1. Кошумча булактардан Ферегананын «асман жылкылары» жөнүндө маалымат чогултуп, аларды классташтарың менен талкууга алгыла.
2. Эмне үчүн «асман жылкылары» дегенде ар дайым Ферегананын жылкылары эске келерин топторго бөлүнгөн түрдө негиздеп бергиле. Анын бүгүнкү күндөгү маанисин ачып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Шаш** (Ташкент аймагы) Чырчык жана Ахангаран бассейндериндеги дыйканчылык жана көчмөн мал чарбачыларынын аймактары тогошкон өлкөдө жайлашкан. Чач Жибек жолунун түндүк-чыгыш багытында стратегиялык мааниге ээ аймак эсептелген. Илгери Чачта отуруктуу жергиликтүү калктын турактары пайда болгон болсо, VI–VIII кылымдын баштарында алардын саны көбөйүп отурган.

Ал эми Түрк кагандыгынын тушунда түркийлер аймакта жетекчи күчкө айланды. Бирок аймактын түркий өкүмдарлары мамлекет иштерин жүргүзүүдө сугдий тил менен жазуудан пайдаланышкан. VII–VIII кылымдарга таандык тыйындарын да сугдий жазууда жана тилинде соктурушкан. Алар илимде *түрк-сугд үлгүсүндөгү тыйындар* деп айтылат.

Чачта сугдий менен жазуунун катарында түркий тил менен жазуунун колдонулушу Канха шаарынын урандысынан табылган чопо идиштеги түрк-руникалык жазууларда чагылдырылган. Алар аймактын VI–VIII кылымдардагы этникалык абалын да көрсөтөт.

Улуу жибек жолу Каӊ мамлекетинин тушунда соода кербендери аркылуу чоӊ аймактагы мүлктөр менен шаарларды, ошонун катарында, Сугд менен Чачты өз ара байланыштырган болсо, Эфталийлердин тушунда Чачтын Жибек жолундагы чоӊ стратегиялык мааниси төмөндөбөдү. Ошондуктан, Сосонийлердин падышасы Хусрав I дин эфталийлерге каршы күрөшү баяндалган булакта, Чач Фергана өӊдүү эфталийлердин чек ара аймагы иретинде келтирилген. Бул доордо Чач Сугд жана башка мүлктөр өӊдүү өзүнүн көз карандысыз ички жана тышкы саясатын уланткан.

Ю. Ф.Буряков
«Алгачкы орто кылымдардагы Чачтын тарыхынан»



Чаганиян менен Чачтын элчилери Сугд өкүмдары Вархумандын алдында. Афрасияб урандыларынан табылган

Чачка сугдийлердин кирип келиши жергиликтүү ак сөөктөрдүн отурукташып, зардуштийликти кабыл алышына себеп болгон.
Чач көптөгөн диний конфессиялар тогошкон чөлкөм болгондуктан, бул жерде жергиликтүү түрктөрдүн теӊирчилик, христиандыктын несториан агымы, монизм өӊдүү диндер да таралган.


«Чач» арабдар тарабынан «Шаш» деп аталган. Анткени араб алфавитинде «ч» тамгасы болбогон.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





VI кылымдын экинчи жарымынан Чачта Түрк кагандыгынын бийлиги орнотулуп, аймак калкынын этникалык курамында түркийлердин үлүшү кескин ашты. Жергиликтүү түркий тилдүү калк кагандыктын өкүлдөрү сыяктуу «*түрк*» деп аталат. Чач вассал мүлк иретинде Истами ябгу-кагандын карамагында, кагандык экиге бөлүнгөндөн кийин, Батыш Түрк кагандыгынын курамында болду. Каган Чачка аким этип Тегин Тянчжини (605–609) дайындайт. Тегин Тянчжи Батыш Түрк кагандыгы жараткан экономикалык жана саясий эркиндиктен пайдаланып, Кытай менен дипломатиялык байланышты орнотту.



Тегиндердин династиясы Чачты башкарды. Чачтын административдик башкаруусунда тегинден кийин салык чогултуу боюнча көзөмөлчүлөр – *тудундар* (салык жыйымдарын көзөмөлдөөчүлөр) турган. 618-жылы бийликке келген Батыш Түрк өкүмдары Тон ябгу өзүнүн резиденциясын Чачка жакын жердеги Миңбулак деген жерге көчүргөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Улуу жибек жолу кеңири жайылган аймактарды карта түрүндө дептериңе сүрөттөп бер. Ар бир окуучу өзү чек аралап чийип чыккан картасын сабактын аягында классташтары менен талкууга алат.
2. Улуу жибек жолунун негизги товарлары жөнүндө тизме түз жана алардын ичинен бүгүнкү күндө да өзүнүн маанисин жоготпогон товарлардын астына сыз:







Чачтын тыйындары,
625–725-жылдар



Тон ябгунун башкарууда реформаларды өткөрүп, баш ийген өлкөлөргө өзүнүн өкүлдөрүн – *элтабарлар* [эл (мамлекет) башкаруучулар]ды жиберди. Түшө турган салыктын көзөмөлүн тудундар аркылуу ишке ашырды.

Бул доордо борбордун көчүрүлүшү саясий жана экономикалык маселелерди чечүүнү, айныкса, Жибек жолунда соода көзөмөлүнүн жана соода ишинин жандanышын камсыздады. Аймакта дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк өнүгүп, көптөгөн турактар, калаа жана шаарлар бой көтөрдү. Тышкы соодада мамлекет *Лашкарак күмүштөрүн, Тункет жана Токкет металлдарын, көгүлтүр бирюзаларын* четке чыгарды. Ички базар үчүн да тыйындар согулду. Чачтын аймагында Батыш Түрк каганы Тарду кагандын аты чегилген тыйындар, кийинчерээк тон ябгу кагандын *ябгу-кагандын акчасы* деп аталган тыйындар мамиледе болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул тыйындардын өзүнө мүнөздүү жагы сугдий жазуусунда жазылгандыгы эле. Түркий акимдер тарабынан сугдий жазуулуу тыйындардын мамилеге киргизилиши экономиканын өсүшүнө жана эл аралык сооданын өнүгүшүнө жардам берген. Алсак, Чачтын соодагерлери сугдий соодагерлер (тужжарлар) менен четке продукт алып чыгып, чет өлкөдөгү турактарында бир жамаат болуп жашашкан. Бул соода байланыштары кагандыктын казнасына киреше келтиргендиктен, кагандык өзүнүн аймагындагы бардык соодагерлерди коргоого алган.

V–VII кылымдарда Туранда, бир жактан, жерге ээлик кылуу мамилелеринин орнотулушу жана бекемделиши, экинчи жактан, көчмөн мал чарбачыларынын токтоосуз интенсивдүү кирип келиши жана отурукташуусу байкалды. Бул факторлор шаар жана кыштактардын көрүнүшүнө, калкынын жашоо мүнөзүнө жана социалдык абалына олуттуу таасир көрсөттү.

## Чыгармачыл иш

Эмне үчүн V–VII кылымдардагы өнүккөн мамлекеттердин мөөрлөрүнүн алды жагында өкүмдардын, ал эми арт жагында өз доору үчүн маанилүү буюм же жаныбарлардын сүрөтү салынган? Мунун өз доору үчүн тарыхый мааниси кандай?



Зангтепа чеби



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Зирааткер жерлер кеңейип, дыйканчылык аймактарынын суу менен камсыздалышы түп-тамырынан жакшырды. Тоо этектериндеги аянттарга суу чыгарылып, жаңы жерлер өздөштүрүлдү. Шаарларда эл көбөйдү. Кыштактарда *«заңгыраган сарай», «сарай», «сепил»* жана *«коргончо»* аттары менен атагы чыккан чептүү турак жайлар бой көтөрдү.

Чептүү сарай, сепил жана заңгыраган сарайлар, негизинен, тышкы душмандын чабуулуна каршы коргонуу имаратынын, чакарлар чогулчу жердин, административдик борбордун, азык-түлүк жана курал-жарак сактала турган кампанын милдетин өтөгөн.

Орто кылымдарда шаарлар үч бөлүктөн турган. Алар *«көхандиз», «шахристан», «рабат»* деп аталган. Шаарлардын үч бөлүгү тең өз алдынча дубалдар менен курчап алынган. Алардын бир нече дарбазалары болгон. Шаардын дубалдарын бойлой агып өткөн анхор (канал) аңдын милдетин аткарган.

Х кылымда жашаган араб авторлорунун (Ибн Хавкал жана Иштахрий) белгилешинче, бир гана Бинкаттын (Ташкенттин) жыйырма эки дарбазасы болгон.



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

Жадыбалдын негизинде Туран аймагында жашаган элдердин жашоо мүнөзүн Европа менен Чыгыштын башка мамлекеттериндеги жашоо менен салыштыр.

| Коомдун түрдүү багыттары | Туран аймагында | Европа элдери | Славян элдери | Чыгыш Азия: Кытай, Корея, Япония |
|---|---|---|---|---|
| Мамлекетчилик формасы жана өнүккөндүгү | Афригийлер, кидарийлер,….. | | | |
| Мыйзамдуулук документтери | | | | |
| Шаарлары | | | | |
| Диний ишенимдери | | | | |
| Экономикалык багыты | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**14–15-темалар:**

# ТУРАН ЭЛДЕРИНИН АСКЕРДИК ӨНӨРҮ



## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Мамлекеттин турмушунда аскерлердин орду кандай деңгээлде маанилүү, деп ойлойсуң?
2. Кошуунсуз да мамлекет болобу?

## Ой жүгүртүү үчүн

Темабыздын негизги бөлүгүнө өтүүдөн мурда Туран терминин тарыхы менен таанышабыз. «Туран»термини баштап «Авестодо» тилге алынган. Тарыхчылардын пикири боюнча, түрлөр (түрктөр) арий элдердин тармагы эсептелген. VI кылымда Орто Азия аймагы Түрк кагандыгына өтүшү менен бул эки термин жуурулушуп, Туран аты менен түрктөргө карата берилчү болду.

«Туран» же «Түркстан» дейилгенде, Амударыя менен Сырдарыядан түндүктө, Чыгыштагы Улуу Кытай дубалына чейин болгон түркийлердин өлкөлөрүн түшүнүү зарыл.

> «Бул жердин (Маварауннахр) калкынын ишениминче, Жайхундун артынан Чыгышты карай созулган жерлер Туран, ал эми Батышты карай созулган жерлер Иран деп аталат. Кайкавус менен Афрасияб бул мамлекеттерди өз ара бөлүштүргөндө, Туран Афрасиябга, ал эми Иран Кайкабаддын уулу Кайкавуска тийген».
>
> Ибн Арабшах



...тельно в образовательных целях
...ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дүйнөлүк аскердик өнөрдүн өнүгүшүндө түркий элдер өзүнө мүнөздүү орунду ээлейт. Араб жазуучусу Жахиз түркий элдердин өзгөчөлүктөрү жөнүндө жазылган «Манокиб ат-атрок» деген чыгармасында «Сосоний-перстер бардык элдерден мамлекетти башкаруу жаатында, кытайлыктар — кол өнөрчүлүктө, гректер — илим-билимде, түрктөр — аскердик иште үстөмдүк кылат», — деп жазат.

## Чыгармачыл иш

Чогуу иликтейбиз. 4 топко бөлүнүп, араб жазуучусу Жахиздин пикирин үйрөнгүлө. Эмне үчүн төрт эл мына ушул багыттарда үстөмдүк кылган, деп айткан? Пикириңди негиздөөгө аракеттен.

- Сосоний-перстер — мамлекетти башкаруу жаатында
- Кытайлыктар — кол өнөрчүлүктө
- Гректер — илим-билимде
- Түрктөр — аскердик иште

## Чыгармачыл иш

Эфталийлердин жана Түрк кагандыгынын тушунда аскердик өнөрдүн өнүгүшүнө кандай зарылчылыктар себеп болгон, деп ойлойсуң?

Түркиялык окумуштуу профессор Усман Турандын «Түркий элдердин идеологиясы» аттуу китебинде жазылышынча, түркийлер:

- Аттан биринчи болуп согуш каражаты иретинде пайдаланышкан.
- Ээр-жабдык, үзөңгү жана тизгин сыяктуу шаймандарды ачышкан.
- Чындыктар түрктөрдөн атка мингенди, узун кылычтан пайдаланганды жана жоокер кийимин жасаганды үйрөнүп алышкан.
- Чатыр-мончо жана ооруканаларды ачып, аларды кошуун менен кошо атта алып жүргөн.
- Түрктөр өмүрүн аттын үстүндө өткөргөн: алар аттын үстүндө тамактанган, кеңеш өткөрүшкөн, согуштарга киришен.
- Куюндай пайда болуп, куш өңдүү заматта көздөн кайым болгон.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Түрдүү доор жана элдердин аскерлери:
1 –Хурасан оор атчаны (VII кылым);
2 – Туран түрк жоокери (VIII кылым);
3 – араб жөө аскери (VII кылым);
4 – перс атчан жаачысы (VII кылым)

## Ой жүгүртүү үчүн

Туран аймагы биздин замандын V кылымында эфталийлердин курамына кирген. Эфталийлер өлкөдө кушандардын саясатын улантып, Орто Азия, Чыгыш Иран, Түндүк Индия жана Чыгыш Түркстандын элдерин жеке мамлекетке бириктирген. Эфталийлер күчтүү, негизинен атчандардан турган кошуунга ээ болушкан. Эфталийлер согушта негизинен чокморлордон пайдаланышкан. Ошондой эле, жаа жана кылычтарды да колдошкон.

Демек, өлкөбүздүн элдери аскердик саясат жүргүзүү, кошуундун күжүрмөндүгүн күчөтүү, курал-жарак жасоо жана алардан пайдалануу, коргоо курулуштарын тургузуу өндүү багыттарды тынымсыз өркүндөтүп отурган. Түрк кагандыгынын тушунда аскердик өнөр дагы да өнүккөн. Ар бир ибадатогдун алдында уюштурулган билим очокторунда

Бул доордо Сугдияна, Тохарстан, Фергана, Харезм жана Чач өндүү көз карандысыз бийликтер да өзүнүн кошуунуна ээ эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жигиттерге атта эркин жүрө алуу, кылыч уруштуруу, жаадан ок үзүү, күрзү иштетүү, күрөшкө түшүү, палакман атуу өңдүүлөр үйрөтүлгөн.



Бул доордо жигиттерде гана эмес, ошондой эле кыздарда да чабандестик, жаачылык өңдүү жөндөмдөр калыптандырылган.

Кагандык армиясынын негизги бөлүгү атчан жоокерлерден жана жарым-жартылай жөө аскерлерден түзүлгөн. Жоокерлер бөрктөлгөн согуш кийимдерин, соот кийишкен. Алар калкан, узун жана ичке найза, согуш балтасы жана жаа менен куралданган.

Бул доордо кескич куралдын жаңы түрлөрү – *кылыч* жана *дудама* (эки миздүү канжар), узун жана оор кылыч – палаш пайда болгон. Ар бир атчан жоокердин карамагында аз дегенде эки же үч ат болгон. Бул талыккан жылкыларды талыкпаган жылкыларга алмаштыруу мүмкүнчүлүгүн берген. Аттар да чопкуттуу абзел менен корголгон. Түрк кагандыгынын армиясы түрдүү бөлүнмөлөр – *ондук, жүздүк, миңдик, он миңдиктерден – түмөндөрдөн* түзүлгөн.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Ар бир түмөн өзүнүн туусуна (белгисине) ээ болгон. Бул белги узун найзага карышкырдын же башка бир жаныбардын алтын жалатылган башы жана жылкынын жалы менен кошо орнотулган.

Түрк жоокерлери тартипке сөзсүз баш ийген жана алар өз доору үчүн жеңилгис күч эсептелген. Чабуул, адатта, күтүлбөгөндө башталган. Согуштагы тактык, шамдагайлык жана ылдам аракеттер жеңишти камсыз кылган. Алар чегинүү түрүн көрсөтүү өңдүү аскердик тактика усулунан кеңири пайдаланышкан. Коргонуу учурунда айлана усулун колдошкон. Согуш тактикасында душмандын негизги күчтөрүн эки же бир нече бөлүккө бөлүп салып, жексенин чыгарган.

Туран аскердик өнөрүндө оор куралданган чабандестер – атчан аскерлер жана аларга мүнөздүү согуш усулдары V–VI кылымдарда да чечүүчү мааниге ээ эле. Түркий чабандестер тарабынан үзөңгүнүн ойлоп табылышы атчан аскерлердин аттын үстүндө бекем отуруу жана оор жарактар менен куралдануу мүмкүнчүлүгүн берген. Кошуундар оор куралданган аскерлерден тышкары жеңил куралданган атчан жана жөө жоокерлерден да турган. Шаарларда адистешкен курал-жарак устаканалары иштеп турган. Жоокерлердин куралдары да өркүндөтүлгөн. Куралчылар жасаган коргоочу жарактар жоокерди башынан аягына чейин коргогон.



Сугд жоокерлери жөнүндө кытайлык саякатчы тарабынан жазылган эстеликтерде төмөнкүдөй маалымат бар: «Самарканд акиминин уруусунан болгон көпчүлүк жоокерлер эр жүрөк жана кайраттуу болуп, өлүмдү тоотпогон. Согуштарда эч бир душман аларга туруштук бере албаган. Алар согуш учурунда курал-жарактын бардык түрлөрүнөн чебердик менен пайдаланышкан».

## Чыгармачыл иш

1. Кытайлык саякатчынын сөздөрү сага кайсы каармандарды эстетти?
2. Сугд жоокерлеринин куралданышына таандык текстке негизденип, ошол доордо кол өнөрчүлүктүн кайсы тармагы мыкты өнүккөндүгү жөнүндө пикир билдир.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жоокерлердин үстөмдүгүн эки жактуу курч миздүү кылычтар камсыздаган. Сооттор да узун болуп, алды жана артында кесиктери бар кайыштан турган. Бут жана колдорун коргоо максатында металлдын бөлүктөрүнөн атайын даярдалган соот кийишкен. Коргоо каражаттарынын бири болгон туулга темирден жасалган. Туулга желкеге түшкөн чопкуттуу жамынма менен бирге болгон.

Бул доордо шаарлар, чептер жана башка имараттар коргоо максаттарына ылайык түрдө курулган. Туран элдери өздөрүнүн шаар-чептерин иш билгилик менен коргогон. Ири дыйкандардын Харезм, Сугд жана Тохарстандан табылган үй-коргондору форттуу коргоо дубалдарына жана жаадан ок үзүүгө арналган жылчыктарга ээ болгон. Коргонго кириш жеринин тушуна орнотулган кабар берүүчү сактык мунарасынын алдындагы суу толтурулган аңдын үстүнө орнотулган көтөрмө көпүрө аркылуу гана өтүүгө болгон. Коргондорду найза менен куралданган жоокерлер кайтарып турган. Кооптуу кабар болгондо жоокерлер дубалдардагы жана форттордогу өз ордуларына шашкан. Душмандар сарайга кириш үчүн аңды толтурушу, дарбазаны бузушу керек болгон. Сарайдын коргоочулары дубалдан туруп алардын баштарына таштарды таштаган, кайнаган суу куюшкан, найзаларды, жаанын жебелерин жамгырдай жаадырышкан.



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Бул доордо Европа жана башка Чыгыш мамлекеттеринин аскердик көрүнүштөрү кандай эле?
2. Эмне үчүн Туран аймагындагы аскердик курал-жарактар дүйнөгө белгилүү жана кең тараган?
3. Жогору сапаттуу чабуулду жана коргоо куралдарын иштеп чыгаруучу атайын борборлорду түзүү үчүн кандай билимдер керек болгон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 16–17-темалар:

# VI–VII КЫЛЫМДАРДА ТУРАН ЭЛДЕРИНИН МАДАНИЙ ТУРМУШУ






### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

Алган билимдериңдин негизинде төмөнкү суроолорго жооп берүүгө аракеттен:

1. Кербен жолдору аркылуу Түрк кагандыгына кайсы мамлекеттердин маданияттары кирип келген жана алардын таасири кандай болгон?
2. Байыркы тарыхыбыздан сөз кылуучу эң байыркы жазма булак жөнүндө маалымат бер. Булак кайсы тилде жазылган? Өлкөбүздүн аймагында байыркы элдердин маданият деңгээли кандай болгон? Мисал келтир.
3. Адамзаттын маданиятын белгилөө үчүн кандай факторлор этибар алынат? Маданияттын деңгээли эмнелер менен ченелет? Берилген сүрөттөрдүн негизинде доордун маданиятына баа бер.







...предоставлена и...ительно в образовательных целях
...U.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Өлкөбүздүн тарыхында билим берүү системасынын өнүгүшү көпкө созулган тарыхый жараян болуп, жазуунун пайда болушу менен бул жараян дагы да тездешкен. Байыркы таш жазмалар, тери, чопо, жыгач (тактай) жана кийинчерээк кагазга түшүрүлгөн маалыматтар билим берүүнүн тарыхынан сүйлөгөн булак эсептелет. Археологиялык табылгалар, кол жазмалар, Бехустун жазуулары жана башка жазуулар, соода байланыштары бул аймакта билим берүү мыкты жолго коюлганын көрсөтөт. Байыркы тарыхыбыздан кабар берген эң байыркы жазма булак «Авестодо» диний гана эмес, ошондой эле дүйнөлүк билимдер, тарыхый окуялар жана руханий-агартуу жөнүндөгү маалыматтар чогулган.

Харезмдеги Жанбаскалаа менен Топураккалаадан табылган зардуштийлердин ибадатканасы кооз имараттардын ортосунда кош дубалдар менен курчалган жана ичкери карай айланма жолу болгон тик бурчтуу имарат болгон. Бөлмөлөрдөн териге жана жыгачка жазылган түрдүү мазмундагы документтер жана чоң-кичине айкелчелер табылган. Ал эми бул ибадатканага туташ имараттарда билим окутору, укук органдары, административдик-чарбалык иштер менен алектенген жайлар болгондугунан күбөлүк берет.

Харезмде уул балдарга окуу, жазуу, эсеп үйрөтүлгөн. Ошондой эле, аларга география, зоология, ботаника, астрономия, инженердик, медицина жана архитектура өңдүү түрдүү предметтерден билим берилген.



Аң уулоо сүрөттөлгөн жез идиш. Эфталийлер доору, V кылым. Пакистандан табылган

### Чыгармачыл иш

Жогорудагы аң уулоонун сүрөттөлүшү боюнча, чакан эссе жаз.



Монийлердин сугдий тилдүү диний китебинин үлгүсү

## Чыгармачыл иш

1. Кандайдыр чет тилин өздөштүрүү үчүн сага кандай шарт жана жабдуулар керек. Мисалы: окуу китеби, карта, лингофон...
2. Ар бир ири шаар жана облуста билим берүүнүн тарыхынан сүйлөгөн булактарга көңүл бурулганда, адегенде кайсы маалыматтарга таянуу керек?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Зардуштийлик динине таандык Чылпык калаа (Амударыя району, Каракалпакстан)

## Ой жүгүртүү үчүн



Өлкөбүздүн аймагында жашаган элдер теңирчилик, зардуштийлик, буддизм, христиандык жана башка диндерге сыйынышкан. Ар бир диндин ибадатканаларында атайын мектептер болуп, билим алуучуларга көбүнесе диндин негиздери үйрөтүлгөн. Сабаты чыгарылган. Алсак, буддизм окуусу менен байланыштуу салттар үйрөнүлгөндө, ар бир ибадатканада дин кызматчыларын даярдай турган билим берүү мекемелери болгондугу аныкталган. Мисал үчүн буддизмдин окуу жайлары – винараларда негизги предмет иретинде Дахарма, башкача айтканда диний мыйзам-эрежелер жана кудайдын маани-маңызы жана эрки (теология) жөнүндө билим берилген.



Еврейлер Ассурия куугунтуктоосунан Иранга, Самарканд жана Бухарага көчүп келишет. Еврей жамааттары менен бирге байыркы Месопотамиянын маданияты да кирип келет. Еврей ибадатканаларынын алдында диний билим үйрөтүлгөн мектептер ачылган. Туран аймагынан өткөн соода жолдорунда жазуу материалдары жана китептер кымбат баалуу товарлар эсептелген.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

V кылымда Самарканд менен Бухарада христиандык таралып, диний мекемелер түзүлгөн. Христиан дининин билим берүү маселелеринде «Перзенттериңер Масихтин тарбиясын алсын; алар Кудайдын алдында момундук, Кудайдын алдында күчтүү сүйүү эмнени билдиришин, Кудайдан коркуу канчалык сонун жана улуу экендигин жана анда тунук акыл менен жүргөндөрдү куткарууну үйрөнүшсүн», деген принципке баш ийип, ошол аймактардагы ибадатканаларда мектептер ачылган. Сугддагы чоң несториан жамааттарынын документтери сугд тилинде жазылган.



Мерв шаарынын урандылары



Тунюкук жазуулары VIII кылым

## Чыгармачыл иш

1. Топторго бөлүнгүлө жана жаңы алфавит түзүп көргүлө. Аны презентация жасагыла. Аны жаңы түзүлгөн алфавитте жазууга аракеттенгиле.
2. Кандай көйгөйлөр пайда болду?

| Топто иштөө жараянында | Текст жазуу жараянында | Презентация жараянында |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

3. Кандай ойлойсуң, жаңы алиппени жалпы коомго алып кирүү үчүн канча убакыт керек болот, кандай иш-чараларды аткаруу керек? Бул алиппени кийинки муундар да билиши үчүн эмнелерге көңүл буруу керек?
4. Түркий өкүмдарлар мамлекет иштерин жүргүзүүдө сугдий тили менен жазуусунан пайдалангандыгынын оң жана терс жактарын аныкта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Мен каган Тунюкук Чында дүйнөгө келдим. Анткени ал мезгилде түрк улуту Чынга көз каранды эле... Түрк улуту бытыранды болду жана бириккен түрк өлкөсүндө жамаат түрүндөгү эл калбаган эле... Баштап Шаддын (Кутлугдун) алдында кагылышты. Мен да алар менен бирге элем. Теңир мага сезим бергендиги себептүү анын каган болушу үчүн аракеттендим жана өзүн да аргасыз кылдым. Ал: «Тунюкук мени менен бирге болгондо мен Элтариш (улутту чогулткан) каган болоюн», дейт. Чындыктардын бул таза күчтү жок кылуу жолуна түшкөнүн билген заматым күндүзү отурбай, түнкүсүн уктабай каганга даттандым, душмандар бирикпестен үстүнө ат салалы, дедим. Теңирдин жардамы менен душманды жок кылдык. Каган жана түрк улуту Отуканга орношору менен Түштүк жана Түндүк, Чыгыш жана Батыштагы бардык уруулар келип келип бизге кошулду».


Тунюкук жазуулары

## Ой жүгүртүү үчүн

Түрк кагандыгында маданият жана көркөм өнөр да өнүккөн. Кагандыкта өзүнө мүнөздүү жазуу да болгон. Түрктөрдүн түркий рун (көк түрк) каты бири экинчисине туташып кеткен 38–40 тамгадан турган. Ал таш жана жыгачка оюп жазуу үчүн өтө ыңгайлуу болгон. Байыркы көк түрк (Култегин жана Билге каган) жазуулары Алтай жана Чыгыш Түркстандан тышкары, Жетисуу, Фергана жана Зарафшан өрөөндөрүнөн табылган мүрзө таштарында, чопо жана металл буюмдарда, жыгач жана тыйын акчаларда сакталып калган.




Сурхан оазисинде Балалыкдөбө жана Зарафшан өрөөнүндө Панжикент, Варахша жана Афрасияб, Фергана өрөөнүндө Кува урандыларынан табылган эстеликтер – дубал сүрөттөрү, айкелдер жана ганчка оюлган орнаменттер ошол доордун белгилүү көркөм чыгармаларынан эсептелет. Алар адамдардын турмушу, диний ишеними жана жашоо мүнөзү, билимдери жана кызыгуулары жөнүндө баяндоочу булак саналат.



Айкелчиликтин өнүгүшүнө, айныкса, буддизм дини күчтүү таасир көрсөткөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Сүрөттө сугдийлер жана тохарийлер берилген. Сүрөттүн негизинде аңгеме түз. Алар кандай майрамды белгилешүүдө?
2. Сүрөттөгү кийимдерге көңүл бур, бүгүнкү күндө алардан кайсылары салттан чыкпаган? Алардын кийимдери сага бүгүнкү күндөгү кайсы элдердин улуттук кийимдерин эсиңе салат?





## Ой жүгүртүү үчүн

Афрасияб, Варахша, Панжикенттеги казуулардан табылган буюмдар Туран калкынын маданиятынан кабар берет. Сарай жана ибадаткана, турак жай имараттары, дубалдардагы орнаменттер, түрдүү сүрөттөр, айкелдер, жыгачка оюлган буюмдар, Муг тоосунан жана Афрасиябдан табылган сугд жазуулары ошолордун катарына кирет.

Бул доордо токуучулук өнөрү жогорку деңгээлде өнүккөн. Тоолуу жана тоо этегиндеги аймактарда жүн, өрөөндөрдө жибек жана жип кездемелер колдонулган. Кийимдерде бир түстүү же көп түстөгү жибектер, жылмакай же орнаменттүү жип кездемелер, зер кошуп токулган кездемелер колдонулган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





## Ой жүгүртүү үчүн

Орнаментте негизинен геометриялык фигуралар, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын сүрөттөрү эки-үч же төрт түстө берилген. Түстөр комплекси кызыл, сары, жашыл, ак, кара түстөрдөн турган. Туран кездеме борборлорунда «зանданачи» өңдүү көк түстүү жибек жана башка кездемелердин иштеп чыгарылышы чыптамалуу тегиз, каптама кийимдердин пайда болушуна алып келди.

Эркектеринин кийими атка мингенге ыңгайлуу болуп, алар кыска кафтан жана көйнөктөн, кең жана бийик кончтуу өтүктөн турган.

Аялдардын кийими эркектер кийиминин жыйнагына окшош болуп, көйнөктөр, чепкендер, бир жактуу кайтармалуу жамынмалар көрүнүшүндө эле. Алардан тышкары сүйрөлмө узун көйнөк, кемсал, белдемчи жана ичигилерди да кийишкен. Үстүңкү кийимдеринин (желек, жамынма жана ичик) узундугу тизеге чейин болгон. Кийимдин жакасы, этеги, алды, жеңинин учу башка түстүү кездемеден жасалган кыюу менен коолдолгон. Аялдардын кийимдер жыйнагында кемсалдар, түз формалуу белдемчилер жана узун көйнөктөр болгон.

Туранда денеге чыпталып туруууга ыңгайлуу өткөрмө жеңдүү кийимдер пайда болгон. Чепкен жана жамынмалардын жасалгаларында кушандардын туника сымал көйнөгү жасалгаларынын таасири сезилерлүү. Жамынмаларда түрдүү түстөгү кездемелерден жасалган кыюулар болгон.

Эркектер менен аялдардын костюмунда жасалгалар маанилүү роль ойноgон. Алар кишинин социалдык абалын көрсөткөн. Аялдар менен эркектер зирек, кол жана бут билериктерин, шуру, кур тагынышкан. Тохарстанда эркек жана аял кызматчылар гана кур тагышкан, ал эми ак сөөк аялдар белдерин курчашпаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Төмөнкү жадыбалдын негизинде Туран элдеринин маданий турмушуна мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү белгиле.

| Билим берүү системасы | Диний ишенимдери | Кол өнөрчүлүк | Кийинүү маданияты |
|---|---|---|---|
| | | | |

2. Өз учурунда Туран элдеринин маданияттары дүйнөлүк маданиятка кандай таасир көрсөткөн?

Варахша, дубалдагы сүрөт.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 18–19-темалар:

# VII–VIII КЫЛЫМ БАШТАРЫНДА ТУРАНДА САЯСИЙ ЖАГДАЙ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

Дүйнө тарыхы предметинен алган билимдериңе таянып төмөнкү суроолорго жооп бер:

1. VIII кылымда дүйнөдө кандай маанилүү өзгөрүштөр болду? Бул өзгөрүштөр бүгүнкү күндө кандай мааниге ээ?
2. Сосонийлер мамлекети арабдар тарабынан качан басып алынды? Социалдык-саясий жараяндардын тарых сахнасындагы ордун кантип негиздөөгө болот?
3. Араб халифаттыгынын кошуундары тарабынан сосонийлер Иранынын жеңилиши Туранга кандай таасир көрсөткөн?

### Ой жүгүртүү үчүн



Сосонийлердин аскерлери

Сосонийлердин өз ара ички согуштарынын, эфталийлер, византиялыктар жана түркийлер менен болгон тынымсыз кагылышууларынын натыйжасында Ирандын эли алсыраган эле. Жергиликтүү өкүмдарлар да арабдарга каршы күрөштө борборго жардам беріштен баш тартты. Натыйжада сосонийлердин бийлиги кулады.

Өз доорунун кудуреттүү мамлекеттеринен бири саналган сосонийлердин Ираны Араб халифаттыгынын кошуундары тарабынан басып алынгандан кийин, баскынчыларга Маварауннахрды карай жол ачылды.

Араб баскынчылары чоң олжого үмүттөнүп, Амударыянын аркы жагы – Маварауннахрды карай шашылышты. Ал тургай бул кыймылды Кудайдан деп да билишти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Арабдардын баскыны Маварауннахр менен Хурасандын тарыхында чоң өзгөрүштөрдү жасады. Буга чейин Орто Азиянын аймагындагы жергиликтүү бийликтер Батыш Түрк кагандыгынын вассалы болсо да, көз карандысыз ички саясат жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эле. Күчтүү борборлошкон бийлик жоюлуп, өлкө бир канча мүлктөрдөн түзүлгөн конфедерацияга биригип турган болчу.

Алсак, Сугд менен Тохарстан мүлктөргө, Чач менен Илак кагандык вассалдыгындагы жарым көз карандысыз мүлктөргө, ал эми Фергана бийликтерге бөлүнүп кеткен эле. Уструшона, Чаганиян, Кабобадиян, Хутталон, Рашт, Дарваз, Бадахшан өңдүү өлкөлөр да жарым көз карандысыз мүлктөр иретинде өзүнүн акимдери тарабынан башкарылган. Ар бир мүлктүн өкүмдары ички көз карандысыз болгондуктан, өздөрүн көп да борборго көз каранды, деп эсептешпеген. Бул араб баскынына каршы Маварауннахр элдеринин биригишине тоскоол эле. Батыш жана Чыгыш Түрк кагандыктарынын аскердик үстөмдүгү гана Туран калкынын араб баскынына каршы күрөшүн уюштурушу мүмкүн эле. Ошондой эле, бул доордо Балх, Хутталон, Чаганиян, Чач, Уструшона жана Сугд калкынын чоң бөлүгүн кужүрмөн түркийлер түзгөн.

Ошондон кийин араб кошуундары түркий династия башкарып жаткан Тохарстандын чек араларына чыкты. Арабдарга каршы перс, түрк жана сугд кошуундарынын уюму аракет жасап, Балхты кайтарып алды.

Ал жердеги казна колго киргизилгенден кийин, сосоний кызмат адамдары түрктөр менен биригүү планына каршы чыгып, түрктөрдү «эзелки душман» экендиги шылтоосунда арабдар менен келишүүнү туура тапты. Бул болсо арабдар тарабынан Мервди ээлөөгө шарт түздү. Халифаттыктын Хурасандагы өкүлү менен Мервдин калкы ортосунда келишимге кол коюлду. Түрктөрдүн Балхты таштап чыгышы баскынчылардын Маварауннахрга жортуул жасоо мүмкүнчүлүгүн күчөйттү.

Мерв Туран (Хурасан) шаарларынын арасында биринчи болуп араб баскынчылары тарабынан ээленген шаар эле.

Чөлкөмдө арабдарга олуттуу тоскоол боло турган күч да жок эле. Анткени Тан империясынын Батыш Түрк кагандыгына чабуулдары батыш түрктөрдү эки фронтто күрөш жүргүзүүгө аргасыз кылып жатты. Туран мүлктүгү жана Батыш Түрк кагандыгындагы саясий жагдайдын жамандашуусу арабдардын аскердик жортуулун тездештирди.

Өз доорунун кудуреттүү мамлекеттеринен бири саналган сосонийлердин Ираны Араб халифаттыгынан жеңилгенден кийин, баскынчыларга Мавараунахрды карай жол ачылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

651-жылы арабдар Мерв шаарын, андан кийин азыркы Ооганстандын түндүк, Ирандын түндүк чыгыш бөлүгүн жана Түштүк Түркмөнстандан Амударыяга чейин болгон аймактарды басып алат. Арабдар бул аймактарды Хурасан деп аташкан. Анын борбору Мерв шаары эле. Бул вилаятты башкаруу үчүн атайын жардамчы дайындалып, ал Мервде турган.

Арабдар Хурасанда орношуп алгандан кийин, Амударыядан түндүктө жайлашкан бай вилаяттарды басып алууга даярдык көрүшөт. Бул жерлерди арабдар Маварауннахр, башкача айтканда «дарыянын наркы жагы» деп аташты.

Араб кол башчылары Византия жана Иран менен болгон согуштар тажрыйбасынын негизинде адегенде Мавараннахрдагы жагдайды үйрөнүштү. 654-жылы гана Амударыянын оң жээгине баскынчылык жортуулун башташты. Арабдардын жеңил жана оор куралдар менен куралданган күчтүү атчан кошуунунун негизин араб урууларынын өкүлдөрү, ал эми жөө кошуундардын курамын басып алынган элдердин өкүлдөрү түзгөн.

Мавараннахрга алгачкы жолу чабуулдар 654-жылы Маймург жана 667-жылы Чаганиянда башталат. 673-жылдын күзүндө араб кошуундары Амударыядан кечип өтүп, Бухара аймагына бастырып кирет. Пайканд менен Ромитанды ээлеп, Мервге кайтышат. Жолду катар Термез шаары да ээленет.

VIII кылымдын баштарында арабдар Мавараннахрдын аймагын толук басып алууга киришет.

Хурасандын жардамчысы Кутайба ибн Муслим 705-715-жылдардын ичинде Чаганиян, Пайканд, Бухара, Нахшаб, Кеш, Самарканд, Харезм, Самарканд, Чач жана Ферганаңы басып алат.



Араб аскерлери:
1 – жөө; 2 – атчан;
3 – төөчөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Берилген картадан пайдаланып, арабдар басып алган аймактардын атын жана жылдарын дептериңе жаз.

| Аймактын аты | Басып алынган жылы | Чек арасы | Социалдык түзүлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

2. Картадан кызыл менен белгиленген жерлердеги шаарлардын атын тап, аларды азыркы аты менен салыштыр.



Мухаммад ибн Жаъфардин баяндашынча, Убайдуллах ибн Зияд халифа Муавия I тарабынан Хурасанга жиберилип, ал Жайхун (Амударыя) дарыясынан өтүп, Бухарага келген учурда Бухаранын падышасы, уулу Тагшааданын жашы кичине болгондуктан, бир аял киши эле. Убайдуллах ибн Зияд Пайканд менен Ромитанды алып, көп адамдарды туткунга алды. Төрт миң бухаралык туткунду жеке өзүнө алды. Ал Бухара шаарына жеткенден кийин, аскерлерин сапка тизип, палакмандарды шаарга каратып койду.

Аял түрктөргө адам жиберип, алардан жардам сурады жана Убайдуллах ибн Зиядга да адам жиберип, жети күн мөөнөт талап кылды жана: «Мен сага моюн сунамын», — деп, көп белектер жиберди. Ошол жети күндө түрктөрдөн жардам келбегенден кийин, Убайдуллах ибн Зиядга кайрадан адам жиберип, дагы жети күн мөөнөт сурады. (Акырында) түрк жоокерлери жетип келди жана башкалар да чогулуп, жоокер көбөйдү; көп согушушту жана жеңилип, качышты, мусулмандар алардын артынан барып, көптөрүн өлтүрдү. Аял калаага кирди, алар (чогулуп келген) жоокерлер өз вилаяттарына кайтышты. Мусулмандар курал, кийим-кече, алтын жана күмүштөн иштелген нерселерди жана туткундардан турган көп олжону колго киргизди.

Алар аялдын бир өтүгүн да байпагы менен таап алышты. Өтүк менен байпак алтын (суусу жүргүзүлгөн жана) кымбат баалуу таштар менен коздолгон эле, баалашканда эки жүз миң дирхам чыкты.

Абу Бакр Наршахий «Бухаранын тарыхы»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Араб баскыны түрк-сугд мамилелерин дагы бир сыноодон өткөрдү. Арабдар Батыш Түрк кагандыгынын карамагындагы аймактарга чабуул жасап, өлкөдөгү ири жана чакан мүлктөрдүн ортосундагы саясий бытырандылыктан натыйжалуу пайдаланды. Түрк кагандары менен Сугд бийликтеринин ортосуна чатак салып, өз ара ишеничсиздикти ойготту. Чыгыш жана Батыш Түрк кагандыктары, Сугд, Чач, Фергана уюмунун туруксуздугу да араб баскынчыларына кол келди. Айрым бийликтер (Кеш, Насаф, Харезм)дин араб кошуундарын колдоп-кубаттоосу баскындын ийгилигин камсыздады.

Кутайбанын саясий жана аскердик иш билгилиги өзүнүн натыйжасын берди. Баскындын чечүүчү экинчи баскычы жергиликтүү калктын баскынга каршы түркий мамлекеттер (Батыш Түрк, Чыгыш Түрк жана Түркаш кагандыктары) башчылыгындагы күрөшү жана Сугддагы козголоңдор менен жүрсө да, Маварауннахрды исламдаштыруу жараяны улантылды.

## Чыгармачыл иш

Эки топко бөлүнгүлө.

Биринчи топ арабдардын Чыгышка, алсак, Маварауннахрга уюштурган жортуулдары учурунда жергиликтүү калктын куралдарын жазат. Экинчи топ арабдардын куралдарын аныктайт, алардан эмне максатта пайдаланышканын негиздейт.

Эки топ чогуу жергиликтүү калктын жана арабдардын аскердик күчүн талкууга алат.



## Ой жүгүртүү үчүн

Бул күрөштө Сугддун ихшиддери, Бухаранын бухархудаттары, Кеш менен Насафтин акимдери, Чачтын тудундары, Фергананын өкүмдарлары (ихшиддери) жана Тохарстандын ябгалары жеке максат жолунда биригишти. Айныкса, түрк-сугд биримдигинин күчөшүнө Батыш Түрк кагандыгынын мураскору болгон Түркаш кагандыгынын өкүмдары, араб баскынчыларына кооп салган Сулухандын турандыктарга жардам бериши себеп болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Ислам дининин Туранга кирип келиши жана таралышы тикеден-тике араб баскындары жана арабдардын көп кылымдык бийлиги менен тыгыз байланышкан. Туранга араб халифаттыгынын жортуулу VII кылымда башталган болсо да, өлкөнү толук басып алууга көпкө созулган күрөштөн кийин араб кол башчысы Кутайба ибн Муслим гана жетишти. Чөлкөмдө жаңы саясий күчтүн пайда болушунун натыйжасында Туран аймагы эки бөлүккө бөлүндү: 1) Маварауннахр («Дарыянын аркы жагы») жана 2) Ароди ат-түрк («Түрктөрдүн жерлери», башкача айтканда арабдарга баш ийбеген өкүмдарлардын жерлери). Бул эки аймакта исламдашуу жараяндары түрдүүчө жүрө баштады.

"Инал каганга араб, тухар чабуул жасады. Ошондо ажырай турган тигиштүү туулга кийген согдак элинин бардыгы келди. Ошол күнү чабуул жасады. Түрк эли Темир дарбазага чейин, Тынсы уулу жатчу тоого жетти»

Тонюкук таш жазуусунун 45-47 саптары

**Маварауннахрдын исламдашуусуна төмөнкү эки фактор тикеден-тике таасирин тийгизди**

Туранда исламдан мурдагы доордун өкүмдарлары (ихшид, бухархудат жана б.) өз ордуларын сактап турду. Алсак, алар жергиликтүү калкты башкаруу жана алардан арабдар үчүн салык чогултуу милдетин аткарды.

Умавий өкүмдарлары (араб халифалары) өлкөнүн ички иштерине тикеден-тике кийлигишпей, жергиликтүү династиялардан олпоң алуу менен чектелди. Кээде бул олпоң жергиликтүү калктан чогулган жизья (башка дин өкүлдөрүнөн алынган салык) иретинде кабыл алынган. Бул болсо кийинчерээк ислам динин кабыл алган калктан кадимки салык же жизья (жан салыгын) чогултуу маселесинде түшүнбөстүктүн келип чыгышына себеп болду.

Умавийлердин тушунда арабдардын жергиликтүү калк тарабынан ислам динин кабыл алынышына каршылык кылышы менен байланыштуу. Анткени арабдар алгачкы доордо бир топ артыкчылыктарга ээ эле. Доордун эрежелери боюнча, ислам динин кабыл алган адам коомдо арабдар өңдүү артыкчылыктарга ээ болгон.

## Чыгармачыл иш

1. Булактардан пайдаланган түрдө Умавийлер доорунун хронологиясын түз. Мында кайсы халифалар Орто Азиянын социалдык-маданий турмушунда өзүнө мүнөздүү из калтырган?
2. Араб халифаттыгынын тушунда алынган салыктар, жыйымдар элдин социалдык-экономикалык турмушун оордоткону боюнча мисалдар келтир.





*Книга пред

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

### Кутайба ибн Муслим ким болгон?



Кутайба ибн Муслим араб кол башчысы болуп, 704-жылы аны араб халифасы Абдурахман ибн Марван Хурасанга жардамчы кылып жиберет.

IX кылымдын тарыхчысы Мухаммад Наршахийдин жазышынча, Кутайба ибн Муслим Шамдын Бахилий деген жеринде төрөлгөн. Анын толук аты-жөнү Амир Кутайба ибн Муслим ибн Умар ибн Хусайн ибн Рабия ибн Халид ибн Усайд Ал-Хайр болгон. Хурасанда мамлекет иштери менен бирге бул жерде жашаган калкты исламга үгүттөө жана мечит-медреселерди куруу ага жүктөлгөн.

Кытай жана араб тилиндеги жылнаамалар боюнча, Кутайба ибн Муслим кайраттуу, иш билги кол башчы, адилеттүү жетекчи, кыянатты жактырбаган, өжөр мүнөздүү, илим менен поэзияны барктаган инсан иретинде сүрөттөлөт.



## Маалымат үчүн

Арабдар Туран жерине өзүнүн маданияттары, үрп-адаттары менен кошо идеологиялык, диний караштарын да алып келишти. Алар бул өлкөдө өздөрүнүн саясий бийлигин бышыктоо жана анын туруктуулугун камсыздоого өзгөчө көңүл бурушту.

Араб халифаттыгынын администрациясы христиан дининен тышкары бардык диндерди (зардуштийлик, шамандык жана монизм диндерин) жасалма диндер деп жарыялады. Маварауннахрдагы бардык ибадатканалар бузуп салынды.

Ислам динин кабыл алып, мусулман болгон жергиликтүү калктын өкүлдөрү алгачкы жылдарда хираж жана жизъя салыктарынан бошотулду. Ал эми исламды кабыл албагандар жан салыгын – жизъя төлөшкөн.


Ошентсе да, исламды кабыл алган калктын көпчүлүгү жалган мусулман болуп, көпкө дейре жашырын түрдө өзүнүн дини жана ишениминде кала берген.

Натыйжада ислам динин кабыл алуунун жаңы шарттары белгиленди. Ал боюнча, мусулман болгондор «Курандын» сүрөлөрүн жаттоого тийиш эле. Араб тили, жазуусу жана халифаттык мыйзам-эрежелеринин кир-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш

1. Хираж жана жизъя салыктары кимдерден алынган?
2. Сугддун ихшиди Гурак менен Панжикенттин акими Диваштичтин башчылыгындагы аскердик кыймылдар эмне менен аяктады?
3. Араб кол башчылары менен мүлктүү дыйкандардын ортосунда тууган-туушкандык байланыштарын орнотуу кандай натыйжаларга алып келди?

гизилиши жергиликтүү элдин арасында нааразылыктарга себеп болду.

720-жылы Сугддун ихшиди Гурак менен Панжикенттин акими Диваштичтин башчылыгында арабдарга каршы аскердик кыймылдар башталды. Сугддуктарга жардам берүү үчүн Жетисуудан түрк жоокерлери келет. Алар арабдарга катуу сокку берет. Маварауннахрдын калкын тынчдандыруу жана арабдардын бийлигин бышыктоо максатында Хурасандын жардамчысы Ашрос ислам динин кабыл алгандардан хираж жана жизъя салыктарын албастыкты чечет. Бул калкты тынчдандырууга каратылган убактылуу чара эле. Ак сөөк дыйкандардын көбү өз чакарлары жана кадиварлары менен исламды кайрадан кабыл алып, арабдар жагына өтүшөт.

Жогорку мартабалуу араб кол башчылары менен мүлктүү дыйкандардын ортосунда тууган-туушкандык (куда-сөөктүк) байланыштары орнотулат. Мындай саясаттын натыйжасында арабдар менен жергиликтүү ак сөөктөрдүн ортосунда белгилүү деңгээлде биримдик түзүлө баштады.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Араб баскынчылары бул өлкөнү оңойлук менен ээлей албаган. Баскынчылар дээрлик жүз жыл бою аябай чоң күч, каражат жана жоготуулардын эсебине Мавараунnахрды колго алышкан. Чындыгында араб баскынчыларынын Мавараунnахрдагы жеңиши халифаттык кудуретинин натыйжасы эмес, Туран калкынын өз убагында душманга каршы бириге албагандыгынын, майда мүлктөрдүн өзүн актабаган «көз карандысыз саясатынын» жана аларды бириктирген күчтөрдүн өз мүлктөрү менен оролошуп калгандыгынын натыйжасы эле.

Арабдар баскыны доорунда бүткүл Туран алкагындагы саясий жагдай жакшы эмес эле. Чөлкөмдүн жетекчи күчтөрү – Чыгыш жана Батыш Түрк кагандыктарынын социалдык-саясий абалы VI кылымдын акыры – VII кылымдын баштарындагыдай туруктуу эмес эле. Бул, эң оболу, түркий мамлекеттердин (Чыгыш Түрк кагандыгы, Батыш Түрк кагандыгы жана Түркаш кагандыгы) ортосунда бирдиктин жоктугу жана Турандагы өз вассалдарына жардам берүүдө жалпы максат жолунда мобилизациянын болбогондугу менен түшүндүрүлөт.



Кудуреттүү түрк кагандыктарынын кризиси араб баскынчылары үчүн гана кол келип калбай, ошондой эле эзелки душман болгон Тан империясы үчүн да көптөн күтүлгөн учур болду. Анткени Кытай империялары ар дайым коркунуч туудурган түркий мамлекеттерди жок кылуу, жок дегенде, алардын чөлкөмдөгү ролун төмөндөтүү үчүн ыңгайлуу учурду күтүп жаткан эле. Кытайдын коопу менен алек болуп калган Чыгыш жана Батыш түрктөр араб баскынына каршы күрөштө шериктерине жетиштүү жардам бере албады.

Арабдар чөлкөмдөгү азаттык кыймылдарынын мизин кыйынчылык менен сындырды, жергиликтүү өкүмдар жана ак сөөктөрдү өз жагына каратты жана ушул жол менен Туранды ээлеп, өлкөнүн калкын исламдаштырууга жетишти. Баскын жараянында Араб халифаттыгы: биринчиден, алынган олжолордун эсебине өзүнүн казнасын толтурду, туткундардын



исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана кепилге алынгандардын эсебине аскердик жоготууларды каптады; экинчиден, өлкөнү исламдаштыруу аркылуу байыркы жана бай руханий мурастын ээлери болгон маварауннахрлыктар ислам дини, маданияты жана илим-билиминин өнүгүшү үчүн кызмат кылууга кошулду.

Арабдар үчүн өлкөнүн географиялык орду чоң мааниге ээ эле. Улуу жибек жолунун негизги багыты Кытайдан Сугдга, ал жерден Иран аркылуу Жер Ортолук деңизинин жээктерине жана араб чөлдөрүнө алып чыккан. Ошондуктан, баскындын алгачкы баскычы талоончулуктан башталган. Ээленген байлыктардын баасы жана саны араб кошуундарын таң калтырган. Тилекке каршы, ошол маалдагы өлкөнүн менчик жана жергиликтүү экономикалык корлорунун саны жөнүндө маалымат сакталып калбаган.



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

Топторго бөлүнүп, төмөнкү багыттар боюнча үйрөн жана жалпылаштыр.
Арабдардын кирип келиши Туран аймагында жашаган элдердин турмушуна кандай таасир көрсөттү?

- **1-топ** — **Саясий турмушта**
- **2-топ** — **Социалдык турмушта**
- **3-топ** — **Экономикалык турмушта**
- **4-топ** — **Маданий турмушта**





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 20–21-темалар:

# VIII КЫЛЫМДА ХУРАСАН ЖАНА МАВАРАУННАХР

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

Дүйнө тарыхы предметинен алган билимдериңе таянып төмөнку суроолорго жооп бер:

1. Умавийлер династиясынын өкүлдөрү мусулмандар тарабынан эмнеде айыпталган?
2. Аббасийлер ким эле? Алардын максаттары эмне болгон?
3. Аббасийлер кандай тарыхый шарттарда бийликке келген эле?
4. Хурасан аймагына азыркы кайсы жерлер кирген?

### Маалымат үчүн



VIII кылымдын 40-жылдарында халифаттыкта так үчүн күрөш күчөйт. Бул доордо бийлик жүргүзгөн умавийлерге каршы жалпы нааразылык, айныкса, халифа Марван Мухаммад бийлик жүргүзгөн доордо өтө күчөдү. Буга хираж салыгы санынын ашырылгандыгы жана калктын милдеттүү түрдө ашарларга тынымсыз чыгарылышы себеп болду. Умавийлерге каршы күрөшкө үгүттөө үчүн аббасийлер түрдүү вилаяттарга көптөгөн үгүттөөчүлөрдү жиберет. Ушундай үгүттөөчүлөрдөн бири куфалык Абу Муслим эле. Ал Хурасанга келип, калкты пайгамбар (с. а. в.)дын муундарын колдоого чакырат.

Баштап араб ак сөөктөрү, андан кийин жергиликтүү дыйкандар Абу Муслимди колдоп-кубатташат. Умавийлерге каршы үгүттөөнүн жаңырыктары көп узабай Хурасан жана Маварауннахр вилаяттарына кеңири таралат. Өлкөнүн калкы халифаттыкка каршы козголот. Абу Муслимди жактоочулардын дээрлик бардыгы кара кийим кийип алышкан эле. Эң оболу, кара кийим кайгынын символун, ошондой эле, чоң күч туусунун жана аёосуз кагылыштарда козголоңчуларды умавий аскерлерден бөлүп турган белгини билдирген.

747-жылы Абу Муслим калкты умавийлерге каршы күрөшкө үгүттөйт. Көп узабай Абу Муслим Хурасандын борбору Мерв шаарын ээлейт.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Абу Муслим баштаган кошуундар халифаттыктын борбордук вилаяттарын карай жол тартат. Халифаттыктын борбору — Дамашк шаары колго киргизилет. Такка аббасийлер үй-бүлөсүнөн болгон Абул Аббас Саффах отурат.

Абу Муслим Багдадда мамлекеттик жана аскердик күчтөрдүн жогорку кызматына дайындалат. Бирок аббасийлер анын эл арасындагы аброюнун барган сайын жогорулашына кошулбайт эле. Натыйжада Абу Муслим борбордон алыстатылып, Хурасан менен Маварауннахрга жардамчы кылып жиберилет. Калктын ортосунда аббасийлерге каршы козголоң көтөрүү маанайы пайда болот. Мындай козголоңдордон бири Бухарада болуп өтөт. Абу Муслим жергиликтүү күчтөрдүн жардамы менен козголоңду араң бастырат.

750-жылы Абул Аббас Саффах такка отурат. Араб халифаттыгында мамлекеттик бийлик аббасийлердин колуна өтөт.

Абу Муслим — лексикалык мааниси «Муслимдин атасы» деп которулса да, мазмуну «эң мыкты мусулман» дегенди билдирет.

### Чыгармачыл иш

1. Абул Аббас Саффах такка кимдин колдоосу менен отурду?
2. Эмне үчүн Абу Муслим борбордон алыстатылып, Хурасан менен Маварауннахрга жардамчы кылып жиберилет?
3. 751-жылы Туранда саясий жагдай кандай эле? Мындан кытайлыктар кантип пайдаланмакчы болду?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

751-жылы Таласка жакын жердеги согушта туткунга түшкөн кол өнөрчүлүктү билген кытайлык жоокерлер өздөрүнүн өмүрүн сактоо үчүн жергиликтүү кол өнөрчүлөргө кагаз өндүрүүнүн сырларын үйрөтүшөт.

IX кылымга келип кагаз өндүрүү шаар кол өнөрчүлүгүнүн эң маанилүү тармактарынан бирине айланат. Акырындык менен Самарканд кагазы бүткүл чыгыш жана батыш базарларын да ээлейт.

## Ой жүгүртүү үчүн

Чыгыш Түрк кагандыгы Уйгур кагандыгы тарабынан жоюлган. Мындай жагдайда Тан империясынын Туранга салган коркунучу күчөйт. Ферғананын ихшиди менен Чач өкүмдарынын ортосундагы келишпестиктен пайдаланган Кытай 751-жылы Туранга жортуулду баштайт. Ал эми Абу Муслим аларга каршы Зияд ибн Салих башчылыгында араб жана турандыктардан турган кошуунду жөнөтөт.

Кытай кошуундары талкаланат. Бул араб халифаттыгынын чөлкөмдөгү аброюн ашырат.

Туранда араб халифаттыгы менен ислам кызыкчылыктарынын коргоочусуна айланган Абу Муслимден коопсураган халифа аны сарайга чакыртырат жана өлтүртөт. Мунун натыйжасында Хурасан менен Мавараун-нахрда аббасийлерге каршы элдик кыймыл күчөп кетет.

## Маалымат үчүн

VIII кылымдын I жарымында Тан империясы Улуу жибек жолун ээлөө жана андагы мамлекеттерди өзүнө баш ийдирүү үчүн бир нече жолу согуш кылган. Мавараун-нахрдагы татаал ички жагдай, Фергана акиминин Кытайдан жардам сураганы бул жортуулдарга шылтоо болгон. Тан мамлекети 750-жыл улуту корейс болгон Гао Цянчжи (Гав Цянчжи) кол башчылыгында чоң кошуун жөнөткөн. Бул кошуун Ферганалыктар менен биримдикте Чачты кыйраткан, чоң олжого ээ болгон. Чачтын акими өлтүрүлгөн, анын уулу арабдардан жардам сураган. 751-жылдын июль айында арабдардын Зияд ибн Салих жетекчилиги астындагы кошууну Гао Цянчжинин кытайлар, ферганалыктар, кашгарлыктар, кучарлыктар жана карлуктардан турган ири кошууну менен Талас дарыясынын боюнда кагылышкан. Талас салгылашуусу 5 күнгө созулган. Кагылышууда Тан армиясынын курамындагы карлуктар арабдарга каршы күрөштөн баш тарткан жана кытайлыктардын арьергардына сокку берген. Кытайдын кошууну таптакыр талкаланган. Гао Цянчжи жардамчылары Ли Сие жана Дуан Шоуши менен бирге араң качып кутулган. Туткунга түшкөн Кытайдын жоокерлери арасынан тандап алынган кол өнөрчүлөр Самаркандга алып келинген. Алар Самаркандда кагаз өндүрүү өнөр жайынын дагы да өнүгүшүнө ылайыктуу салым кошушкан. Кытайлык кол өнөрчүлөр ал тургай Месопотамия шаарларына да алып келинген.



Талас салгылашуусу Борбордук Азия элдеринин тарыхында өтө маанилүү роль ойнойт. Ал Тан империясынын Орто Азия аймагын ээлөө үчүн жасаган баскынчылык саясатына толук чек койгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн



Бүгүнкү күндө Самарканд: кагаз өндүрүүчү ишкана.

Кагаз негизинен тыт дарагынын кабыгынан даярдалган.

Ак түстүү «Самарканд султан кагазы» өзүнүн жукалыгы, жылмакайлыгы жана жумшактыгы менен кагаздын башка сортторунан ажыралып турса, «Самарканд шайы кагазы» сапат жагынан андан калышпайт, түсү агыш сары – набат түстүү болот.

Кагаздын «Мири Ибрагими» түрү бетинде ак түстүү тоголок формадагы суу тамчысынын издери менен капталган болот.

Ал эми «Нымкенап» түрү жибектин калдыктары жана кабыктын талдары менен аралаштырылып даярдалгандыктан, ал корица түстүү болот. Кагаздын бул түрүн жасоодо чийки зат иретинде пахта, жибек жана тыт дарагынын кабыгынан кеңири пайдаланылат.

Харезмде жасалган жаалар, Чачтын чопо идиштери жана Самарканд кагаздары Улуу жибек жолунда айрыбаштала турган товарлардын ичинде эң белгилүүсү жана баалуусу болгон.

Араб тарыхчысы Макдисий



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл иш

1. Табигый илимдерде алган билимдериңе таянып, азыркы кагазды өндүрүү технологиясы менен таанышып чык. Бул жараянды дептериңе инфографика көрүнүшүндө жаз.
2. Кандай ойлойсуң, эмне үчүн Самарканддын кагазы бүткүл Чыгышта белгилүү болуп кеткен?
3. Кагаз өндүрүү бүгүнкү күнгө чейин кандай көрүнүш жана баскычтарга ээ болгон?



## Маалымат үчүн



VIII кылымдын акырларында Мавераунnahрда болуп өткөн козголоң «Ак кийимдүүлөр» козголоңу аты менен тилге алынат. Бул кыймылдын жетекчиси Хашым ибн Хаким аттуу кол өнөрчү болгон. Ал башына жана бетине көк парда тутуп жүргөн. Ошондуктан аны «Муканна» – «Бет каптуу» аты менен да аташкан. Муканна Хурасанда сархандиктен (кичүү кол башчылыктан) вазир деңгээлине чейин көтөрүлгөн.

Ал Маздактын идеяларына негизделген социалдык теңдик жана эркин турмушка чакырган окууну үгүттөгөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

VIII кылымдан Туран өлкөсүндөгү мекеме иштеринде жергиликтүү түркий, харезмий, сугдий, бохтарий тилдеринин жана жазууларынын ордун араб тили менен жазуусу ээлей баштады. Арабдардын жана ислам дининин таасиринде жергиликтүү мусулмандардын арасында исламий аттар үрп болду. Турандын көпчүлүк калкы акырындык менен исламды кабыл алды. Убакыт өткөн сайын ата-бабаларыбыз ислам окуусунун негиздерин жаратуу жана өнүктүрүүдө бүткүл мусулман дүйнөсүндө алдыңкыларга айланып отурду.



Маздакизм – диний-философиялык окуу. Негиздөөчүсү Маздак. Негизги идеясы – жалпы мүлк, бардык нерселердин жалпы, тең болушу.

Муканна жакындары менен Нахшаб жана Кеш шаарларына жакын жердеги Сом чебин өзүнүн резиденциясына айландырат.

Бул жерде «Ак кийимдүүлөрдүн» кыймылы жайылып, чоң элдик козголоңго айланат. Ал айныкса Сугдда күчөп, Илак (Ахангаран) өрөөнү менен Чачка да өзүнүн таасирин тийгизет. Козголоңдо түрдүү катмарлар катышат. Муканна козголоңу 783-жылга чейин улантылган.

Нахшаб менен Самаркандда «Ак кийимдүүлөр» жеңилгенден кийин, жергиликтүү мүлк катмарларынын өкүлдөрү арабдарга жардам бере баштайт. 783-жылы Муканнанын Сом чебиндеги резиденциясы курчоого алынат. Көпкө созулган курчоодон кийин козголоңчулар багынат. Баскынчыларга колго түшүүнү каалабаган Муканна өзүнүн өмүрүн кыят.

806-жылы Рофе ибн Лайс башчылыгында халифаттыкка каршы дагы козголоң көтөрүлөт. Козголоң Самарканддан башталып, Чач, Фергана, Бухара, Нахшаб жана Харезм вилаяттарына таралган. Көп узабай бул вилаяттар халифаттыктын колунан кетет. Хурасандын жардамчысы Маъмун дыйкандардан болгон Саманхудаттын неберелери: Нух, Ахмад жана Яхялардан өтүнүп, алардан жардам сурайт. Алар Рофе ибн Лайсты колго алып, аны халифага багынууга аргасыз кылышат. Ошентип кезектеги эл кыймылы да бастырылат.

Жергиликтүү элдердин баскынчыларга каршы күрөштөрү текке кетпеди. Акырындык менен халифаттыктын бийлиги алсыздап отурду. Мындай жагдай Мавауннахр калкынын боштондукка чыгышын тездештирди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Булакты оку. Муканнанын кыймылына баа бер.
2. Муканна максатына жетүү үчүн эмнелерден пайдаланды?
3. Эмне үчүн Араб халифаттыгы доорунун тарыхчылары Муканнанын керт башына терс баа беришкен?



## Булактарда

Муканна Мерв айланасынын калкынан, Каза деп аталган кыштактан болуп, аты Хашым ибн Хаким эле. Ал илгери кудунгардик (кездемелерди боёо) менен алектенген, андан кийин илим үйрөнө баштады жана ар түрдүү илимдерди: көз боёочулук, сыйкырчылык илимдерин үйрөндү. Көз боёочулукту жакшы үйрөнүп алып, пайгамбарлыкка талапкер да болду. Муканна көз боёочулукту үйрөнгөн жана аябай сергек болуп, байыркы (окумуштуу)лардын илимдерине таандык көп китептерди окуган жана сыйкырчылык боюнча устаз болгон эле. Анын атасынын аты Хаким болуп, ал Абу Жаъфар Даванакийдин тушундагы Хурасан амиринин кол башчыларынан бири эле. Ал Балхтан чыккан эле.

Хашым ибн Хакимдин Муканна деп аталышына себеп, ал аябай өңү суук, кашка баш жана бир көзү сокур болгондуктан, дайыма башы менен бетине көк парда тутуп жүргөн. Муканна Аббасийлердин үгүттөөчүсү Абу Муслимдиндин тушунда Хурасандын кол башчыларынан бири болуп, вазир болду жана пайгамбарлыкка талапкер болду жана бир канча убакыт ошол талабында турду. Абу Жаъфар Даванакий адам жиберип, аны Мервден Багдадга алдырып келди жана бир нече жыл бою зынданда кармады. Ошондон кийин ал зындандан кутулуп, кайра Мервге кайтып келди жана адамдарды чогултуп: «Менин ким экенимди билесиңерби?» — деп сурады. Адамдар: «Сен Хашым ибн Хакимсиң», — дейишти. Ал: «Жаңылыштыңар, мен сиздердин жана бүткүл ааламдын кудайымын, — оозуна топурак салып: – Өзүмдү каалагандай ат менен атай беремин», — деди жана: «Мен элге өзүмдү Адам (Ата)дын түспөлүндө, кийин Нухтун түспөлүндө, кийин Ибрагимдин түспөлүндө, кийин Мусанын түспөлүндө, кийин Исанын түспөлүндө, кийин Мухаммад — кудай ага ыракматын жана саламын жолдосун, — мустафанын түспөлүндө, андан кийин Абу Муслимдин түспөлүндө көрсөткөн жанмын, эми болсо мына өзүңөр көрүп тургандай түспөлдөмүн», — деди. Адамдар: «Башкалар пайгамбарлыкка талапкер болгон эле, эми сен кудайлыкка талапкер болуп жатасың», — дешти. Муканна: «Алар напистин кулу эле, а мен дин кызматчысымын жана алардын (денелеринин) ичинде элем, мен өзгөчө кудуретке ээмин, өзүмдү кандай түспөлдө көрсөткөндү кааласам, ошондой түспөлдө көрсөтө беремин», — деди.

Ибрагим жана Мухаммад ибн Жарир ат-Табарий.
«Ахбори Муканна»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз



VIII кылымда Маварауннахр менен Хурасандын аймагындагы окуяларды Дүйнө тарыхы предметиндеги окуялар менен байланыштыр:

1. Бул доордо Европа мамлекеттеринин социалдык-саясий абалы кандай эле?
2. VIII кылымда Маварауннахр менен Хурасандагы өзгөрүштөр түпкүлүктүү калк турмушунун кайсы багытына чоң таасир көрсөткөн, деп ойлойсуң? Пикириңди далилдөөгө аракеттен.
3. Араб баскынчылыгы дагы кайсы багыттарда өз таасирин тийгизген? Бүгүнкү күн менен байланыштырып түшүндүрүүгө аракеттен.
4. Чогулткан маалыматтарыңдын негизинде презентация даярда.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 22–23-темалар:

# КАРЛУКТАР, ОГУЗДАР, ТАХИРИЙЛЕР

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Маварауннахр жана Хурасан калкынын бат-бат козголоң көтөрүп турушу, тынымсыз жүргөн өз ара согуш жана ички карама-каршылыктар Араб халифаттыгынын бийлигине кандай таасир көрсөткөн?
2. VI–X кылымдарда Улуу жибек жолу кайсы аймактардан өткөн?

Карлуктардын өлкөсүндө борбордон тышкары Жол, Навкат, Карманкат, Жар өңдүү шаарлар жана катар кыштактар бой көтөргөн.

### Ой жүгүртүү үчүн

Маварауннахр менен Хурасан калкынын бат-бат козголоң көтөрүп турушу, тынымсыз жүргөн өз ара согуш жана ички карама-каршылыктар Араб халифаттыгынын бийлигин алсыздандырды. Бул болсо көз карандысыз мамлекеттердин пайда болушуна алып келди.





UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Байыркы заманда Алтайдын батышында, андан кийин Иртыш дарыясынын орто агымында жашаган *карлуктар* байыркы түркий уруулардан эсептелген.

Батыш түрк кагандыгынын кризисинен кийин түзүлгөн ири этникалык уюмдардын бири огуз (араб-перс булактарында гуз) этносу болгон.

VI–VII кылымдарда алар Түрк кагандыгынын курамына кирген. VIII кылымдын ортолорунда Жетисуу өлкөсүндө Карлуктар мамлекети түзүлдү. Бул мамлекеттин борбору Чүй дарыясынан түндүктө жайлашкан Суяб шаары эле. Карлуктар мамлекетинин өкүмдары «ябгу» же «жабгу» деп аталган.

X кылымдын ортолоруна келип, карлуктардын көбүрөөк бөлүгү мусулман болгон. Карлуктардын мамлекети түндүк менен чыгыштан Элсуусу дарыясынын өрөөнүнө, чигил уруусунун жайыттарына чейин; батыштан огуз өлкөсү менен Фергана өрөөнү; ал эми түштүктө ягмалардын жери жана Чыгыш Түркстан менен чек араланган.

Калк мал чарбасы, ал эми тоо жылгаларынын бойлорунда дыйканчылык менен алектенген. Чыгыш Түркстан жана Маварауннахр менен соода-сатык жүргүзүлгөн. Четке негизинен жүн жана жүндөн жасалган продуктулар: килем, таар, шырдак өндүүлөр алып чыгылган. X кылымда карлуктар Маварауннахрдын түндүк аймактарын ээлегенден кийин, Чачтын айланасы менен Фергана жана Зарафшан өрөөндөрүнө келип орношкон. Кийинчерээк отуруктуу жашаган жергиликтүү калкка сиңип кеткен.



Карлук ак сөөктөрү

## Чыгармачыл иш

Дүйнө тарыхынан алган билимдериңдин негизинде салжукийлер жашаган аймак жана алар башкарган мамлекет кайсы мамлекеттер менен чектешкенин аныкта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

**Огуздар** – Туран аймагында жашаган түркий уруу.

Түрк кагандыгы бийлигинин тушунда огуздар анын курамында болгон. Түрк кагандыгы жоюлгандан кийин, огуздардын чоң бөлүгү Сырдарыянын бассейни менен Арал деңизинин боюнда туруктуу орношуп алган. Алар IX кылымдын акыры жана X кылымдын башында *Огуздар мамлекетине* негиз салышат.

Сырдарыянын төмөнкү агымынын боюндагы Жаңыкент шаары Огуздар мамлекетинин борбору болгон. X кылымдан баштап огуздар ислам динин кабыл алат.

X кылымдын биринчи чейрегинде Огуздар мамлекети түндүк чыгыштан козголгон кыпчактар тарабынан катуу соккуга кабылып, бөлүнүп кетет. Алар өздөрүнүн өлкөсүн таштап, бир бөлүгү Түндүк Кавказдын талааларына барып орношот. Ал эми экинчи бөлүгү мурдагы Маварауннахрга кирип барат жана андан жаңы династия





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– *салжукийлер* башчылыгында Алдыңкы Азия өлкөлөрүн басып алууга киришет.

Бул эки түркий мамлекет Маварауннахрдын гана эмес, ошондой эле бүткүл Орто Чыгыш жана Алдыңкы Азия калкынын саясий турмушуна да күчтүү таасирин тийгизди. Бул мамлекеттердин калкы ошол аймакта жашаган элдердин этникалык тарыхына таасир көрсөттү. Мисалы, карлуктар өзбек жана тажиктердин, ал эми огуздар түркмөн, азербайжан, каракалпактардын этногенезинде маанилүү роль ойноду.



Байыркы огуздар



Огуз атчаны

**Тахирийлер** – Хурасандагы Тахирийлер мамлекетинде бийлик жүргүзгөн династия (821–873). Расмий түрдө аббасийлерге баш ийген. Династияны 821-жылы Тахир ибн Хусайн негиздеген.

## Маалымат үчүн

VIII кылымдын акыры – IX кылымдын башында халифаттыкты олку-солку кылган оор саясий жагдай аббасийлерди Маварауннахр жана Хурасанда жүргүзүлүп жаткан саясатты өзгөртүүгө аргасыз кылды.

Жергиликтүү ак сөөктөр Маварауннахр менен Хурасанды өздөрүнүн карамагына өткөрүп гана калбай, халифаттыктын борборунда бийликти башкарууда да барган сайын көбүрөөк роль ойной турган болот.

Буга, айныкса, халифа Харун ар-Рашиддин (786–809) өлүмүнөн кийин анын уулдары Маъмун менен Аминдин ортосунда 809–813-жылдарда так үчүн болгон күрөш чоң жол ачып берди.

Халифаттыктын борбордук бөлүгүндөгү арабдар Аминди халифаттыктын тактысына көтөрүшөт. Мындан наараза болгон Маъмун иниси Аминге каршы күрөш баштайт. Хират вилаятынын ак сөөктөрүнөн Тахир ибн Хусайн жетектеген Хурасан жана Мавараунахр мүлктөрү ага жардам берет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

813-жылы алар Багдадга жортуул жасайт. Борбор колго алынып, Маъмун халифаттык тактысына отурат. Буга жооп иретинде Тахир 821-жылы Хурасан менен Маварауннахрдын жардамчысы кылып дайындалат. Ошондой эле, Маъмун Маварауннахр ак сөөктөрүнүн да жардамын унутпады. Саманхудаттын неберелерин айрым шаар жана вилаяттарга жардамчы кылып дайындайт. Нухка Самарканд, Ахмадга Фергана, Яхяга Чач жана Уструшона, ал эми Иляска Хират тиет. Буга жооп иретинде ага-ини саманийлер Маварауннахрдын ар жылкы хиражынан аябай чоң каражатты тахирийлер аркылуу халифанын казнасына жиберип турат.

Тахир ибн Хусайн Хиратка жакын жердеги Бошаң шаарынын акими болуп, 811-жылы Райга жакын жерде халифа Аминдин Али Мохон аттуу кол башчысын жеңген. Согушта көрсөткөн эрдиги үчүн ага «Зул яминайн» (Эки колдоп күрөшүүчү) деген ардактуу наам берилген.

Тахирийлердин тушунда да мээнеткеч калктын абалы өтө оор бойдон кала берди. Мүлктүү дыйкандардын зулумунан, мамлекеттин оор салыктарынан кыйналган эл козголоң көтөрөт. Аларга «газийлер» да кошулат. Козголоңго саффарийлер – мискер кол өнөрчү ага-ини Яъкуб жана Амр Лайстар башчылык кылат. 873-жылы алар Хурасандын борбору Нишапурду ээлешет. Натыйжада тахирийлердин бийлиги жоюлуп, бийлик *саффарийлердин* колуна өтөт.



Тахирийлердин чака-тыйыны

**Саффарийлер** – Саффарийлер мамлекетинде бийлик жүргүзгөн династия. Саффарийлердин аталышы анын негиздөөчүсү Яъкуб ибн Лайс ас-Саффардын атынан алынган. Алардын ири өкүмдарлары: Яъкуб ибн Лайс (873–879); Амр ибн Лайс (879–900).

## Чыгармачыл иш

1. Харун ар-Рашид жана Маъмун менен Амин жөнүндө кандай мааламаттарга ээсиң?
2. Маъмун академиясы жөнүндө уккансыңбы? Эмне үчүн академия Маъмундун ысымы менен байланышкан?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Булактарда



Рофе ибн Лайс Харун ар-Рашидге каршы жүрүп, Самарканды алганда Харун ар-Рашид Харсама Аъяини Рофе ибн Лайска каршы согушка жиберди. Рофе Самарканды таштап кетти жана Харсама аны колго түшүрө албай калды. Бул окуя себеп Маъмун Харун ар-Рашид менен бирге Хурасанга келген жана Харундун көңүлү бул иштен аябай элжиреген эле.

Маъмун жергиликтүү ак сөөк Асаддин уулдарына кат жазып, аларга Рофе менен согушта Харсамага жардам берүүнү буюрду. Асад уулдарынын үгүттөөсү менен Рофе Харсама менен келишим түздү жана алардын ортосунда куда-сөөктүк орнотулуп, Харун бул иштен ыраазы болду. Рофенин бүткүл Хурасанды алып коюу коопу эле, (ошондуктан) бул келишимдин түзүлүшү Маъмунга аябай жагып түштү. Харун мына ушул сапар учурунда Туста кайтыш кылды.

Маъмун халифалыкка отургандан кийин ар бирине ошол жасаган жакшылыктары үчүн бирден барктуу шаар берди. Гассан Хурасан амирлигинен четтетилип, Тахир Хусайн Хурасандын амири болгондо да, Тахир ал вилаяттарды Асад уулдарынын колунда калтырды жана алардын эң чоңу болгон Нух Асадга сарпай кийдирди.

Абу Бакр Наршахий «Бухаранын тарыхы»

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Эмне себептен IX–X кылымдарда Туран чөлкөмүндө башка элдерге караганда карлук, огуз жана тахирийлердин таасири күчтүүрөөк болду?
2. Классташтарың менен төрт топко бөлүнүп, төмөнкү жадыбалдын негизинде маалыматтарды талкууга алгыла.

| Карлуктар | Огуздар | Тахирийлер | Саффарийлер |
|---|---|---|---|
| Келип чыгышы.......... | Келип чыгышы.......... | Келип чыгышы.......... | Келип чыгышы.......... |
| Социалдык системасы........ | Социалдык системасы........ | Социалдык системасы........ | Социалдык системасы........ |
| Тарыхый мааниси .......... | Тарыхый мааниси .......... | Тарыхый мааниси .......... | Тарыхый мааниси .......... |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 24–25-темалар:

# САМАНИЙЛЕР

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Алган билимдериңе таянып, Араб халифаттыгынын алсызданып калышына кандай факторлор себеп болгондугун айт?
2. Эмне себептен Саманхудаттын неберелери айрым аймактарга жардамчы кылып дайындалган? Бул аймактарды картадан көрсөт.

### Ой жүгүртүү үчүн

IX кылымда Маварауннахрдын саясий турмушунда да өзгөрүштөр болуп өтөт. Өлкөгө баштап Нух, андан кийин Ахмад башчылык кылат. Ар бири өз бийлигинин тушунда өзүнүн атынан жез чакаларды соктурат. Ахмаддын өлүмүнөн кийин анын уулу Наср Самаркандды борборго айландырат. Ал Маварауннахрдын бардык вилаяттарын бириктирүү жана аны Хурасандан бөлүп алуу чараларын көрөт.

IX кылымдын акыркы чейрегинде Маварауннахрдын дээрлик бардык вилаяттары саманийлердин карамагына өтөт. Наср жалпы Маварауннахрдын өкүмдарына айланат. Анын аты менен күмүш дирхам согулат.


Ысмайыл Саманийдин күмбөзү. Бухара. X кылым.

### Саманийлердин келип чыгышы

Булактарда Саманхудаттардын келип чыгышы жөнүндө түрдүү маалыматтар берилген. Көпчүлүк булактарда айтылышынча, анын санжырасы сосоний шаханшахы Хурмазд IV түн (579-590) кол башчысы Бахрам Чубинге (VI кылым) барат. Бахрам Чубин адегенде Армения менен Азербайжандын, андан кийин Рай менен Хурасандын жардамчысы кылып дайындалган. Айрым маалыматтарга караганда, Бахрам Чубиндин келип чыгышы сосонийлердин кызматындагы огуз түрктөрүнөн болгон. Анын урпактары Балхта жашап, ошол жерден Хурасан жана Маварауннахрдын түрдүү аймактарына жардамчы кызматына жиберилген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Көп узабай ага-ини Наср менен Ысмайылдын ортосунда таажы-так үчүн күрөш башталат. 888-жылдагы согушта Ысмайыл жеңип чыгат. Бирок ал агасынын өлүмүнө чейин, башкача айтканда 892-жылга чейин өзүнүн мүлкүндө, андан кийин бүткүл Маварауннахрда бийлик жүргүзөт.

Ысмайыл Саманий Маварауннахрды бириктирип, бекем мамлекет түзүүгө умтулду. Түндүк Чыгыш аймактарга жортуул жасады. 893-жылы Тараз шаарын басып алып, чөлдүктөргө какшаткыч сокку берди.

Маварауннахр калкынын көз карандысыздыкка чыгышы, шексиз, Араб халифаларына жакпайт болчу. Ошондуктан халифаттык саффарийлер менен саманийлерди кагылыштырууга жана алардын экөөн тең алсыздандырып, бул бай вилаяттарда өзүнүн таасирин кайра калыбына келтирүүгө аракеттенет.

Халифа Муътазид (892–902) саффарийлердин өкүмдары Амр ибн Лайска Хурасан менен кошо Маварауннахрдын үстүнөн да бийлик жүргүзүү укугу берилгени жөнүндө буйрук чыгарат жана аны Ысмайылга каршы тукурат. Натыйжада 900-жылы алардын ортосунда согуш башталат. Согуш Ысмайылдын жеңиши менен аяктайт. Бүткүл Хурасан саманийлердин кол астына өтөт. Аргасыздыктан халифа Ысмайылга өкүмдарлык жарлыгын жиберүүгө мажбур болот. Ысмайыл Саманий бүткүл Маварауннахр жана Хурасанды өз кол астына бириктирди. Бухара шаары бул мамлекеттин борборуна айланды.



## Чыгармачыл иш

География предметинен алган билимиңе таянып, Фергана, Исфижаб (Сайрам), Чач, Самарканд, Бухара, Харезм, Чаганиян, Хутталон, Кеш, Хурасан, Сейистан, Газна шаарлары жайлашкан аймактардын картасын чий. Бул аймактардын аянтын эсепте. Азыркы карта менен салыштыр. Ысмайыл Саманий кандай чоңдуктагы аймакты өзүнүн кол астына чогулткан?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Саманийлер мамлекетинин картасы

Саманийлердин тушунда Наср ибн Ахмад ибн Ысмайыл Саманий Регистанга бир сарай (курууну) буюрду. Аябай кооз бир сарай курушту. (Амир) буга көп каражат сарптады. Ал сарай дарбазасынын алдында кызмат адамдары үчүн сарай курууну буюрду, аны да курушту, мында ар бир кызмат адамынын падыша сарайы дарбазасынын алдында курулган сарайында өз алдынча деваны бар эле; мисалы: вазирдин деваны, каржы (киреше-чыгаша) иштеринин деваны, мамлекеттик документтерди башкаруу иштеринин деваны, сакчылар башчысынын деваны, кат-кабар башчысынын деваны, сарай иш башкаруучусунун деваны, мамлекетке мүнөздүү мүлктөрдүн деваны, мухтасибдин деваны, вакфтар деваны, казылык иштеринин деваны. (Амир) мына ушул тартипте девандарды курууну буюрду жана аларды курушту.

Абу Бакр Наршахий
«Бухаранын тарыхы»

## Ой жүгүртүү үчүн

Саманийлер өлкөнү башкарууда эң оболу чакан башкаруу администрациясын түзүштү. Ал амирдин сарайынан жана девандардан (вазирликтерден) турган.

Сарайда амирдин резиденциясы менен гареми жана сарай ак сөөктөрү, нөкөр жана кызматчылардын турак жайлары болгон. Наршахийдин жазышынча, Саманийлердин башкаруусу негизинен он деван аркылуу башкарылып, алардын арасында вазирдин деваны башкы башкаруу мекемеси эсептелген. Наср ибн Ахмаддын (Наср II нин) тушунда Бухаранын Регистан аянтында амир сарайынын каршысында девандар үчүн сарай курулуп, мекеме мына ошол атайын имаратка жайлашкан эле. Мекеме кызматчылары араб, перс, түрк тилдерин мыкты ээлеген, Куранды жана шариаттын негизги эрежелерин жакшы билген, түрдүү илимдерден кабары бар сабаттуу ак сөөктөрдөн тандап алынган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Мамлекеттик иштерге кабыл алууда белгилүү бир талаптардын системасы болгон. Мисалы, мамлекеттин тилин мыкты билүү, замандын укук нормаларынан толук кабар табуу, тарых, адабият өңдүү илимдерди билүү, эсеп иштери боюнча билимдүүлүк жана ушул сыяктуулар. Ысмайыл Саманий сарайдын атайын туруктуу сарбаздарынан турган мыкты куралданган аскер кошуунун түзөт. Жакшы жана көпкө кызмат кылган сарбаздар «хажиб» кызматына көтөрүлгөн. Хажибдердин башчысы «хажиб ул-хужаб» же «хажиби бузрук» деп аталган. Мындай наам Саманийлер сарайындагы жогорку наам эсептелген.

Жоокерлер эки топко бөлүнгөн: туруктуу түрдө кызмат кылган тандамал бөлүктөр (гвардия) жана зарыл учурларда вилаяттардан чогула турган бөлүктөр. Тандамал бөлүктөрдөгү кызмат аз дегенде сегиз баскычтан турган болуп, кадимки жөө аскерликтен висакбашы, башкача айтканда төрт адамдан турган топко башчы даражасына чейин болгон жолду басып өтүүгө туура келген. Кийин ал хавлбашы (чакан кошуундун башчысы) статусун ээлеши мүмкүн болгон. Бул даражага тиешелүү тартип-эреже, талаптардын чегинде кызмат жасаганда гана жетишүүгө болор эле.

Ысмайыл Саманийдин өлүмүнөн кийин саясий бытырандылык күчөп, борбордук бийликтин аброюна залака жетет. Жагдай чөлкөмдүн Жетисуу жана Кашгар бөлүгүндө башка бир саясий династия — караханийлердин күчөп отурушу менен бир убакытка туш келген эле. Натыйжада X кылымдын акырында бийлик Караханийлердин колуна өтөт. Караханийлер чөлкөмдүн Жетисуу, Кашгар, Маварауннахр өңдүү бөлүктөрүнүн үстүнөн бийлик жүргүзө баштайт. Ал эми Хурасан, Газна өңдүү вилаяттар куду ошол доордон баштап чөлкөмдө жетишип чыккан дагы бир саясий династия — *газнавийлер*дин кол астына өткөн эле.



## Чыгармачыл иш

1. Эмне себептен Ысмайыл Саманий мамлекеттик иштерге кабыл алуу үчүн белгилүү талаптарды иштеп чыккан? Сен дагы кандай талаптарды койгон болор элең?
2. «Туран элдеринин аскердик өнөрү» темасындагы маалыматтардын негизинде Саманийлердин тушундагы аскердик турмушка талдоо жүргүз: жалпы жана айырмалуу жактарын аныкта.
3. Бул доордо дүйнө тарыхында Европа жана Азиянын башка мамлекеттеринде аскердик башкаруу кандай көрүнүштө эле?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

IX–X кылымдарда чоң жер ээлөөчүлөр кадиварларды иштеткенге караганда, өздөрүнүн жерлерин кыштак жамааттарынын аз жерлүү мүчөлөрүнө ижарага берүүнү оң көрүшөт. Ошол заманда ижарачылар «барзикер» же «кошчулар» деп аталган. Мамлекеттик салыктар (хираж менен үшр) жердин ээсинен да, кошчулардан да өз алдынча алынган.

Саманийлердин аскердик жортуулу, бийлик династиясынын ички чырлары, жергиликтүү акимдердин анархиялык кыймылдары барган сайын күчөп отурду. Натыйжада өлкөдө экономикалык кыйынчылык туулду. Ал тургай аскерлер, ошонун катарында, амирдин туруктуу түрк сарбаздарынан турган кошуунга маяна төлөө үчүн каражат табылбайт. Мындай оор абалдан чыгуу үчүн 942-жылы калкка эки жолу салык салынат. Ченден ашкан тартипсиздик өлкөдө жагдайды дагы да кескиндештирип, калктын түрдүү катмарларынын бийликке каршы козголушуна себеп болот.



Наср Ахмаддын тыйыны



Саманийлер атчаны

Ысмайыл Ферганада 849-жылы туулган. 14 жашында атасы Ахмад кайтыш кылып, агасы Насрдын колунда калат. Булактын тили менен айтканда, «акылдуу, адилеттүү, пикирдин жана иштин ээси» болгон Ысмайыл 892-жылы бүткүл Маварауннахр бийлигин өзүнүн колуна алууга жетишип, «чындыгында да падышалыкка ылайык жана акылуу» экендигин далилдейт...

Ысмайыл мамлекетчилигибиз тарыхындагы тажрыйба жана салттарды билгичтик менен уланта билген мамлекет ишмери эсептелет. Ал, эң мурда, өлкөбүздүн саясий биримдигин камсыздоо ишине бел байлап, Фергана, Исфижаб, Чач, Самарканд, Бухара, Харезм, Чаганиян, Хутталон, Кеш, Хурасан, Сейистан, Газна өңдүү бир топ вилаяттарды өзүнүн бийлиги астына бириктирдиі...

Ысмайыл борборлошкон мамлекетчиликтин негиздерин кайрадан калыбына келтирүүгө жетишкен.

Азамат Зия,
«Өзбек мамлекетчилигинин тарыхы»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Саманийлер дооруна таандык идиш

## Чыгармачыл иш

1. Алптегин менен Сабуктегиндин тагдырындагы кулдарга болгон мамилени мүнөздө.
2. Кулдарга болгон мамилени байыркы Египет, байыркы Рим жана Байыркы Грециядагы кул ээлөөчүлүк системасы менен салыштыр.

## Ой жүгүртүү үчүн

Саманийлердин аскердик бөлүктөрүндө, административдик кызматтарында түрктөр кызмат кылган. Түркий кулдар башка өлкөлөргө соодага чыгарылган. Кул качып кетсе, аны эч ким издебеген.


Саманийлердин кызматында да түркий кулдар аз болбогон. Алардын ичинен вилаяттын акимдери, аскерлер, ал тургай мамлекет башчылары жетишип чыккан: Самжурий, Алптегин, Таш, Файык жана башкалар ошолордун катарына кирет.

Алптегин саманийлердин мурдагы кулу, кийинчерээк ири аскер башчы, Хурасан вилаятынын акими жана ири жер ээлөөчү болгон. Ал байып, Хурасан менен Маварауннахрда жайлашкан кыштактарды сатып алган, ар бир шаарда анын сарайы, короо-жерлери, кербен-сарайлары болгон. Алптегиндин Нишапур базарынан сатып алган Сабук (кийинчерээк Сабуктегин) аттуу дагы бир кулу өзүнүн шыгы менен ири аскер башчы даражасына көтөрүлгөн.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн




X кылымда ири мансаптууларга мамлекеттин алдындагы кызматы үчүн жер жана суудан турган чоң-чоң мүлктөр ыйгарыла баштайт. Мындай мүлк «ыкта», ага ээ болгон мүлктүүлөр «мукта» же «ыктадар» деп аталган. Ал эми ыкта иретинде айрым вилаят же шаарлар жана түмөндөр да белекке берилген. Ыкта эң оболу, негизинен жогорку деңгээлдеги ак сөөктөргө: династиянын мүчөлөрү – амирзаадаларга жана ири мансаптууларга тартууланган. Ыкта мүлктөрү мурда бир өмүргө эмес, белгилүү мөөнөткө гана берилип, укумдан-тукумга өткөрүлбөгөн. Ыктадарлар өзүнө белекке берилген аймактарда жашаган калктан алынган салыктардын белгилүү бөлүгүн жыйнап алуу укугуна ээ болушкан.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

Жамаат менен иштөө:

1. Туран аймагында орто кылымдардын алгачкы доорундагы жер ээлөөчүлүктү эсте жана саманийлер мамлекетинин жер ээлөөчүлүгү менен салыштыр. Алган маалыматтарды үйрөнгүлө, жалпы жана айырмалуу жактарын айтып бергиле.
2. Европада бул доордо жерге ээлөөчүлүктү кылуунун кандай көрүнүштөрү бар эле?
3. Эки аймактагы жерге ээлик кылуунун айырмалуу жана жалпы жактарын жадыбал көрүнүшүндө салыштыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**26–27-темалар:**

# САМАНИЙЛЕРДИН ТУШУНДА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

Экономикалык турмуштун өнүгүшүнө кандай факторлор таасир көрсөттү? Пикир билдиргенде *тынчтык, өнүгүү, илим, умтулуу, айкөлдук* өңдүү сөздөрдөн пайдалан.

## Ой жүгүртүү үчүн

Саманийлердин тушунда Фергана, Кашкадарыя, Зарафшан өрөөндөрүндө, Чач, Харезм, Хурасан аймактарында дыйканчылык иштери жогорку деңгээлде эле. Буудай, арпа, шалы, пахта, таруу, зыгыр, күнжүт, кенап, буурчак, маш, жасмык, беде өңдүү эгиндер өстүрүлгөн.



Жерди иштетүү мыкты жолго коюлгандыктан, түшүмдүүлүк жогору болгон. Багбанчылык, алсак, жүзүмчүлүк жана жашылчачылык жаатында да жетишкендиктер ушул сыяктуу эле. Жүзүмдүн ондогон сортторy, мөмөлөрдан алма, шабдалы, өрүк, алмурут, анжир, бихи, чие, кара өрүк, анар, бадам, жаңгак, жер-жемиш эгиндеринен ашкабак, коон (айныкса Бухаранын коондору белгилүү болгон), жашылчадан баклажан, сабиз, пияз өңдүүлөр өстүрүлгөн.

Дыйканчылык салыгы – хираждан казнага түшкөн киреше мамлекет чыгашасынын чоң гана бөлүгүн каптаган. Ошондуктан саманийлер өлкөдө дыйкан чарбасын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурушкан.

## Чыгармачыл иш

1. Бул доордо унаадан дагы кандай максаттарда пайдаланылган?

2. Эгерде дыйканчылык салыгынан түшкөн киреше мамлекет чыгашасынын чоңураак бөлүгүн каптаса, мамлекет дыйканчылыкка кандай мамиледе болот?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мавараухнахр вилаяттарынын ичинде эң абройлуу аймак Фергана өрөөнү болгондугун түшүнүп алуу кыйын эмес. Фергана вилаятында көптөгөн шаарлар болгон. Анын борбору ошол доорлордо Ахсикент болуп, шаардын чоңдугу (тегерете) 3 фарсаң аралыкка созулган, анын ичинде бак, каналдар жана бир канча көлмөлөрү болгон. Ахсикенттин айланасында (дубалдан тышта) да бактар, дараказарлар мол болуп, алар бири-биринен үзүлбөй 2 фарсаң аралыкка чейин созулуп кеткен.

Истахрий (араб географы)



Саманийлер дооруна таандык сыя челек

Фарсах же фарсаң – болжол менен 6 км ге барабар аралык чен бирдиги. Иш жүзүндө фарсахтын узундугу ар түрдүү аймактарда бири-биринен айырмаланган. Борбордук Азияда бул аралык адатта кадамдар менен өлчөнгөн жана 12 миң кадамга тең болгон.

## Маалымат үчүн



Бул доордо шаарлардын жалпы көрүнүшү түп-тамырынан өзгөрөт. Туран элдеринин маданияты менен араб маданияты жуурулушуп, чоң күмбөздүү аркалуу жана порталдуу имараттар, устаканалар, мечит, медресе, күмбөз жана кербен-сарайлар бой көтөрдү. Шаарлар кол өнөрчүлүк борборуна айланды.

Самаркандда жогору сорттогу кагаз өндүрүлөт эле. Чач өзүнүн булгаарыдан жасалган товарлар менен, ал эми Илак күмүш жана коргошун кендери менен, ошондой эле күмүш тыйын соккон ишканалары менен белгилүү эле.

Харезмде кайык жасоо өнүгө баштайт. Харезм жана Термезда жасалган кайыктар Амударыяны бойлой Арал деңизине чейин тынымсыз товар ташып, соодагерлердин жүгүн жеңил, алысын жакын кылган. Бул доордо шаарлар менен кошо кыштактар да өлкөнүн экономикалык турмушунда чоң орунга ээ эле. Бухаранын Зандана кыштагында токулган саман түстүү бөз «занданича», Самарканддын Вадор кыштагында даярдалган кездеме «вадорий» аттары менен Чыгышта белгилүү эле.






Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Тышкы соода мамилесинде сараптык чектеринен кеңири пайдаланылган. Соодагерлер өзү менен көп санда акча алып жүрбөгөн. Акчаларын алар шаардагы сараптардан бирине тапшырып, андан тиешелүү документ – чек алышкан. Багыт алган шаарына жетип барган замат бул чекти сарапка берип, анда көрсөтүлгөн сандагы акчаны толугу менен кайтарып алганга болгон.

Ички базарларда «фалс» деп аталган жез чака, ал эми эл аралык соода-сатыкта күмүш тыйын – дирхамдар колдонулган. Жез чакаларды борбордук өкмөт да, ошондой эле, династиянын мүчөлөрүнөн болгон кээ бир вилаят акимдери да чыгарган. Күмүш тыйындар өкмөт башчысынын атынан гана Мерв, Самарканд, Бухара жана Чачтагы мамлекеттик ишканаларда согулган. Саманийлер «ысмаилий», «мухаммадий» аттары менен колдонулган бир канча күмүш дирхам чыгарышкан эле. Алардын арасында «ысмаилий» тыйыны жогору сапаттуу таза күмүштөн согулуп, ал негизинен эл аралык соода байланыштарында колдонулган.



Саманийлер дооруна таандык идиш

Чек персче сөз болуп, ошол маалда да учурдагы маанисинде колдонулган

## Чыгармачыл иш

Соодагерлер акчаларын шаардагы сараптардан – акча алмаштыруучулардан бирине тапшырып, андан тиешелүү документ – чек алышкан. Бул жагдай сага бүгүнкү күндөгү кайсы системаны эскертет?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Бышкан кыш административдик жана жамаат имараттарынын курулушунда негизги материал болуп калды. Ал эми турак жай имараттарынын курулушунда сынчтуу конструкция кеңири таралды. Коздоо иштеринде самандуу ылай шыбактын катарында ганчтын түркүн түрлөрү колдонулган. Кийинчерээк сырдалбаган кафель жана чопо плиткалар, сырдалган кафель жана сырдалган текши оймо менен бышырылган ылай бөлүктөрү — майоликаны иштетүү усулу ойлоп табылды.

Өтө байыркы эстеликтерден Байыркы Харезмдеги Кават калааны, Самарканд (Афрасияб)дагы саманийлер сарайынын бир бөлүгүн жана Термезге жакын жердеги Кара кыз калаасын айтууга болот. Алардын үчөөсү тең бышпаган кыш жана баксадан курулган. Афрасиябдагы саманийлер сарайынын бир бөлүгү эсептелген имараттын алды жагы жыгач устундуу, верандалуу болуп, ортодо чатыры күмбөз менен жабылган чоң бөлмө жана анын эки жагында дагы кошумча бөлмөлөр болгон. Негизги зал акиташтуу ганчтын ичине була сымал өсүмдүктөр кошулган материалдан аябай назик оймо усулунда кооздоп иштелген.

Ысмайыл Саманийдин күмбөзү. Бухара.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Термезге жакын жердеги Кырк кыз калаасы өзүнүн конструктивдик жана архитектуралык чечимдери менен 1000 жылдан бери дүйнөнү таң калтырып келүүдө. Анын негизи квадратка жакын көрүнүштө болуп, төрт бурчунда төрт гүл десте сымал форттору бар.

Бышкан кыштан жасалган алгачкы имараттардын катарында Бухарада сакталып калган саманийлердин күмбөзүн мисал келтирүүгө болот. Бул имарат Ысмайыл Саманийдин тушунда курулган деп эсептелет. Туран архитектурасынын шедеври болгон бул күмбөз куб сымал болуп, жактарынын тышкы узундугу 10 метрге жакын. Өтө кооз иштелген бул имараттын ички жактары 7,2x7,2 метр болуп, үстү күмбөз түрүндө жабылган.

Саманийлердин күмбөзү байыркы Иран жана Туран архитектурасында белгилүү болгон «чартак» композиция тибин түзөт. Имараттын курулушунда ар түрдүү өлчөмдөгү бышкан кыштардан пайдаланылган.


* **Медресе** (арабча – үйрөнүү) – мусулмандардын орто жана жогорку окуу жайы.

* **Вазир** – деванхананын башчысы, башкы вазир

* **Окумуштуу** – дин окумуштуулары

* **Хажиб** – аскердик наам

* **Ханаках** – мусапыркана



Саманий күмбөзүнүн ички көрүнүшү



Кырк кыз калаасы. Термез



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Түндүк жол аркылуу Түштүк Сибирь жана Монголияга Маварауннахрдын шаар жана кыштактарынан бөз, кийим-кече, ээр-жабдык, кылыч, идиштер, зергерлик буюмдары, дары-дармек, кургак мөмө, күнжүт жана зыгыр майы өңдүү товарлар алып барылган. Сибирден түркүн-түмөн кымбат баалуу мехтер, бодо малдар жана мал чарбачылыгынын продуктулары алып келинген.

Кытай менен болгон соодада чай, жибек кездеме, туз жана жылкы негизги орунда турган. VII–VIII кылымдарда негизги импорттук продуктулардан бирине айланган. Кытайча «ча» же «миң» деп аталган жыпар жыттуу чай өсүмдүгү жана анын селекциясы ошол доордо Чыгыш Түркстан аркылуу Түркстан өлкөсүнө, андан башка өлкөлөргө кең таралып, калктын турмуш-тиричилигинде теңи жок күндөлүк керектелүүчү суусундукка айланган.

Итиль, Хазар жана Булгарга Маварауннахр менен Харезмден күрүч, кургак мөмөлөр, таттуулар, туздалган балык, пахта, шайы кездемелер, нооту, кымкап жана килемдер алып барып сатылган. Булгар менен Хазардан кымбат баалуу мехтер, шамдар, шуштугуй калпактар алып келинген.

## Чыгармачыл иш

1. Бул доордо Улуу жибек жолунун мааниси кандай эле, деп ойлойсуң?
2. Бул доордо Европа жана Азия мамлекеттери менен шаарларынын ортосундагы соода мамилелери кандай жолго коюлган эле? Тышкы соода байланыштарында Европа активдүү элеби же Азиябы?
3. Соода аркылуу дагы кандай социалдык мамилелер өнүккөн?
4. Соодагерлер соодадан тышкары дагы кандай милдеттерди аткарган?





## Маалымат үчүн

Маварауннахрдын өнүгүшүнө ислам дини окумуштууларынын салымы чоң болду. Ошондуктан алардын аброю жогорулап, борбор Бухара Чыгышта ислам дининин эң көрүнүктүү борборлорунан бирине айланды. Шаарларда көптөгөн ибадатканалар, ошонун катарында, коомдук мечит, мусапыркана жана намазканалар курулду. Ошол доордо Бухара шаарында Турандагы алгачкы медресе курулат. Кийинчерээк VIII–X кылымдарда көптөгөн медреселер бой көтөрөт.

Өлкөнүн руханий турмушунда «устат» деп аталган диндин жана илимдин алдыңкылары жетекчилик кылды. Кийинчерээк бул ат «шайх ул-ислам» аты менен дагы да улууланды. Устаздан кийин хатибдер турган.

Саманийлер мечит, медресе жана мусапырканаларды куруу үчүн атайын жерлерди жана алардын сарпы үчүн чоң-чоң мүлктөрдү бөлүп берген. Ислам дининин өнүгүшү Туран калкынын руханий көз карашынын калыптанышында чоң мааниге ээ болду.



Саманийлердин тыйындары, Бухарада согулган

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Саманийлердин тушунда айыл чарбасынын жана кол өнөрчүлүктүн кайсы түрлөрү өнүккөн?
2. Саманийлердин тушунда ички жана тышкы соодада кандай акча бирдиктери колдонулган?
3. Жер ээлөөчүлүктүн кандай түрлөрү болгон? Барзикерлер жана кошчулар кимдер эле?
4. Саманийлердин бийлигин кризиске кабылткан себептер эмнелер эле? Анын алдын алуу үчүн эмне кылса болмок?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 28–29-темалар:

# ГАЗНАВИЙЛЕР

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Газнавийлердин тушунда «хажиб ул-хужаб» же «хажиб ул-бузрук» кызматтарына кимдер дайындалган? Алар кандай милдет аткарышкан?
2. Кандай ойлойсуң, мамлекетте аскердик жана коргоо иштеринин көзөмөлү кимдин колунда болууга тийиш?

### Маалымат үчүн



Алптегиндин айкели


Өлкөдө жүрүп жаткан оор доордо Саманийлер мамлекетиндеги түрк хажибдарынан турган сарай кошуунунун саясий аброю өтө күчөйдү. Анткени аскердик жана коргоо иштери толугу менен алардын колунда эле.

Түркий аскер башчылардын кызматтары эсебине саманий амирлери көпчүлүк шыктуу кош башчыларды «хажиб ул-хужаб» же «хажиб ул-бузрук» өңдүү жогорку аскердик мансаптарга дайындайт. Аларга ал тургай айрым вилаяттарды башкаруу укугу да берилген.

962–963-жылдарда Газна вилаятын Алптегин жардамчы жана лашкари амир иретинде башкарган. Ал Газна жана Кабул вилаяттарын өз алдынча башкарууга умтулуп, газнавийлердин мамлекет башкаруусун колго алды. Газна шаары мамлекеттин борбору болду. Династиянын аты бийликтин борбору Газна шаарынын атынан алынган. Газнавийлердин саясий аброю Сабуктегиндин тушунда (977–997) күчөп, саманийлер тарабынан таанылган.

### Билесиңби?

**Газна** – Оогандстандын түштүк-Чыгыш бөлүгүндөгү шаар. Газни дарыясынын боюнда, Кабул—Кандахар автомобиль жолунда жайлашкан. Газни вилаятынын административдик борбору. Металлургиянын байыркы борборлорунан. Кол өнөрчүлүкта килем, палас, бут кийим, жип кездеме материалдары жана башкалар даярдалган. Жүн, мех менен соода жүргүзүлгөн.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сабуктегин Сырдарыянын бойлорунда жашаган түркий барсхан уруусуна таандык болуп, жаштыгында туткунга алынган, андан кийин кул катары сатылган эле. Саманийлердин түркий гвардиясынын башчысы Алптегин аны өзүнүн карамагына алган. Саманийлер мамлекетинин түркий аскерлер кошуунунда кызмат кылган Сабуктегин 977-жылдан баштап Газна жана анын айланасын саманийлердин жардамчысы иретинде башкарат. Бул убакытка келип Саманийлер династиясы кризиске кабылган болуп, Сабуктегин расмий түрдө жардамчы болсо да, чындыгында өзүн көз карандысыз аким сыяктуу кармай баштайт.

Күжүрмөн аскер башчы Сабуктегин саманийлерге душмандарга каршы күрөштө жардам берди жана «Насыриддин ад-давла» (мамлекет жана дин коргоочусу) деген урматтуу наамга татыктуу болду.

Сабуктегиндин уулу Махмуд Газнавийдин тушунда (998–1030) мамлекеттин аймагы кеңейди. Махмуд Газнавий Хурасанды бүткүл Саманийлер мамлекетинен бөлүп алды. Анын тушунда Газнавийлер мамлекети чыгыштын эң кудуреттүү мамлекеттеринен бирине айланган. Багдаддын халифасы Махмуд Газнавийге «Ямин уд-давла жана амин ул-милла» («Мусулман мамлекетинин оң колу жана улуттун амандыгы») деген ардактуу наам жана Хурасан акимдигине жардык, туу жана добулбас жиберет. Өз кезегинде Махмуд Газнавий да Аббасийлердин халифасын расмий түрдө таанып, аны пайгамбардын урпагы иретинде урматтайт. Бул болсо Махмуд Газнавий мамлекетинин толук көз карандысыздыгынан кабар берет эле.



## Чыгармачыл иш

1. Газнавийлер мамлекетинин түзүлүшүнүн негизги себеби эмнеде?
2. Учурдагы Газна шаары жөнүндө Интернеттен маалымат тап жана ортоктош.
3. Алптегин менен Сабуктегиндин элеси тарыхтагы дагы кайсы адамдарды эске салат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Махмуд Газнавийдин мечити жана күмбөзү

## Билесиңби?

### Өз алдынча окуу үчүн

# Махмуд Газнавийди «жеңген» каныша

Түркийлердүн тарыхында көптөгөн өкүмдарлар болуп, алар ар-намыстын, сыймыктын жана жогорку даражалуу өкүмдардын үлгүсүнө айланууга умтулган. Газнавийлер мамлекетинин белгилүү өкүмдары Султан Махмуд Газнавий менен байланыштуу төмөнкү тарыхый окуя жогорку даражалуу өкүмдардын ишкердигине мисал боло алат.

Мураскор Маждиддин Давла бойго жете электиги себептүү, Рай аймагын уулунун атынан Сайида Хатун башкарып турган. Махмуд Газнавий Сайида Хатунга элчи жөнөтүп, жума намазында өзүнүн атын хутбага кошуп окутууну, Султан Махмуддун атында чака-тыйын чыгарууну талап кылат. Эгерде каныша бул шарттарга көнбөсө, Газнанын кошууну күч менен вилаятты ээлешин, талап-тоношун жана канышанын өзүн өлүмгө буюрушун шарт түрүндө коёт.

Сайида Хатун Махмуд Газнавийдин опузаларынан коркпой, чечкиндүүлүк менен элчилерге минтип жооп берет:

«Султан Махмудга айткыла, күйөөм Фахриддин Давла тирүү кезинде Султандын Райга чабуул жасашы мүмкүндүгүнөн ар дайым кооптончу эле. Ал кайтыш кылгандан кийин мен бул жөнүндө кайгырбай койдум. Анткени, менин түшүнүшүмчө, Султан Махмуд өтө акылдуу өкүмдар, ал аял киши менен согушка киришүүнү өзүнө жөн көрбөсө керек. Дагы айтаарым, «жолборстун эркеги гана эмес, ургаачысы да коопту». Эгерде ал бизге чабуул жасоону чечсе, анда жалгыз Кудайдын өзү билет, мен согуштан качпаймын. Экөөсүнөн бири болот: же жеңиш мен жакта болот, же болбосо мен жеңилемин. Эгерде жеңиш мага буюрса, анда бүткүл дүйнөгө элчилерди жөнөтүп, жүздөгөн өкүмдарларды кол астында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1006-1008 жылдарда караханийлер Хурасанга бастырып кирет. Махмуд Газнавий Хурасандан караханийлерди kууп салат.

1017-жылы Махмуд күйөөсү Харезмшах Маъмун ибн Маъмунга уюштурган кол салуудан кийин ошол жылдын жазында Харезмге жортуул жасайт. Хазараспка жакын жердеги согушта Харезмдин кошуунун кыйроого учуратат. Харезмден көптөгөн байлык менен бирге, илим жана маданияттын ишмерлери да Газнага көчүрүп алып келинет. Алардын арасында залкар окумуштуу Абу Райхан Беруний да болчу. Ал эми Харезмге султандын мурдагы башкы хажиби Алтунташ жардамчы кылып дайындалат. Махмуд Газнавий 1024-жылы караханийлерге таандык болгон Амударыянын бойлоруна жортуул жасап, Чаганиян, Кабадиян, Хутталон жана башка чектеш вилаяттарды мамлекетинин курамына кошот.

Махмуд Газнавий 1029-жылы Ирандагы Рай жана Жилаб жерлерин да өз мүлкүнө кошуп алат. Ал өз доорунун перзенти болуп, татаал жана карама-каршылыктуу жагдайда, карама-каршылыктарга бай мезгилдерде өкүмдарлык кылган. Махмуд Газнавий 1030-жылы кайтыш кылган.

кармаган Султан Махмудду мен жеңдим, деп сыймыктануу менен дүйнөгө жарыя кыламын. Дүйнөнүн бүткүл тарыхчылары Султан Махмуд аял өкүмдардан жеңилгендиги жөнүндө тарых жазышат, анын аты тарых сахнасынан жоголот, ага мындан ашуун шермендели болбойт. Эгерде Султан мени жеңсе, жеңиш ага даңк алып келбейт, анткени эч кайсы акын же тарыхчы Султан Махмуд аял өкүмдардын өлкөсүн басып алды, деп мактабайт».

Сайида Хатундун акылман жана чечкиндүү пикирлерин түшүнгөн Султан Махмуд бул аял кайтыш кылганга чейин эч бир жолу Райга чабуул жасабайт. Сайида Хатун 29 жыл бою шазаада менен бирге бийлик жүргүздү. Ошондон кийин гана Султан Махмуд Райга кошуун тартып, 1029-жылы аны өз бийлигине өткөрдү.

Акбар Замонов,
«Орто кылым тарыхый адамдары турмушунун айрым белгисиз беттери»




### Чыгармачыл иш

1. Эмне үчүн Махмуд Газнавий Райга кошуун тартуудан баш тартты?
2. Тарыхыбызда мамлекет башкарган дагы кандай аялдарды билесиң?
3. Европа өлкөлөрүндө да мамлекет башкаруусунда катышкан аялдарды билесиңби?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Буканын башы өңдүү тумшуктуу идиш, Газнавийлер династиясынын доору

## Маалымат үчүн

Махмуд Газнавий Индия жана башка өлкөлөрдөн келтирилген олжолорду көп учурларда көрктөндүрүү жана курулуш иштерине сарптаган. Алсак, ал Газнада алгачкы мамлекеттик медресени, жаме мечитин, ири суу дамбасын жана бир топ имараттарды курдурат. Газна көп узабай Чыгыштын эң кооз жана көрктүү шаарларынан бирине айланат. Беруний Газна жөнүндө сөз кылганда, бул шаарда ажайып сарайлар, медресе жана базарлар көп экендигин баса белгилеген эле.

Султан Балх жана Нишапурда да бир топ курулуш иштерин аткарган. Ошондой эле, Султан илим-билим жана маданият ишмерлерине да демөөрчүлүк кылган. Махмуд Газнавийдин өзү түркий, араб, перс тилдерин толук билген, поэзиядан кабардар болгон.

Анын сарайында Абулхасан Фаррухий, Абдулмажид Санойий, Унсурий, Манучехрий, Утбий, Гардизий, Байхакий жана ушул сыяктуу акындар, тарыхчылар да ишкердик көрсөтүшкөн. Берунийдин эң мыкты чыгармалары да Газнада жаратылган. Ал султан менен бирге көптөгөн жортуулдарда катышкан. Беруний менен Султандын ортосундагы мамиле өтө жылуу болгон. Окумуштуу Махмуд Газнавий кайтыш кылгандан (1030) кийин да Газнада соңку демине чейин, башкача айтканда 1048-жылга чейин жашап калган. Ал Газнада обсерватория ачып, шакирттерине сабак берет, натыйжалуу эмгектенет.

Махмуд Газнавий атасы Сабуктегин жазып калтырган: *«Руханий салабаттуулук жалын жана шамал өңдүү, аларда кыймыл жасоо жана көккө көтөрүлүү өзгөчөлүгү бар. Ал эми оюн-зоок жантык жердеги кум дөбөгө окшойт. Анын ылдый карай сүрүлүү касиети бар»*, – деген насаатына баш ийип, илим-билим жаатына да өзгөчө көңүл бурган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Махмуд Газнавий залкар окумуштуу Абу Али ибн Синанын да сарайында кызмат кылышын каалаган. Өз убагында харезмшах Маъмундан башка окумуштуулардын катарында аны Газнага жиберүүнү талап кылган. Ошондуктан, Гурганжга элчилерди да жөнөткөн. Бирок Масихий менен Ибн Сина Султан Махмуд Газнавийдин сарайында кызмат кылууну каалабай, Харезмден чыгып кетүүнү чечишет. Махмуд Газнавий Ибн Синаны сарайына алып келүүгө көп урунат, ал тургай анын сүрөтүн кагазга көчүртүрүп, кантип болсо да, аны таап келүүгө буйрук берет.

## Ой жүгүртүү үчүн

## Махмуд Газнавий менен Фирдавсий

Султан Махмуд Газнавий Абул Касым ысымдуу перс акынына Фирдавсий псевдонимин берген. Султан мурда Фирдавсийге жылуу мамиледе болгон. Бирок, акын чыгармачылыгы үчүн жетиштүү акча албаганын шылтоо кылып, берилген 60 000 күмүш дирхамди калкка таратуу аркылуу урматсыздык көрсөткөндөн кийин, султан мындан катуу ачууланат жана аны өлүмгө өкүм кылат. Бирок кийинчерээк каары басылып, өкүмүн өзгөртөт жана ага шаардан чыгып кетүүгө уруксат берет.

Фирдавсийдин түркий элдер жөнүндөгү кээ бир терс караштары да султанга макул келбеген. Акын Туска жол алат. Фирдавсий көп узабай султанды мыскылдаган байттарын жаза баштайт.

Мындай жагдай Махмуд Газнавийдин аты кийинчерээк да Фирдавсийдин чыгармаларында терс каарман иретинде тилге алынышына негиз түзөт.



Фирдавсий. «Шахнаама» чыгармасына миниатюра



Предназначена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

105–106-беттердеги текстти оку жана төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. *Руханий улуулук, пастык* өңдүү түшүнүктөр эмнени билдирет?
2. Сен руханий улуулукка жетишүү үчүн эмнелерге көңүл бурасың? Жообуңду өзүңдүн күн тартибиң менен негизде.
3. Мамлекет көз карандысыз болушу үчүн кандай негиздер керек?
4. *Ариет, сыймык жана жогору мартабалуу өкүмдардын абийири* дегенде эмнени түшүндүң?



## Маалымат үчүн

Газнавийлер мамлекетинде башкаруу системасы өзүнүн татаалдыгы менен өзгөчөлөнгөн. Башкаруу системасынын борборунда сарай жана девандар (вазирликтер) турган. Сарайга жогорку өкүмдардын ишкердиги менен байланыштуу кызматтар жана иштер кирген. Газнавийлердин тушунда хажибдик кызматынын орду өзгөчө мааниге ээ болгон.

Хажибдиктин төмөнкү формалары болгон: улуу хажиб, сарай хажиби, кезекчи хажиб, хажиб-жамадар. Улуу хажиб хажибдердин арасында гана эмес, ошондой эле бүткүл өлкөнүн турмушунда чоң абройго ээ болгон. Махмуд Газнавийден кийин тикеден-тике бийлик иштерин жүргүзгөн улуу хажиб Али Кариб ысымдуу киши болгон. Расмий түрдөгү аземдерде, түрдүү иш-чараларда улуу хажиб өкүмдарга эң жакын жерде турган. Согушта да ага кошуундун эң салмактуу жана жооптуу бөлүгүнө башчылык кылуу милдети жүктөтүлгөн. Сарайдын ишинде сыпахдар (сарай кызматчысы), даватдар (жогорку өкүмдардын документ иштерин жүргүзүүчү), пардадар (махрам; жашырын иштерди аткаруучу), мартабадар (сарайдагы орто кызмат адамы), казначы, жама кана жана фарраш өңдүү мансап жана кызматтардын орду чоң болгон.

Девандар аткаруу органдары болуп, ошол доордун булактарында 5 девандын аталышы кездешет. Алар вазир деваны (башкы вазирдын деваны), аскердик иштердин деваны, элчилик жана башка расмий түрдөгү иштерди жүргүзүү деваны, каржы деваны, почта-кабар деваны. Вилаяттын башчысы валий деп аталган. Аны жогорку өкүмдар дайындаган. Ал вилаяттардагы башкаруу иштерин жүргүзгөн. Шаардын башчысы раис деп аталган. Шаардын чегинде кутвал, сахиби деван өңдүү кызмат адамдары да ишкердик көрсөтүшкөн.

Газнавийлер мамлекети кудуреттүү аскердик кошуунга ээ эле. Жогорку кол башчылык өкүмдардын милдетинде болгон. Ал эми башкы кол башчы – сыпахсалар династиянын эң ишеничтүү өкүлү же ошол үй-бүлөнүн мүчөсү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



эсептелген. Мисалы, Махмуд Газнавий сыпахсалар мансаына иниси Мухаммад Юсуфту ылайык көргөн. Жогору деңгээлдеги аскердик кол башчыларга салар, ал эми орто даражадагыларына сархаң дейилген. Аскерлер өздөрүнүн почта-кабар жана казылык кызматтарына ээ болушкан. Газнавийлердин кошуунунда аскердик кемелер да бар эле.

Газнавийлердин тушунда ички жана тышкы соода-сатык байланыштары кыйла өнүктү.



Газнавийлер кошуунунун атчан аскери

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Газнавийлер мамлекетинде мамлекет башкаруунун сарай жана деванга бөлүнүшү тарыхыбызда кайсы династиянын тушунда жолго коюлган?
2. Топторго бөлүнүп, газнавийлер жана саманийлердин тушундагы мамлекеттик башкарууну салыштыр жана жыйынтык чыгар.
3. Газнавийлер мамлекетинин доору жана өкүмдарлары жөнүндө кошумча маалымат табууга аракеттен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 30–31-темалар:

# КАРАХАНИЙЛЕР

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Саманийлердин кризиси себептүү кайсы аймактар караханийлердин карамагына өткөн эле?
2. Газнавийлер менен караханийлердин ортосундагы мамилелер кандай болгон?
3. Кандай себептер боюнча эки династия бир мезгилде мамлекетти башкарууга келген?



### Маалымат үчүн

X кылымдын экинчи жарымына келип ички карама-каршылыктардын күчөшү жана кескиндешүүсү натыйжасында Саманийлер мамлекети алсыздана баштайт. Саманийлерге көз каранды болгон вилаяттар, айныкса, Хурасанда алардын бийлигине каршы көтөрүлгөн козголоңдор, так үчүн тынымсыз алып барылган күрөштөр Саманийлер мамлекетинин кризисин жакындаштырган эле. Мындай жагдайдан Жетисуу жана Кашгарда жашаган түркий уруулар натыйжалуу пайдаланды. Анткени, X кылымдын экинчи жарымына келип бул аймактардагы карлук, чигил, ягма өңдүү түркий уруулар өздөрүнүн күчтүү мамлекеттерин түзүүгө үлгүргөн эле. Ошол доордо Исфижабдын акими Билгекул өзүн каган деп атап, жогорку бийликке талапкер болду. Бирок Саманийлер Исфижабды басып алышты. Ысмайыл Саманий Таразды ээлегенден кийин түркий уруулар Батыш Кашгардын жерлерин карай чегинүүгө аргасыз болушту. Билгекулдун «кара» деген аты болгон. Тарыхчылар караханийлердин аты Билгекулга карата «карахан» деп айтылса керек, деп божомол-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


дошот. Билгекулдун урпактары тарабынан бир нече жолу Маварауннахрга чабуулдар болуп турган.

Караханийлердин Маварауннахрга толук бийлиги Х кылымдын 40-жылдарында орнотулду. Сатук Буграхандын бийлигинин тушунда Караханийлер династиясы исламды кабыл алган.

Бүткүл Тянь-Шань менен Жетисууну ээлеп болгондон кийин, караханийлер Саманийлер мамлекетинин курамында болгон Маварауннахрга да жортуулдарды уюштурушат. Алар көп узабай Фергана менен Исфижаб (Сайрам)ды да басып алууга жетишет. Алар саманийлерге таандык мүлктөрдүн чоң бөлүгүн, Самарканд менен Бухараны да ээлейт.

## Ой жүгүртүү үчүн

Х кылымдын акырында Саманийлер мамлекетинин ордуна келген эки жаңы мамлекет: Кашгардан Амударыяга чейин – караханийлер, Түндүк Индиядан Каспий деңизинин түштүгүнө чейин – газнавийлер мамлекети пайда болот.




Х кылымдын экинчи жарымындагы кыймыл-аракеттеринин натыйжасында караханийлер Чыгыш багытта Балхаш көлү — Черчень дарыясына чейин (Чыгыш Түркстан) болгон жерлерди баш ийдирип, ал эми батыш багытта Исфижаб, Өзганд, Мургаб дарыясынын төмөнкү агымдарына чейин болгон аймактарды өз таасири чегине киргизет. 1005-жылдан караханийлер Бухара, Самарканд жана Амударыяга чейин болгон аймактары өзүнүн кол астына алат.

Караханийлердин Турандагы бийлиги 200 жылга жакын улантылат.

## Билесиңби?

Караханий Ибрагим Наср 1066-жылы Самаркандагы бир ооруканага бүткүл имараттары, расталары менен эки кербен-сарайды белекке (вакфка) тартуулаган. Бул эки кербен-сарайдан келген кирешеден оорулуулардын тамак-ашы, дары-дармеги, табыптар, бардык түрдөгү кызмат көрсөткөндөрдү тиешелүү маяна менен камсыздоо үчүн пайдаланылган. Башка бир документ боюнча, Самаркандда курулган медресе комплексин камсыздоо үчүн Ибрагим Наср үч меймандкана, бир кербен-сарай, бир эркектер мончосу, суу бөлгүч, жүзүмзар, бир топ эгин аянттары жана башкалардан түшкөн кирешени вакф кылып берген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Маалымат үчүн

Жетисуу вилаятында өнүгүүнү башта-ган Караханийлер түштүк, батыш багыттарында өздөрүнүн бийлигин кеңитип отурушкан жана мунун натыйжасында Черчень дарыясынан Харезмге чейин болгон аймакты башкара баштаган. Ал эми саясий борбор иретинде өздөрүнүн тарыхый жерлериндеги чоң шаарлардан болгон Баласагын менен андан салыштырмалуу алыс болбогон Кашгарды тандашкан. Демек, негизги саясий борбор ошол аймактан орун алган. Бухара, Самарканд, Чаганиян, Фергана жана башкалар жаңы саясий борборго салыштырмалуу вилаят (мүлк) ордунда болгон.

Караханийлер достук мамилелерин орнотуунун жактоочусу экендигин билдирип, кошунасы Газнавийлер менен элчилик мамилелерин орнотот. Бирок, мындай мамилелер көпкө созулбады.

Караханийлер мамлекети шарттуу түрдө Чыгыш жана Батыш бөлүктөргө да бөлүнгөн.

Караханийлер Газнавийлердин кол астындагы аймактарга бир нече жолу баскынчылык чабуулдарын уюштурушат. Бирок бул жортуулдар ийгиликсиз аяктайт.

1008-жылы Махмуд Газнавий өзү согушка үйрөтүлгөн 500 пилге ээ чоң кошуун менен караханийлерге каршы чыгат жана алардын кошуунун таптакыр жексен кылат. Ошондон кийин караханийлер Хурасанга чабуул уюштурууга башка батына албайт. Термез, Кабадиян, Хутталон өңдүү Амударыядан түндүктөгү жерлер Газнавийлердин кол астында калат.



Караханийлер династиясы резиденциясынын урандылары, XI–XII кылымдар, Самарканд



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мамлекеттин үстүндө адатта «карахан» наамы менен улууланган «улуу хан» отурган. Хандыктын тактына ага-инилик салтынын негизинде династиянын эң жашы улуу адамы отурган. Хандар «карахан» наамы менен бирге тавгачхан, арсланхан, буграхан сыяктуу ардактуу наамдар менен да улууланган.

«Такин» термини баштап байыркы түркийлерде кагандын мураскоруна карата колдонулуп, кийинчерээк аскердик кол башчылардын наамы иретинде да колдонулган.

## Ой жүгүртүү үчүн

Караханийлер саманийлердин ордун ээлеши менен борборлошкон мамлекет системасына сокку берилди, башкарууда мүлкчүлүк (кол астындагы вилаяттарды династия өкүлдөрүнө бөлүп берүү) формасы киргизилди.

Борбордогу башкаруу системасы эки орган: сарай жана девандардан турган. Жогорку өкүмдар өзүнө көз каранды вилаят жана шаарларга өкүмдар династиянын өкүлдөрүн дайындап, муну менен, табигый түрдө, бүткүл өлкө боюнча өзүнүн саясатын жүргүзүүнү максат кылып койгон. Вилаяттарды (мүлктөрдү) такиндер башкарган. Алар көз карандысыз саясат жүргүзүүгө да умтулушкан.

## Чыгармачыл иш

Караханийлер менен газнавийлердин мамлекеттериндеги мамлекетти башкаруу системаларынын өзүнө мүнөздүү жактарын эмнелер түзгөн?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

XI кылымдын үчүнчү чейрегинде караханийлердин саясий биримдиги экиге: батыш (Самарканд, Бухара, Хутталон, Чаганиян) жана Чыгыш (Жетисуу, Чыгыш Түркстан) кагандыктарга бөлүнүп кетет. Маварауннахрда бийлик жүргүзгөн караханийлердин өкүлдөрү борборго моюн сунуудан баш тартып, өз алдынча саясат жүргүзө баштаган.

Батыш кагандыкта саманийлердин тушунда болгон башкаруу системасы (башкы вазир, каржы иштери, мамлекеттин расмий документтерин жүргүзүү, сакчылар башчысы, кат-кабарлар, сарай иш жүргүзүүчүсү, мухтасиб, вакф, казылык иштери девандары) сакталып калган. Ошондой эле, вилаят башчыларын аким, шаар башчысын раис, деп атаган адат да өзгөрбөй калган.

Караханийлардын тушунда да борбордогу (сарайдагы) башкаруу системасына өзгөчө көңүл бурулган. Мында сарай, б. а. жогорку өкүмдар менен вилаяттар, жарандардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салып турган хажибдердин ишкердиги өзгөчө орун туткан. Саманийлерден айырмалуу түрдө караханийлердин тушунда хажибдер, негизинен, жогорку өкүмдардын, вилаят акимдеринин мамлекет жана букара иштери боюнча эң жакын кеңешчилери эсептелген.



Навоийге жакын жердеги Работи Малик кербен-сарайы. Караханийлер доору


## Билесиңби?

Юсуф Хас Хажиб менен Махмуд Кашгарийге караханийлер тарабынан «хас хажиб» наамы берилген.

### Караханийлер мамлекети

**Батыш**
- Самарканд
- Бухара
- Хутталон
- Чаганиян
- Шаш-Илак

**Чыгыш**
- Жетисуу
- Чыгыш Түркстан





*Книга предоставлена

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тышкы саясат менен алектенген мансаптууларга, ошолордун катарында, элчилердин алдына аябай чоң талаптар коюлган, башкача айтканда алар «билимдүү, илимдүү, жеткилең, эр жүрөк, көзү ток, уят-сыйыттуу» болууга тийиш эле. Талаптардын ичинде мындайлары да болгон: астрономия, математика, геодезия илимдерин мыкты билүү, шахмат жана шеш-беши душмандарынан жогору деңгээлде ойноо, аскердик өнөрда теңсиз болуу жана эч качан шарап ичпестик, сөз, сүйлөмдөрдүн түз жана өтмө маанилерин мыкты билүү.

Юсуф Хас Хажиб
“Кутадгу билиг»

## Маалымат үчүн

Сарайдын ишин тиешелүү деңгээлде кармап турууда сарай иштеринин башкаруучусу, конокторду кабыл алуу кызматы (анын башчысы «Бирук» деп аталган), казначы (агычи), ашкана адиси (ашчы), шербетдар, жатакана, кийим-кече менен камсыздоочу кызмат, аң уюштуруу кызматы (кушчу) өңдүү административдик мансаптар иш жүргүзгөн. Милдети жогорку өкүмдардын коопсуздугун камсыздоо, анын саясаты жолунда берилгендик менен кызмат кылуу болгон атайын тандамал аскердик бөлүк да сарай башкаруу системасына кирген. Албетте, атайын бөлүктөн тышкары, аскердик кошуун да бар эле. Андагы эң маанилүү кол башчылык жана башкаруу мансаптарына караханийлер династиясынын өкүлдөрү жана аларга берилген кол башчылар дайындалган. Ири кол башчылардан тышкары, кичүү забит (чавуч), атчандар жетекчиси (хавлбашы), жүз башы, миң башы өңдүү аскердик мансаптар да болгон.



## Чыгармачыл иш

«Кутадгу биликтен» алынган текстти кунт коюп оку жана төмөнкү суроолорго жооп бер:

1. Эмне үчүн элчилер «билимдүү, илимдүү, жеткилең, эр жүрөк, көзү ток, уят-сыйыттуу» болушу керектиги жөнүндө талап коюлууда?
2. «...астрономия, математика, геодезия илимдерин мыкты билүү, шахмат жана шеш-беши душмандарынан жогору деңээлде ойноо, аскердик өнөрда теңсиз болуу жана эч качан шарап ичпестик, сөз, сүйлөмдөрдүн түз жана өтмө маанилерин мыкты билүү» элчилерге эмне үчүн керек?
3. Бул талаптардын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу кандай? Сен дагы кандай талаптарды кошкон болор элең жана эмне үчүн? Пикириңди мисалдар менен негизде?



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Жер асты, жер үстү ноолорун өткөрүү, канал, суу сактагычтарды куруу үчүн кандай адистер керек болгон, деп ойлойсуң?
2. Жез, күмүш, коргошун, алтын, сымап, темир, бирюза, нашатырь, нефть, мрамор, купорос, чайыр өндүрүүнүн натыйжасында кайсы тармактар өнүккөн?
3. Биринчи жана экинчи суроого берген жоопторуңду жалпылаштырып ойлоп көрчү, бул багыттын адистери каерде даярдалган?

## Маалымат үчүн

Караханийлердин тушунда да дыйканчылык иштери өз нугунда жүргөн. Буга, албетте, жасалма сугаруу системаларынын талап деңгээлинде иштеп турушу, керек болгондо аларды ремонттоо иштеринин аткарылышы, жер асты, жер үстү ноолорунун өткөрүлүшү аркылуу жетишилген. Айныкса, каналдар, суу сактагычтар, дамбалардын курулушу өлкөдө, алсак, Бухара, Самарканд, Фергана, Ташкент вилаяттарында салттык дыйканчылыктын жогору деңгээлде өнүгүшүнө алып келген.

Ахангарандын тегерегинде (Карамазар) жез, күмүш, коргошун, темир; Ферганада алтын, сымап, күмүш, темир, жез, бирюза, нашатырь, нефть, купорос, чайыр; Нурата тоолорунда алтын, жез, коргошун, сымап, мрамор; Бухара жана Уструшонада алтын, нефть, бирюза, темир кендеринде көптөгөн адамдар эмгектенген.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Темирчилик, карапачылык, айнек куюу, зергерлик, токуучулук, булгаарычылык, сөөккө иштөө өңдүү отуздан ашуун багыттар өнүгүп отурган. Мисалы, айнек куюуда айнектен иштелген буюмдарды (ашкана буюмдары, жабдуулары, жасалгалар, сыя челек, ваза жана башкаларды) түрдүү түстөрдө кооздоо үрп болгон. Мындан тышкары, имараттарды кооздоодо жана жабдууда айнек куюунун мүмкүнчүлүктөрүнөн кеңири пайдаланылган.

Имараттарга орнотулган терезелердин айнектери түстүү да, түссүз да болушу мүмкүн эле. Решёткалардын аралыгына түрдүү түстөгү айнектерден орнотуп, имараттын көркүн чыгарууга аракеттенишкен.



Бухара, Самаркандда пахтадан токулган ар түрдүү кездемелер чөлкөмдө жана чет өлкөлөрдө таанымал болгон. Ал эми булгаары продуктуларынан тыйын чычкан, суусар жана башка жаныбарлардын терисинен ичик, булгаарыдан жасалган бут кийимдер (излик), төөнүн же койдун жүнүнөн токулган жылуу кийим (карс), гүл салынган килем, шырдак жана башкалар болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн


Чыгыш Түркстандан Харезмге чейин болгон чоң аймактын саясий жактан биригиши соода-сатык иштеринде чөлкөмдүн Чыгыш вилаяттары мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүшүнө шарт түзүп берди. Алсак, биз бүгүн «жибек жолу» деп билген соода жолу Чыгыш Түркстанды түздөн-түз араб өлкөлөрү менен туташтырып турган. Өз маалында түндүк жана түштүк багыттарга ээ болгон бул жолдун бир учу Кытайдан башталып, Чыгыш Түркстан, Фергана, Ташкент, Зарафшан өрөөнү, Бухара аркылуу түндүктө Волгадан өтүп Чыгыш Европага чейин, ал эми түштүктө Ортоңку Чыгыш аркылуу Жер Ортолук деңизине чейин барган. Жолду бойлой жайлашкан шаар жана кыштактардагы кооз жана таза базарлар, кербен-сарайлар соодагерлерге кызмат көрсөткөн, ошону менен бирге мындан киреше тапкан түрдүү кызматтар да кеңири өнүккөн. Үзгүлтүксүз түрдө ар түрдүү жерлерде соода көргөзмөлөрү уюштурулуп турган.

Бухарада Минораи калон, катар мечиттер, Сурхандарыяда Жаркоргон мунарасы, Вабкентте мечит жана мунара, Өзгандда күмбөздөр, мунара, мечиттер, Самаркандда медреселер курулган.

Караханийлердин династиясы өз бийлиги тушунда чөлкөмдүн социалдык-саясий, экономикалык, маданий өнүгүшүнө ылайыктуу салым кошкон.



Жаркоргон мунарасы



Минораи калон




Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Махмуд Кашгарийдин эң сонун жана баа жеткис мурасы «Девану лугат ат-түрк» аттуу чыгармасы да ошол доордо (XI кылымда) жазылган. Чыгарма караханийлер доору тилинин морфологиясын, фонетикасын, лексикасын, этимологиясын үйрөнүүдө теңи жок булак эсептелет. Махмуд Кашгарийдин чыгармасынын баалуу жактарынан дагы бири – андан орун алган автор түзгөн дүйнөнүн картасы. Карта тегеректин формасында болуп, анын ар тараптан суу менен курчалгандыгынан күбөлүк берген белгилер бар. Картада борбордо Жетисуу, Чыгыш Түркстан аймагы, анын төрт багытында түрдүү шаарлардын, өлкөлөр, деңиздер, көлдөр, дарыялар менен тоолордун жайлашуусу берилген.





### Юсуф Хас Хажибдин «Кутадгу билиг» чыгармасы жөнүндө

Бул китепти иретке салуучу Баласагында туулган, сабырлуу адам болгон. Бирок бул китепти Кашгарда аяктап, Түштүктүн малики Тавгачхандын сарайына алып келген. Малик андан ыраазы болуп, ага урмат көрсөтүп, өзүнүн сарайында Хас хажибдик кызматын бериптир. Ошондуктан Юсуф Улуу Хас Хажиб деген белгилүү наам таралыптыр.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Төмөнкү презентациялардан бирин даярда:
   — «Караханийлердин тушунда архитектура»;
   — «Махмуд Кашгарийдин чыгармачылыгында доорго таандык маалыматтардын берилиши»;
   — «Юсуф Хас Хажибдин «Кутадгу билиг» чыгармасы – дүйнө түркий элдеринин уникалдуу шедеври».
2. Караханийлер мамлекетинин тарыхыбызда туткан ордун үйрөн жана аны Газнавийлер, Саманийлер, Саффарийлер, Тахирийлер мамлекеттери жана башка мамлекеттер менен салыштыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 32–33-темалар: САЛЖУКИЙЛЕР

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Саманийлердин ордунда түзүлгөн Газнавийлер жана Караханийлер мамлекеттеринин карамагына кайсы аймактар кирген?
2. Түрк кагандыгы кыйрагандан кийин огуздар кайсы жерлерди мекендешкен?
3. Картадан огуздар жашаган аймактарды көрсөт.

## Ой жүгүртүү үчүн

Салжукийлер түркий огуз уруусунун курамында баштап азыркы Түштүк Казакстандын аймагына туура келген жайыттарда, Сырдарыянын орто агымындагы жерлерде көчмөн турмуш кечирген. X кылымда Салжук ысымдуу адам өзүнүн сапаттары, билими, шамдагайлыгы жана марттыгы менен чоң абройго жетишип, бир топ уруулардын жетекчиси, чоң аскердик күчтүн башчысы даражасына жетишет.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Махмуд Газнавийдин ыраазылыгы жана бир топ шарттар менен салжукий үй-бүлөлөр Хурасанга кадам коёт. Кийинчерээк, 1040-жылы салжукийлер менен Газнавийлердин ортосунда Данданаканда кагылышуу болот. Бул кагылышууда Газнавийлер жеңилип калат.

XI кылымдын 40-жылдарында салжукийлер Харезм, Иран, Кавказ артына жортуулдар уюштурушат. Алар халифаттыктын борбору Багдадды ээлешет. Салжукийлер Иран, Ирак, Кавказ арты өлкөлөрүн өз таасир чегине тартат. Салжукий өкүмдар Султан Алп Арстан Кичи Азияда Византиянын падышасы Роман IV Диогенди жеңет. Бул өз ордунда салжукийлердин Кичи Азия жана Жакын Чыгышта бекем орношуп алышы үчүн чоң негиз түзөт.

Салжукий Султан Маликшахтын тушунда Самарканд, Бухара, Фергана салжукийлердин кол астында биригишет. Чыгыш Түркстандагы Караханийлер да салжукийлердин үстөмдүгүн таанышат. Султан Маликшахтын бийлигинин тушунда Салжукийлер бийлиги Чыгыш Түркстандан Жер ортолук деңизине чейин болгон аймакты өз ичине алган. Салжукийлер мамлекетинин эң өнүккөн доорунда Багдаддын халифасы Султан Тугрулбекке «Малик ул-Машрик», башкача айтканда Чыгыштын өкүмдары жана «Рукн ад-дин» — «диндин таянычы» деген наам берген. Бул анын бийлиги аябай кудуреттүү болгондугун көрсөтөт.

Ал эми Салжукийлер бийлигинин алсызданып ыдыроо жараяны XI кылымдын экинчи жарымында башталат. Мындай жараяндын себеби бийликтин ченден ашкан ири аймакка жайылгандыгы эле. Ошол себептүү бул доордо салжукийлер үй-бүлөсү өкүлдөрүнүн аракеттери менен байланышкан Сирия, Ирак, Анадолу (Куня), Кирман султандыктары пайда болот. XII кылымдын баштарына келип бийлик Чыгыш жана Батыш бөлүктөргө бөлүнүп кетет.

## Маалымат үчүн

Чыгыш бөлүк негизинен Хурасан жана Мавараннахрдан турган. Анын чек аралары, таасир чеги өзгөрүп турган. Султан Санжардын куч-кудурети толуп-ташып турган маалдарда Батыш салжукийлер (Иран, Ирак, Азербайжан) анын, башкача атканда чыгыш салжукийлердин саясий таасиринде болгон.

Мавараннахрга каракытайлардын чыгыштан бастырып кириши натыйжасында Султан Санжардын да күчү кыркылат. Каракытайларга каршы салжукийлер караханийлер менен биргеликте аскер тарткан болсо да, жеңилип калат. Бул өз ордунда салжукийлерге баш ийген Харезмдин өркүндөшү үчүн шарт түзөт. Мына ушул жерден чыккан харезмшахтар (ануштегинийлер) XII кылымдын экинчи жарымында батыш салжукийлерге сокку берет. Ал эми чыгыш салжукийлердин бийлигине Султан Санжардын өлүмүнөн кийин чек коюлат.

## Чыгармачыл иш

1. Дагы кайсы династиянын бийлиги тушунда мамлекет чыгыш жана батыш бөлүктөргө бөлүнүп кеткен?
2. Сирия, Ирак, Анадолу (Куня), Кирман султандыктарын картадан көрсөт. Алар азыркы доордо кайсы мамлекеттердин аймагына туура келет?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Салжукийлер династиясынын ордуна кайсы династия бийликти колго алды?
2. «Харезмдин өркүндөшү» дегенде эмнени түшүндүң?
3. Пикирди түшүндүр: «XII кылымдын акырына келип Кичи Азиядагы Анадолу (Куня) султандыгынан башка эч бир жерде расмий түрдө салжукий үй-бүлөсү калбайт. Ал эми Анадолу султандыгы XIII кылымдын ортолорунда монголдорго баш иет. Салжукийлер себептүү Кичи Азияда түркий мамлекет жана улутка негиз салынды. Ошондуктан азыркы Түркиядагы түркий тилдүү эл Түркстанды ата журтубуз – тарыхый мекенибиз, деп билишет».

«Падышанын жумасына эки күн зулум көргөндөрдү кабыл албастыктын аргасы жок. Ал зулумду жазалоого, нысапка чакырууга, калктын сөздөрүн өз кулагы менен ортомчусуз угууга тийиш. Даттануучулар өтө маанилүү сөздөрүн айтууга, (ал эми өкүмдар) алар боюнча өкүм чыгарууга тийиш. Ошондо өлкөдө падыша эзилген жана чындык издегендерди жумасына эки күн кабыл алып, алардын сөзүн тыңшаса, анын даңкы таралат. Зулумдар мындан чочуйт, кулдарын сабашпайт».

Салжукийлердин башкы вазири Низамулмүлк, «Саясатнаама»

## Ой жүгүртүү үчүн

Мамлекетти башкарууда жогорку өкүмдар даражасында салжукийлер үй-бүлөсүнүн өкүлү турган. Ал Султан (Султан улаазам) наамына ээ болгон. Анын атынан хутба окулуп, тыйын согулган. Мүлктү, жер-сууну бөлүштүрүүнү, маанилүү мамлекеттик жана башкаруу мансаптарына дайындоону жана алардын ишин, арыз жана даттанууларды султандын өзү көзөмөлдөп турган. Каржы иштерин да өзүнүн көзөмөлүндө кармаган. Султан өлкөнү көрктөндүрүү, курулуш, кербен жолдорунун коопсуздугун камсыздоо маселелерин да жеке өзү көзөмөлдөп турган.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Эл арасында жана тарыхта Низамулмүлк (мүлк – мамлекетти жөнгө салуучу) аты менен белгилүү болгон салжукийлердин белгилүү вазири Абу Али Хасан ибн ат-Тусий болчу.


Низамулмүлк Салжукий шахтардын тушунда ишти жөнөкөй кызматчыдан баштап, вазир даражасына жетишкен жана көп жылдар бою мамлекетке кызмат кылган.

*«Темур түзүктөрүндө» ар кандай падыша, эл эңсеген аң-сезимдин, айкөлдүктүн ээлери болгон вазирлер жөнүндө сөз болгондо «Саясатнааманын» автору Низамулмүлктү өзгөчө урмат-сый менен, ар тараптан үлгү кылып көрсөтөт. Мындай «кылычтын жана калемдин ээси» болгон вазирлерди урматтоого, барктоого үгүттөлөт.*

Низамулмүлк тарабынан жазылган «Саясатнаама» же «Сияр ул мүлк» (Падышалардын жашоо мүнөзү) деген чыгарма ошол мамлекетти башкаруунун негизги эрежелерин жана укуктук маселелерди үйрөнүүдө маанилүү булак эсептелет. Чыгарма тыянак чыгаруу – баян жана андан чыгарылууга тийиш болгон жыйынтыктар түрүндө түзүлгөн.



Низамулмүлк



Салжукийлердин сапал плиткасы



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

«Саясатнаама» чыгармасында мамлекетти башкарууга тиешелүү негизги эреже жана мыйзамдар, усул жана каражаттар, түрдүү деңгээлдеги мамлекеттик органдар жөнүндө кеп болот. Чыгарманын негизги идеясын мамлекетти акылмандык менен башкаруу, анда катуу эреже жана тартип орнотуу, ошондой эле мансаптууларды абийирдүү, адал, ыймандуу-нысаптуу болууга, мамлекетти көрктөндүрүү, калкынын бейпилдигин, тынчтыгын жана ынтымагын камсыздоо жолунда аракеттенүүгө үгүттөө түзөт. Болгондо да мамлекет маселеси чыгарманын негизги идеясын түзөт.

«Саясатнаама» чыгармасы жаратылган доордон баштап окумуштуулар, тарыхчылар, жазуучулар, эң негизгиси, шахтардын жана өкүмдарлардын көңүлүн өзүнө тартып келет. Бул чыгарманы султандар жана мансаптуу адамдар көчүртүп алып, өздөрүнүн иштеринде пайдаланышкан.

«Саясатнааманын» эң байыркы нускасы Британия жана Берлин музейлеринде сакталат.

## Чыгармачыл иш

1. Бүгүн Өзбекстанда жарандардын мамлекет жетекчисине кайрылуусунун кандай түрлөрү уюштурулган?
2. Салжукийлер доорундагы Европа мамлекеттеринде королдор менен жарандар өз ара кандай мамиледе болгон?
3. Топторго бөлүнүп, ошол доордогу Борбордук Азия жана Европа мамлекеттерин салыштыр.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

Эмне үчүн колдогу кайсы бир кызматчынын маянасы чоңойтулчу же кыскартылчу болсо, бул жөнүндө, эң мурда, каржы-салык деваны менен келишип алуу зарыл болгон? Пикириңди негизде.




Ахмад Санжардын таажы кийүү аземи. Рашидиддиндин «Жами ат-Таворих» китебинен, 1307-жыл.

## Маалымат үчүн

Низамулмүлк вазир учурунда Багдад, Басра, Исфаханда «Низамия» атындагы медреселерди курдурат. Белгилүү окумуштуу Абу Хамид Газзалий Багдаддагы медреседе өз убагында сабак берген.

Ошондой эле, Низамулмүлктүн тушунда белгилүү астроном Умар Хайям шамсия (күн) календарын реформалоо үчүн түзүлгөн жумушчу топко жетекчиликке чакырылат. Умар Хайям бул ишти аткарып, девандын илимий жана мамлекет иштеринде Низамулмүлк менен бирге иштеп калат. Биз Умар Хайямды көбүрөөк акын, тагыраагы төрт саптардын чебери иретинде тааныйбыз. Ал болсо мыкты жылдыз таануучу, математика тарыхында сандардан бүтүн оң тамыр табуунун жалпы эрежесин биринчи болуп далилдеп берген окумуштуу эле.



Умар Хайям

## Чыгармачыл иш

1. Бир доордо жашаган бул адамдардын тарыхта из калтырышына негизги себеп эмнеде деп ойлойсуң?
2. Бир доордо жашап илим менен алектенген дагы кайсы адамдарды билесиң? Алардын тарыхтагы ордун жана мурасынын мааниси кандай болгон?
3. Ошол доордо дүйнөдө мамлекетти башкаруу боюнча кандай чыгармалар жана мамлекет башкарууда өрнөк көрсөткөн белгилүү адамдар болгон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн



Салжукийлердин тушунда **дыйканчылык** өнүгүп отуруп, жасалма сугаруу системалары өркүндөгөн. Харезмдин коондору, Журжан (Гурган) дын хурмалары, кант камышы, лимондору, Ниса жүзүмдөрү, бихиси, баклажаны, Мервдин буудайы чөлкөмдө гана эмес, андан тышкарыда да белгилүү болгон. Дыйканчылык багытынын өнүгүшү, албетте, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө да жол ачкан.

Токуучулук (жип, жибек, зыгырдын буласынан даярдалган кездеме өндүрүү), карапачылык, килем согуу, зергерлик, айнек куюу, темирчилик, булгаарычылык өндүүлөр өнүгүп отурган. Өлкөнүн Ортоңку жана Жакынкы Чыгыш, Чыгыш Европа, Индия, Кытай өндүү өлкө жана мамлекеттер менен соода байланыштары чыңалган. Султан Маликшах Чыгыш жана Батыш багыттарынын аралык соодасын дагы да өнүктүрүү максатында Хурасан жана Ирак соодагерлерин кээ бир соода төлөмдөрүнөн бошоткон.

Соода-сатыкта батыш өлкөлөрдөн Каспий деңизи аркылуу Түркстанга нефть продуктулары алып келинген. Сырдарыянын төмөнкү агымы, оң жээгиндеги жерлерден чыккан мүшк, алтын, күмүш жамбылар тышкы базарда гана эмес, ошондой эле чөлкөмдүн өзүндө, негизинен, Салжукийлердин мамлекетинде да аябай бааланган. Жалпысынан алганда, чөлкөмдүн базарларында кымбат баалуу мех, каракөл териси, туздалган балык, морждун казык тишинен тарта кургак мөмө, назик материя, кымбат баалуу таш, жасалгаларга чейин табууга болгон.

Бул доордо эң жогорку деңгээлдеги акча бирдигинин ордунда нукура алтындан согулган динар (кызыл динар) кабыл алынган. Курамында алтындан тышкары кошумча металл аралашмасы болгон динар рукний деп аталган. Ошондой эле, мамиледе жез тыйындар да болуп, алар негизинен ички базарга арналган. Салжукийлердин тушунда да чек, аккредетив, вексель түрүндөгү накталай акчасыз мамиле жасоо системасы иштеп турган.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Кайсы салжукий султандын тушунда Самарканд, Бухара, Өзганд (Фергана) алардын кол астына өткөн.
2. Китепканалардын көптүгү эмнеден күбөлүк берет?
3. Жадыбалдын жардамында үйрөнгөнүңдү талдоонун негизинде дептериңе жаз:

| Мамлекеттик түзүлүшү | Социалдык түзүлүшү | Башкаруу усулдары | Мурдагы мамлекеттерден айырмалуу жактары | Укуктук негизги белгилери |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 34–35-темалар:

# ХАРЕЗМШАХТАР МАМЛЕКЕТИ ЖАНА АНЫН ӨРКҮНДӨШҮ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Араб халифаттыгы тарабынын өлкөбүздүн басып алынышы өкүмдарлар жана уруулар үчүн кандай натыйжаларга алып келди?
2. Маъмунийлердин өлкөдө тартип жана тынчтык орнотуп, соода-экономикалык мамилелерди өнүктүрүшүнө түрткү болгон факторлорду айт.



Мервдеги Султан Санжардын күмбөзү

### Маалымат үчүн

Харезм аймагында бийлик жүргүзгөн жергиликтүү династиялар байыртадан харезмшахтар деген жалпы ат менен айтылып келген. Мисалы, афригийлер, маъмунийлер, алтынтөшийлер башкаруу тактында харезмшахтар наамы менен отурган. Бирок Харезмдин чегинен тышка чыгып, бийликтин туу чокусуна чыккан династия бул — огуздар уруусуна таандык *ануштегинийлер* эле.

Ануштегин салжукий Султан Маликшахтын көзгө көрүнгөн жана ишеничтүү мансаптууларынан саналган. Болжол менен, 1077-жылы ал Харезмдин акими кызматына дайындалат. Ал эми 1097-жылы бул кызмат уулу Кутбиддин Мухаммадга өтөт. Ал салжукийлер сарайына баш ийген болуп, ар жылы өзү же уулу Атсыз аркылуу вилаяттан чогулган салыкты борбор Мервге жеткирип турган. Ал эми Атсыз атасынан кийин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Султан Санжардын өкүмү менен Харезм акимдигине дайындалат. Бул учурда отузга да кирбеген Атсыз баштап атасы өңдүү салжукийлердин үй-бүлөсүнө чын жүрөктөн кызмат кылат. Бирок ал өзүнүн аброю жогорулап, тескерисинче, теңтайлашуучусунун алсыздап бара жатканын сезгенден кийин, салжукийлерге моюн сунуудан баш тарта баштайт. Буга жооп иретинде Султан Санжар ага каршы бир нече жолу кошуун жиберет. Жеңилип калган Атсыз качууга аргасыз болот.

Гурганж Харезм бийлигинин алгачкы жана негизги борбору болгон

Харезмдеги Кызыл калаа





«Өз ара келишим боюнча харезмшах Атсыз султан Санжарга баш ийгендигин билдирип, орто кылымдардын адаты боюнча, анын таманы астындагы жерди өөп, таазим кылышы шарт эле. Бирок харезмшах мындай баш ийгендиктин салтын аткарбады. Султан Санжардын алдына кызматка келди жана атынан түшпөгөн абалда султан менен учурашты. Бул да жетпегендей, харезмшах султан менен жолугушуу жерин биринчи болуп таштап кетти. Султан Санжар Атсыздын бул «адепсиздигинен» ачуусу чыкса да, жакында өзү ага мээрим көрсөткөндүгү үчүн чечимин өзгөрттү. Султан буга нааразылык билдирбей, Мервге кайтып кетти».

Тарыхчы
Атамалик Жувайний



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Маалымат үчүн

Тарыхчылардан Рашидиддин жана Хафизи Абролордун жазышы боюнча, Ануштегинийлер алгачкы ишкердигин Султан Жалалиддин Маликшах I дин сарайынан баштаган.

Ал султандын эң ишеничтүү адамдарынан бирине айланган. Кийинчерээк, ал «Харезм мутасарруфи» мансабына дайындалып, ага Харезм шихнасы (калаа башчысы) наамы берилет. Убакыт өтүп, Ануштегиндин уулу Кутбиддин Мухаммад Харезмдин акими болот.

## Ой жүгүртүү үчүн

Харезмди колго алгандан кийин Султан Санжар аны Атсыздын жээни Сулайманшахка башкарууга берген. Бирок Сулайманшах ал жерде өзүнүн бийлигин бекемдей албаган. Ал Мервге кайтып кетер замат Харезмге келген Атсыз жергиликтүү калктын колдоп-кубаттоосу менен өзүнүн бийлигин калыбына келтирген. Атсыз Бухараны ээлейт. Ал Багдаддын халифасынан «Харезм вилаяты жана ал тарабынан Харезмге кошуп алынган жана алына турган батыш, чыгыш чек аралардагы вилаяттардын өкүмдары», деп таанылган жарлык алат. Атсыз Мерв, Нишапурду да өзүнүн кол астына өткөрөт.

Атсыз өзүнүн ысымы жазылган алтын тыйындарды соктурууну баштап жиберет.

## Чыгармачыл иш

1. Гурганж азыркы кайсы аймакка туура келет?
2. Картадан Ануштегинийлер мамлекетинин аймагын көрсөт. Алардын чөлкөмдө мындайча жайылышына кандай факторлор түрткү болду?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Алавуддин Мухаммад

Харезмшах өзүнүн мамлекетинде милдеттүү жалпы элдик аскердик билим берүү системасын киргизген. Мамлекеттеги кошуундун саны доорго жана жортуулдарга карап өзгөрүп турган. Мисалы, харезмшах Такаштын кошуунунда 170 миң атчан аскер болгон. Харезмшах Мухаммаддын Перс Иракына, Азербайжанга жасаган чабуулунда 100 миң чабандес болгон.

Каракытайларга жасалган жортуулдарда харезмшах Мухаммаддын атчан аскерлеринин саны гана 400 миңди түзгөн.

## Маалымат үчүн

Атсыздын өлүмүнөн кийин такка отурган уулу Эл Арстан да өз алдынча саясат жүргүзүүгө аракет жасады.

Эл Арстан Маварауннахрда каракытайлар менен салгылашат жана үстөмдүк кылат. Ал Нишапурду ээлеп, Азербайжанга чабуул уюштурат. Бирок Эл Арстанга да борборунда Харезм болгон, бардык тарабынан таанылган кудуреттүү саясий уюмга негиз салуу буюрбаган.

Эл Арстандын өлүмүнөн кийин анын уулдары Такаш (1172–1200) менен Султаншах Махмуддун ортосунда өз ара күрөш жүрөт. Султаншах Махмуд кайтыш кылгандан кийин гана Такаш жеке өкүмдар иретинде кең көлөмдүү саясат жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Такаш Батыш Ирандын көпчүлүк бөлүгүн жана Кирманды моюн сундурат. Ал тургай бийлигинин соңунда ал Багдадды – халифаттыктын борборун басып алууга да шайланат. Бирок чабуул учурунда кайтыш кылат, такка болсо ануштегинийлердин кудуретин өркүндөтүүнү ырааттуу улантkan Алавуддин Мухаммад (1200–1220) чыгат.

Алавуддин Мухаммад каракытайлардын маселесин толугу менен чечет, аларды Маварауннахрдан кууп чыгат. Бул окуя анын аброюн өтө көтөрүп жиберет. Азербайжан, Иран, Хурасандан Индияга чейин болгон жерлер Харезмшахтардын карамагына алынат. Султан Мухаммаддын негизги максаты Сирия, Кичи Азия жана Египетти да баш ийдирүү эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Мухаммад Харезмшах 1217-жылдын күзүндө 400 миң чамасындагы кошуунун Багдад чабуулуна жөнөтөт. Харезмшахтын кошууну Хулван вилаятына жеткенде болуп көрбөгөн кубулуш жүрөт. Кокусунан аба сууп, үч күн-үч түн кар жаайт. Ызгырын суук бардык жакты каптап калат. Жоокерлер сууктан жабыркашат, жылкы, төөлөргө кыргын келет. Бул апааттан түшкүндүккө түшкөн султан кошуунун артка кайтарууга буйрук берди. 1218-жылдын мартында султан халифанын атын хутбадан чыгарып салууну буюрат.

Бул доордо ануштегинийлердин династиясы дүйнөнүн эң кудуреттүү саясий күчтөрүдан бирине айланган эле. Арал деңизинен Инди океанына чейин, Ирактан Чыгыш Түркстанга чейин болгон чоң аймак харезмшахтарга баш ийдирилет.

Алавуддин Мухаммад – экинчи Искендер, экинчи Султан Санжар аты менен белгилүү болгон.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Кандай факторлор себептүү харезмшахтар мамлекети пайда болду?
2. Харезмшахтар бийлигинин өлкөдөгү тарыхый жараяндардын тездешүүсүндө орду кандай болду?
3. Алавуддин Мухаммаддын жеңиштерине эмнелер негиз болгон деп ойлойсуң? Пикириңди негиздеп, дептериңе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 36–37-темалар: ХАРЕЗМШАХТАР МАМЛЕКЕТИНДЕ БАШКАРУУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Харезмшахтар мамлекетинин саясий-экономикалык жана социалдык жактан турукташуу доору кайсы өкүмдардын ысымы менен байланыштуу?
2. Кайсы мамлекет башчынын тушунда көз каранды өлкөлөрдө харезмшахтын аты менен хутба окутулган, ал тургай өздөрүнүн аттарынан тыйын да соктурушкан эле?



## Маалымат үчүн

Ирактан Индияга чейин, Арал деңизинин айланасынан Араб деңизинин жээктерине чейин болгон жерлерде бийлик орноткон султан Мухаммад Харезмшах көп узабай Самаркандды өзүнүн борбору деп жарыялады.

Султан апасы Туркан Хатунга эч качан каршы чыкпаган, анын сөзүн эки кылбаган. Бул болсо көп учурларда апасы тарабынан Султан Мухаммад Харезмшахтын буйруктарынын жокко чыгарылышына себеп болгон. Мындай жагдайды ошол доордун тарыхчысы Ан-Насавий төмөнкүдөй чечмелеп, аны эки себепке байланыштырган эле: «биринчидан, апасынын ага болгон мээримин кадырлашы, экинчиден, өлкөнүн бардык амирлери апасынын уругунан экендиги». Туркан Хатун «Дүйнө акими» деген атакка ээ болуп, анын менчик мөөрүндө (туграсында): «Дүйнө жана анын асыл заты, Улуу Туркан, аалам аялдарынын канышасы» деп жазылган эле. Туркан Хатун борбор Гурганжда туруктуу жашап, өзүнүн сарайына, ири мүлктөргө ээ эле.

Эл Арстандын күмбөзү



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Султан буйруктарынын апасы тарабынан четке кагылышы кандай натыйжаларга себеп болгон?
2. Насавийдин берген маалыматтарынын негизинде мамилеңди билдир.

## Ой жүгүртүү үчүн

# Туркан Хатун ким болгон?

Тарыхчы Жувайнийдин жазышынча: «Туркан Хатун каңлы уруусунан болгон хан Жанкыштын кызы эле. Гүрганж (Үргөнч) Туркан Хатундун өзүнө таандык борбору эсептелген, анын өзүнө таандык сарайы да болгон. Тарыхый булактарда белгиленишинче, Султан Мухаммаддын бийлигинин тушунда Туркан Хатун бийлик иштеринде жетекчи орунду ээлеген, анын буйруктары жана кеңештери уулу тарабынан сөзсүз аткарылган. Туркан Хатундун жетекчилигинде сарай калкы, ак сөөктөр бир нече топко бөлүнүп, өз ара кек сакташкан. Кыпчактардан түзүлгөн жогорку мартабалуу аскер башчылар Туркан Хатун менен жакын болуп, көпчүлүгү сарайда султанга каршы болуп турган кайсы бир топко башчылык кылган. Бийлик иштери дээрлик Туркан Хатун тарабынан башкарылган. Көптөгөн учурларда Мухаммад Харезмшах тарабынан жарыяланган өкүм жана буйруктар Туркан Хатун тарабынан эч кандай негизсиз, кеңешсиз жокко чыгарылат эле.

Султан апасын жана гаремин Мазандаранга алып кетип (монголдордун чабуул доору жөнүндө сөз жүрүүдө), ал жердин чебине жашыруу үчүн Харезмге адамдарын жиберди. Туркан Хатун уулунун буйругу боюнча иш жасады. Султан үй-бүлөсү менен гаремин алып кетип жатканда аскерлерди Харезмде калтырышты. Жол жүрүү учурунда туткун алынган түрдүү өлкөлөрдүн падышаларын буйрук менен Жайхун дарыясына чөктүрүп салгандан кийин, балдары, неберелери, жакындары жана казнасы менен вазир Насириддиндин коштоосунда Иран жактагы Илал (Тажандын куймасындагы аймак) чебине жиберди. Султандын артынан сая түшүп Мазандаранга келген монгол аскер башчысы Субутай айтылган чептерди курчоо үчүн аскер чакырды. Тилекке каршы, жамгыр булуттары өз жүктөрүн үстүнө аёосуз төккөн жана ошол маалга чейин эч ким суу жокчулугун көрбөгөн Илал чеби курчоого алынган учурда жамгыр да аларга душмандык кылып, жаабай койду. Он беш күндөн кийин суу аяктап, оор абалда калган Туркан Хатун гаремдин башка мүчөлөрү жана вазир Насириддин менен ылдыйга түштү. Алар чептин түбүнө жеткен учурда чакмактын үстүнө чакмак чагып, жамгыр жаай баштады. Монгол аскерлери Туркан Хатунды жакындары менен бирге Таликанда турган Чыңгызхандын алдына алып барышты. Туркан Хатун монгол мамлекетинин борбору болгон Каракурумга алып кетилген жана ошол жерде кайтыш кылган».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Монголдорго туткун түшкөн Туркан Хатун

## Маалымат үчүн

Ануштегинийлердин тушунда да саманийлер, караханийлер, газнавийлер, салжукийлерде болгону сыяктуу девандардын өз алдынча орду көзгө чалынат. Өз кезегинде, девандар да чакан девандарга бөлүнгөн.

Аскердик деван аскердик маселелерди кароочу (деван жайш) жана аскерлерге маяна берүү менен алектенүүчү (деван раватиб) девандарга бөлүнгөн. Аскердик девандын башчысы, албетте, мусулман болууга тийиш эле.

«Жогорку таажынын ардактуу мажлиси» деп аталган өкмөт башкаруусу вазирдин (башкы вазирдин) колунда болгон. Ага бардык девандар баш ийген.

Вазир мамлекет башчысынын негизги кеңешчиси эсептелген жана өзүнүн жасаган аракеттери боюнча жогорку өкүмдарга гана эсеп берген. Расмий аземдерде, эл аралык мамилелерде, көз каранды өлкөлөр менен талкуу жүргүзүүдө жогорку өкүмдардын атынан иш жүргүзгөн.

Вазир жарандар менен мамлекеттин өкүмдары ортосунда ортомчу милдетин аткарган жана өлкөдөгү тартип-эреже үчүн негизги жоопкер эсептелген. Ал кызмат адамдарын жумушка дайындоо жана кызматынан бошотуу, арзак (жөлөк пул), маяна жана башка ушул сыяктуу төлөөлөрдү белгилөө укуктарына да ээ болгон. Вазирлер өздөрүнүн эне тили — түркий тилден тышкары, араб жана перс тилдерин толук билүүгө тийиш болгон.

## Чыгармачыл иш

1. Харезмшахтар мамлекет башкаруусун салжукийлер мамлекет башкаруусу менен салыштыр. Башкы вазир укуктарынын бири-биринен айырмасы эмнеде?
2. Европа менен Азиянын башка мамлекеттеринде башкы вазирдин кызматына тең келген кызмат кайсы эле?
3. Топко бөлүнгүлө, бул эки аймактагы вазирлердин укук жана милдеттерин салыштыргыла жана үйрөнгүлө.
4. Мамлекетти башкарууда вазирдин ролу кандай деңгээлде маанилүү, деп эсептейсиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Садр, дастур, хожаи бузург өңдүү наамдар менен сыйланган вазир ар дайым өкүмдардын алдында жүргөн, өкүмдар сапарга жана жортуулга чыкканда да аны таштап кетпеген. Расмий кабылдоолор учурунда вазирлер харезмшахтардын оң жагынан орун алган.

«Низам ул-мүлк» атына ээ болгон вазирлер бөлмөгө жогорку өкүмдардан башка ким кирсе да, ал тактын мураскору болгон учурда да, аны менен саламдашуу үчүн ордуларынан турушпаган. Вазир мансабынын тилге алынган өркүндөгөн көрүнүшү Атсыздын заманы менен байланыштуу.

Чыңгызхан баскынынын алдында бул кызмат Алавуддин Мухаммад тарабынан жоюлган жана жогорку өкүмдардын алдында алты өкүлдан турган кеңешмеге окшош башкаруу киргизилген. Бардык мүчөлөрдүн ыраазылыгы менен иш көрүү керек болгон бул кеңешмеге мамлекеттик мааниге ээ кандайдыр бир олуттуу чечим кабыл алуу буюрбаган.

Дагы бир маанилүү мансап – бул улуу же көрүнүктүү хажиб эсептелген. Эреже боюнча, түркий ак сөөктөрдүн өкүлү гана хажибдикке дайындалышы мүмкүн болгон. Хажиб өкүмдардын өзүнө гана таандык иштер тууралуу ага эсеп берген, расмий аземдердин аткарылышын көзөмөлгө алган. Бир мезгилдин өзүндө бир канча хажиб иш жүргүзгөн. Алар султандардын эң маанилүү тапшырмаларын аткарышкан жана аларды бардык жерде коштоп жүрүшкөн.

Сарай иштеринин башкаруучусу саналган устаздар кызматынын ээси аткана, ашкана, наабайкана, шарап сакталган жер кепелерди көзөмөлдөгөн, сарай кызматчыларынын иши үчүн толук жоопту болгон. Султандын менчик жылкылары акыр амири кызматы ээсинин карамагында болгон. Мындан тышкары, амир аълам, чашнигур (жогорку өкүмдарга бериле турган тамак, ичимдиктерди даамдап көрүүчү), даватдар (жогорку өкүмдардын катчысы), фарраш (жогорку өкүмдарга арналган көрпө-төшөк, килем, чатыр жана ушул сыяктуулар үчүн жоопту кызматтын башчысы) өңдүү кичүү мансаптар да болгон.



Харезмшах Эл Арстандын такка отуруу аземи. «Жамъе ат-Таворих» китебинен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Борбор Үргөнч өз доорунун улуу, бай жана кооз шаары саналган. Үргөнчтүн калкы чебер кол өнөрчүлөр, айныкса, темирчи, жыгаччылар өз ишинин усталары болушкан. Үргөнчтүк оймочу жыгаччылар пилдин сөөгүнөн жана обнус дарагынын жыгачынан эң сонун буюмдарды жасашкан. Шаарда табигый шайы материя өндүрүлүүчү устаканалар болгон.

Ал эми курулуш иштеринде мажүрүм талдын жыгачынан кеңири пайдаланылган. Бул жыгачтан курулган имараттар жеңил болгон жана таштан курулган имараттарга караганда жер титирөөгө чыдамдуу келген. Жолдор менен кербендерди коргоо ишинин жогорку деңгээлде уюштурулгандыгы ички жана тышкы соода байланыштарынын өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон. Үргөнчтүн соодагерлери Багдад, ал тургай Андалуска чейин продукту алып барышкан. Үргөнч монголдор тарабынан кыйратылганга чейин калк анда аябай жыш жашаган.

Шаарда көптөгөн базарлар болгон. Базардагы тартипти, негизинен, мухтасиб кармап турган. Ал продуктулардын сапатын, идиштердин тазалыгын, продуктулардын жаңылыгын, тараза таштары жана узундукту өлчөөчү аспаптардын тууралыгын көзөмөлдөгөн. Харезмдин Ардахушмисан, Хивак, Дарган, Савакан, Гавшфинж, Кат, Нузкат, Хазарасп өңдүү чаканыраак шаарларында да кол өнөрчүлүк өнүккөн жана соода-сатык гүлдөп-жайнаган. Мерв, Бухара, Самарканд, Рай, Нишапур өңдүү шаарлар өлкөнүн саясий-экономикалык жана маданий турмушунда маанилүү орун ээлеген.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Нажмиддин Кубранын күмбөзү, Түркмөнстан

## Чыгармачыл иш

1. Шаарларда кол өнөрчүлүк менен соода-сатыктын гүлдөп-жайнашында өкүмдарлардын орду кандай болгон?
2. Топторго бөлүнгөн түрдө Харезм мамлекетиндеги базарлар жөнүндө пикир жүргүзгүлө. Бүгүнкү күндө да кайсы тарыхый шаарларда базарлар элге толо, мунун негизги себептерин көрсөтүп бергиле.

## Маалымат үчүн

Харезмшахтарга баш ийген мүлктөрдө да харезмшахтын аты менен хутба окулган жана тыйындар согулган.

Ануштегинийлердин ысымы жазылган тыйындар Самарканд, Бухара, Отрар, Термез, Чаганиян, Вахш, Балх, Бамиян, Газна, Гур, Журзуван, Заминдавар, Ямур, Кундуз, Мерв, Ниса, Нишапур, Пешавар жана башка аймактарда согулганын айтууга болот.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Харезмдин тарыхы менен байланыштуу көркөм чыгармалардын тизмесин түз. Алардан бирин окуп чык.
2. Чыгыш жана Батыш базарларынын өзүнө мүнөздүү жактарын салыштыр.
3. Чыңгызхандын басып алышынын алдында Харезмде жагдай кандай эле?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 38-тема:

# ЭТНИКАЛЫК ЖАРАЯНДАР ЖАНА ӨЗБЕК ЭЛИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Этникалык жараяндар, этногенез дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Санжыра дегенде эмнени түшүнөсүң? Сен өзүңдүн санжыраңды билесиңби? Санжыраны билүү эмне үчүн керек?
3. VI кылымдын акыры — VII кылымдын баштарында Түрк кагандыгынын аймактарына каерлер кирген?

Түркстан — түркий калк орношкон өлкө.

### Маалымат үчүн

Өзбектер өз алдынча этникалык бирдик (элет) болуп, Маварауннахр, Харезм, Жетисууда, жарым-жартылай Чыгыш Түркстандын батыш аймактарында калыптанган. Алар байыртадан отуруктуу жашап, сугарма дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенип келишкен.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Чыгармачыл иш

Илгери өлкөбүздүн аймагында кандай уруулар жашаган? Алар жашаган аймактарды картадан аныкта.

Этникалык жараян – келип чыгышы бири-бирине жакын болгон түрдүү уруу жана элеттердин кылымдар бою жуурулушуп отурушу.

## Ой жүгүртүү үчүн

Бул аймакта жашаган сугдийлер, бактрийлер, харезмийлер, фергналыктар, чачтыктар, мал чарбасы менен чала алектенген кандар, көчмөн массагеттер сыяктуу топтор өзбек элинин этногенезинде катышкан. Түштүк Сибирь, Алтай, Жетисуу, Чыгыш Түркстан жана Волга дарыясынын бойлорунан түрдүү доорлордо Маварауннахрга кирип келген этникалык топ да бул жараяндын катышуучусу болгон. Жогоруда аттары аталган этностор, негизинен, түркий жана түштүк перс тилдеринде сүйлөшүшкөн.




Туранда байыркы уруу жана элдердин орношуусу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. 6-класста тарых предметинен алган билимдериңе негизденип, «уруу» терминине мүнөздөмө бер.
2. Бири-бири менен тууган-урукчулук мамилесинде болуу жана урууларга бөлүнүү өзгөчөлүктөрү менен кийинки баскычтагы этникалык бирдиктен (элеттен) айырмаланган топ кандай аталат?

Өзбек элинин негизин сугдийлер, бактрийлер, харезмийлер, ферганалыктар, чачтыктар, жана сакмассагеттер түзгөн.

## Маалымат үчүн

Амударыя менен Сырдарыянын аралыгында жашаган уруу жана элеттердин этникалык жактан жуурулушуу жараянынын натыйжасында отуруктуу жашоого ылайыкташкан түркий майдан, өзбек элине мүнөздүү антропологиялык тышкы көрүнүш калыптанат.

Каң мамлекетинин тушунда түрк тилдүү этностор үстөмдүк кылып, өзүнө мүнөздүү бирдиктүү маданият пайда болот. Археологиялык чыгармаларда бул маданият «Коончу маданияты» аталышын алган. Антрополог окумуштуулардын белгилешинче, мына ошол доорго келип, Орто Азиянын өрөөндөрү менен оазистеринде жашаган калктын тышкы көрүнүшүндө азыркы өзбек жана оазис тажиктерине мүнөздүү антрополиялык тышкы көрүнүш толук калыптанат.

## Билесиңби?

Элдердин келип чыгыш тарыхын (этногенезин) жана калыптануу жараянын үйрөнүүдө социалдык илимде «этнос» (гр. эл) жана «этникалык бирдик» сөздөрү колдонулат.

Өзбектердин этногенезинде катышкан кезектеги этникалык топтор – кушандар, хионийлер, кидарийлер жана эфталдар, түркий уруулар бул жараянга иштиктүү таасир көрсөтөт.


Каң мамлекетинин тушунда «Коончу маданияты» жана Орто Азиянын антропологиялык тышкы көрүнүшү толук калыптанат.

Түркий элеттер менен жергиликтүү отурукташкан калктын ортосундагы этникалык-маданий мамилелердин өнүгүшү натыйжасында түркөй катмардын маданий жетишкендиктеринин жергиликтүү маданий чарбалык салттар менен жуурулушу болуп өтөт. VII кылымдан өлкөбүз «Түркстан» аталышы менен атала баштаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

**Өзбек элинин калыптанышы.** VIII кылымдан араб жана башка элдердин Орто Азияга кирип келиши чөлкөмдөгү этникалык жараяндарга чоң таасир көрсөтпөгөн. IX кылымда Маварауннахр чөлкөмүндө бир бүтүн түркий этникалык катмар пайда боло баштады жана өз кезегинде сугдийлер менен башка жергиликтүү этностордо да түркийлешүү жараяны тездешкен. Караханийлердин тушунда Маварауннахр менен Харезмде саясий бийликтин түркий династияларга өтүшүнө байланыштуу жүргөн этникалык жараян өзбек элинин калыптанышында жыйынтыктоочу баскыч болду.

IX–XII кылымдар өзбек эли калыптанды. Анын негизин өлкөбүздө жашап келген зирааткер жана мал чарбачы түпкүлүктүү калк түздү.

Маварауннахрда жайлашкан калк байыртадан эки тилде: сугд жана түрк тилдеринде сүйлөгөн.



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Өзбектер калыптанган чөлкөмдөрдү жазуусуз картада боёп чык.
2. Өзбек элинин негизин кайсы этникалык топтор түзгөн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 39–40-темалар:

# ЧӨЛКӨМДӨ ИСЛАМ ДИНИНИН ЖАЙЫЛЫШЫ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Дүйнө тарыхы предметинен алган билимдериңди эсте. Ислам дининин пайда болушу жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Ислам дини баштап Турандын кайсы аймактарында таралган?
3. Исламдын дүйнөлүк динге айланышындагы тарыхый шарттарды аныкта.
4. Ислам growth динде алгачкы бөлүнүү качан болгон, анын тарыхый себептери эмнеде эле?
5. Аравиянын тарыхында кайсы доор «Түркөйлүктүн доору» деп аталган?

### Маалымат үчүн

Ислам дининин Туранга кирип келиши жана таралышы тикеден-тике араб баскындары жана арабдардын көп кылымдык бийлиги менен байланышкан. Чөлкөмдө жаңы саясий күчтүн пайда болушу натыйжасында Туран эки бөлүккө бөлүндү:

1) Маварауннахр («Дарыянын наркы жагы»);

2) Ароди ат-түрк («Түрктөрдүн жерлери», башкача айтканда арабдарга баш ийбеген өкүмдарлардын жерлери).

Ислам дининин Туранда таралышына төмөнкү факторлор тикеден-тике таасирин тийгизген. Абу Муслимдин козголоңуна чейин исламдан мурдагы доордун өкүмдарлары өздөрүнүн ордуларын сактап турду. Алар жергиликтүү калкты башкаруу жана алардан арабдар үчүн салык чогултуу милдеттерин аткарышкан.

Арабдар көптөгөн артыкчылыктарга ээ эле. Ислам динин кабыл алган жергиликтүү калк да коомдо арабдар өңдүү артыкчылыктарга ээ болгон. Абу Ханифанын араб болбогон мусулмандардын тең укуктуу экендиги жөнүндөгү идеясы, алардын коомдо кемсинтилишине каршы аракеттеринин Туранда да улантылышы ислам дининин кеңири таралышы үчүн мүмкүнчүлүк берди.

Ислам дининин негизги булактарынан бири хадистердин чогултулушунда кеменгер мекендештерибиз Абу Абдуллах Бухарий, Имам Термезий, Хаким Термезий, Имам Даримийлердин кызматтары чоң болду. Ошол себептүү да ислам дининин чөлкөмдө жайылышы тездешти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ислам окуусу боюнча, Мухаммад пайгамбардын аты аталганда ага урмат билдирип «саллаллаху алайхи васаллам» (кыскача: с. а. в.: «ага Аллахтын рахматы жана саламы болсун») же «алайхис-салам» (кыскача: а. с.: «ага салам болсун») сөздөрүн айтуу зарыл эсептелгендиктен исламдын тарыхына тиешелүү адабияттарда с. а. в. же а. с. кыскартмалары колдонулат.

## Чыгармачыл иш

1. «Кураны карим» жана «Хадиси шариф» дегенде эмнени түшүндүң?
2. Туран аймагына Ислам дини качан кирип келди?

## Маалымат үчүн

**Ханафий мазхаби**нин (багытынын) негиздөөчүсү болуп Абу Ханифа аты менен белгилүү Нуъман Сабыт Куфий (699–767) эсептелет. Бул мазхаб өзүнүн маани-маңызы, окуусу жана колдогон усулу менен коомдо пайда болгон ар кандай суроого жооп таба алат. Бул деген, ханафий мазхаби жаңы пайда болгон диний маселенин чечимин за-



матта таап беришин билдирген. Абу Ханифа оор жагдайларда адамдар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп, алардын кыйынчылыктарын жеңилдетүүгө урунган. Абу Ханифа эркиндик принцибинин демөөрчүсү эле. Соода иштеринде жана башка багыттарда адамдын укугун жана эркиндиктерин коргоп келди. Мисалы, турмуш курууда эркек менен аялга тең укук берилиши, жетим балдардын укуктары жана башкалар.

Мазхаб (араб. – багыт, жол, окуу), шариаттын мазхабдары – исламда диний укуктун системалары жана багыттары.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Имами Аъзамдин күмбөзү. Багдад

## Билесиңби?

Абу Ханифа Нуъман Сабыт (699, Куфа — 767, Багдад) — сунний мусулмандар тарабынан урмат менен Имами Аъзам деп аталат. Ал ханафий мазхабинин негиздөөчүсү саналат. Факих, мухаддис. «Абу Ханифа» анын кунясы, «Имами Аъзам» («Улуу имам») улуулугу үчүн берилген наам.

Имами Аъзам аябай сылык мүнөз адам болгон, замандаштары анын сапаттарына баа берип, эң сонун мүнөз Имами Аъзамдин мүнөзү, деп аны өзгөчө урматташкан. Ар дайым жарашыктуу жана тыкан кийинип жүргөн. Ушундай бийик наамга жетишкен киши өтө сылык, жөнөкөй, токтоо адам болгон. Ал өзүнө жамандык кылгандарды көргөндө: «Бизди жамандаган адамдардын күнөөсүн Аллах кечирсин, бизди жакшы көргөндөрдү Аллах рахмат кылсын», деп дуба кылат экен.



**Куня** — абу (арабча «ата» сөзүнүн өзгөчө көрүнүшү). Арабдар жана башка мусулман элдерде көпчүлүк кунялардын курамдык бөлүгү. Мисалы, Абу Али ибн Сина, Абу Райхан Беруний жана башкалар. «Абу» менен келген ысым кишинин атасы экендигин, ал эми «ибн» менен келген ысым кишинин уулу экендигин билдирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Ислам дининин жайылышы

IX-XII кылымдарда ислам дини Орто Азия элдеринин мамлекетчилиги тарыхында чоң роль ойной баштады. Маварауннахрда бул доор араб халифаттыгынан көз карандысыз болгон мамлекеттердин пайда болуу жана өнүгүү доору болгон болсо, ислам бул учурда Чыгышта кеңири таралып, дүйнөлүк дин деңгээлине көтөрүлөт, мусулман дүйнөсүнүн идеологиясына айланат.

Араб тилинде чыгармалар жазылды. Эзелтеден сабаттуу болгон, маданияты жогору деңгээлге көтөрүлгөн Туран эли көп узабай араб тилин гана эмес, ошондой эле исламды да терең үйрөнүп, араб тили жана шариат маселелеринде китептер жаза алган окумуштууларды өстүрүп чыгара баштады.

Шаарларда мечит-медреселердин курулушуна өзгөчө көңүл бурула башталат. Булактардын кабар беришинче, Бухарада алгачкы медреселер VIII–IX кылымдардан баштап курулат.

Ал тургай мыйзам таануучулар үчүн да атайын «Факихтер медресеси» деген адистештирилген медресе курдурулган. Мындай билим мемелеринде Кураны карим, хадис илими жана шариаттын негиздери ар тараптан толук үйрөнүлгөн.

Ошол доордун шаарлары арасында ислам дининин окуусун кеңири үгүттөөдө Бухара шаары өзгөчө орунду ээ лейт. Жогоруда айтылгандай, медресе, мектептер бул жерде теология илиминин жеткилең өкүлдөрү жетишип чыгышына кызмат кылат. Бул иштердин натыйжасында, Бухара ошол доордон баштап «Куббатул ислам» – «Ислам дининин күмбөзү» деген наам менен таанула баштайт.

Ислам акырындык менен борборлошкон мамлекеттин негизги идеологиясына айланды.



... Тилиңди жакшы өнөр менен үйрөт жана сылык сөздөн башка нерсеге адаттанба. Эмнеге дегенде, тилге туш келди сөздү үйрөтсөң, эсиңде болсун, сөздү өзүнүн ордунда иштеткин, сөз эгерде жакшы болсо, бирок орунсуз иштетилсе, анда ал канчалык жакшы сөз болсо да жаман, орой угулат. Ошондуктан орунсуз сүйлөбө, бул пайдасыз. Мындай пайдасыз сөз зыян келтирет жана кандай сөз болсо да андан өнөрдүн жыты келбесе, мындай сөздү сүйлөбөстүк керек.

Кайкавус, «Кабуснаама»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бүгүнкү күндө Борбордук Азиянын мусулмандарынын көпчүлүгү ханафий мазхабин карманат. Азыркы учурда бул мектеп Индия, Пакистан, Ооганстан, Ирак, Сирия, Түркия жана бир топ Африка өлкөлөрүндө кеңири таралган.

2017-жылдан Өзбекстан Президентинин демилгеси менен Имам Матуридийдин комплексинде «Калом илиминин мектеби», ал эми матуридийлик окуусунун ири өкүлү Абул Муъин Насафийдин зыярат жерине «Акоид мектеби» ачуу иштери башталды.

**Моликий мазхабинин** негиздөөчүсү, имам Абу Абдуллах Молик ибн Анас 711-жылы туулган. Бул мазхабда биринчи булак Курану карим, экинчи булак хадис эсептелет. Моликий мазхабында шариат маселелеринде Мединанын турмушу жана салттары көптөгөн учурларда үстөмдүк кылган. Маликийлик Марокко, Алжир, Тунис, Бангладеш өңдүү өлкөлөрдө негизги мазхаб эсептелет.

**Шофеъий мазхабинин** негиздөөчүсү Абу Абдуллах Мухаммад ибн Ижрис Шофъе (767–804). Шофеъий мазхаби фикх жагынан өкүм чыгарууда Куран, сүннөт, ижма жана салыштырууга таянат. Алар ханафий жана моликийлерде болгон кээ бир салтты четке кагышат. Шофеъийлик, негизинен, Индонезия, Малайзия, Египет, Судан, Кения, Мали, Ливия өңдүү мамлекеттерде таралган.

**Ханбалий мазхабинин** негиздөөчүсү имам Абу Абдуллах Ахмад ибн Ханбал (780–855) Багдад шаарында жашаган. Ханбалий мазхабинда «Куран» жана «сүннөт» негизги булак эсептелет. Ижма жана сахабалардын сөздөрү кийинки орундарда турат. Салыштырууну башка жол калбаганда гана иштетүүгө уруксат берилет. Бул мазхабды ээрчигендер аз сандуу болуп, негизинен, Сауд Аравиясы, Йемень, БАА, Кувейт, Катар мамлекеттеринин калкы арасында таралган.

Сунний төрт мазхаб бири-бири менен тең эсептелет. Мазхабдар салттык диний укуктун чегинен чыкпаган түрдө, шариат маселелеринде жеңилирээк же катураак өкүм чыгарышы менен айырмаланат.

## Чыгармачыл иш

1. Мазхаб дегенде эмнени түшүндүң?
2. Суннийлер жашаган аймактарды картадан аныкта.

Ижма - алгачкы ислам доорунда уламалар бир добуштан кабыл алган чечимдер.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Билесиңби?

Кийинки доордо пайда болгон «жалган салафийлик», «Хизбут тахрир» өңдүү багыттарды фикх мазхабдарына теңештирүүгө болбойт. Анткени алар шариат маселелеринде өз алдынча чечимдерин берген системага ээ эмес. Аларга мыйзамдык эмес диний-саясий кыймыл иретинде кароого болот.



Абу Мансур Матуридийдин күмбөзү. Самарканд

Өзбекстанда 2000-жылы Матуридийдин дүйнөгө келгенинин 1130-жылдыгы кеңири белгиленди.

## Ой жүгүртүү үчүн

VIII–IX кылымдарда мусулмандардын арасында «Курандын» аяттарын жана хадистерди туура эмес түшүнгөн топтор пайда болду. Алар кээде Аллахты адамга окшош сүрөттөп, кээде анын өзгөчөлүктөрүн четке кагып, пайгамбарларга, «Кураны каримге» туура келбеген пикирлерлерди билдиришкен. Мына ушундай шартта сунний багытынын окумуштуулары айрым агымдардын бузгунчу идеяларына бир топ төгүндөөлөрдү берген. Натыйжада Абу Мансур Матуридий (870–944) матуридия окуусуна негиз салган.

Матуридий таза диний ишенимдин чегинен чыкпаган түрдө аң-сезимди улуулайт жана логикалык жактан негизделген билимдин маанисин баса белгилейт. Матуридий боюнча, адам жашоонун сыноолору үчүн жаратылган. Ошону менен бир мезгилде ага бул сыноолордон ийгиликтүү өтүү жана туура жолду табуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр да берилген.

Адам өзүнүн жолун эркин тандай алат. Кеменгер окумуштуу өзүнүн көз караштары менен ханафийлик окуусунун Туран элдеринин салттары, үрп-адаттары менен тыгыз байланышта экенин көрсөтүп берди.

Негизгиси, ислам ааламынын көпчүлүк чөлкөмдөрүндө, Сирия, Ирак, Түркия, Пакистан, Индия, Түндүк Африка өңдүү өлкөлөрдө матуридийлик окуусу азыр да жогорку, орто жана диний окуу жайларында өз алдынча предмет иретинде окутулат.

**Ашъария окуусу.** Бул окууга басралык Абул Хасан Ашъарий (873–936) негиз салган. Имам Ашъарий өмүрүнүн жарымын адашкан агымдарга каршы күрөшкө арнаган. Ашъария окуусу да суннийлик ишенимине туура келген окуу эсептелет. Бул окуу да, негизинен, мутазилия, кадрия, жабария өңдүү адашкан топтордун ишеним идеяларына каршы турган. Ашъария окуусу, негизинен, Иракта, андан кийин салжукийлер бийлигинин тушунда Хурасанда өнүккөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Билесиңби?

Ислам growth дининде тасаввуф жана тарикат деген түшүнүктөр да бар. Тасаввуфтун чыныгы мазмуну написти тазалоодон, жүрүм-турумду коозлоодон, руханий жетишкендиктен турат. Бул максаттарга жетишүү үчүн окумуштуулар тарабынан атайын мектептер — тарикаттар түзүлгөн. «Тарикат» арабча сөз болуп, «жол» маанисин билдирет. Бүгүнкү күндө тарикаттардын саны көп, алардын эң ирилери: Яссавия, Кубравия жана Накшбандия. Маанилүү жери, алардын бардыгы биздин мекенде пайда болгон.

Тасаввуф жана ага унгулаш болгон суфий, мутасаввуф терминдеринин келип чыгышы араб тилинде «жүн, тал» маанисин билдирген «суф» сөзүнөн алынган.

## Чыгармачыл иш

1. Тасаввуфка берилген аныктаманы оку. Андагы «жаман жүрүм-турумдар» дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Эмне үчүн мындай жаман жүрүм-турумдардан кутулуу керек деп ойлойсуң?
3. Медицина илими ден соолукка тиешелүү маалыматтарды үйрөткөнү сыяктуу, тасаввуф да жүрөктү, рухту жаман жүрүм-турумдардан арылтуу жолдорун үйрөтөт, деген пикирди негиздөөгө аракеттен.



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Туран аймагында ислам дининин кеңири жайылышына себеп болгон факторлорду айт. Диндин жайылышында медреселердин орду кандай болгон?
2. Ислам дининин өркүндөшүндө мекендештерибиздин кызматтары кандай эле?
3. Алардын бүгүнкү күндөгү мааниси кандай?
4. «Тарыхтагы ата-бабаларыбыз кызматынын бүгүнкү күндөгү мааниси» темасында кошумча маалыматтардын негизинде презентация даярда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 41–42-темалар: БИЛИМ БЕРҮҮ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Кандайдыр өлкөдө илим-билимдин өнүгүшү коомдун өнүгүшүнө кандай таасир көрсөтөт?
2. Эгерде сен илимдин кандайдыр тармагын толук ээлесең, ким көбүрөөк пайда көрөт? Коомго кандай пайдаң тиет?
3. Сен билим ээлешиң үчүн алгачкы фундамент каерде куюлган?
4. Кандай ойлойсуң, өлкөбүз ойчулдарынын дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүшүнө салым кошушунда алардын устаттарынын жана билим берүү мекемелеринин орду кандай болгон?

## Ой жүгүртүү үчүн

Абу Хамид Газзалий (1058-1111) өз учурунда «Хужжатул ислам» (исламдын далили) аты менен белгилүү болгон. Газзалий Чыгыш жана Батышта теолог, философ иретинде таанылган. Абу Хамид Газзалийдин «Ихяу улумид-дин» чыгармасынын «Илим китеби» бөлүгүндө «Билим алуучунун жана билим берүүчүнүн адептери жөнүндө» нускалуу пикирлер баяндалган. Алл «Илимдин башаты унчукпоо, кийин угуу, кийин аны жаттоо, кийин ага амал кылуу, андан кийин таратуу – башкаларга үйрөтүү», – деп жазат.

Ал илимди кимдерге үйрөтүү керек, деген суроого «жарандык жана диний илимдерди жүрөгү изгиликке жык толгон адамдарга үйрөтүү керек. Илим жалаң изгиликке кызмат кылууга тийиш», деген пикирди илгери сүрөт.

## Чыгармачыл иш

1. Газзалий: «Жарандык жана диний илимдерди жүрөгү изгиликке жык толгон адамдарга гана үйрөтүү керек. Илим жалаң изгиликке кызмат кылууга тийиш», – дегенде эмнени көздө туткан?
2. Илим качан кара күчтөргө кызмат кылышы мүмкүн?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

С. П. Толстой «Байыркы Харезм цивилизациясын издеп» деген чыгармасында Харезмдеги Жанбаскалаа жана Топураккалаадан табылган зардуштийлердин ибадатканалары жөнүндө минтип жазат: «Имараттардын ортосунда кош дубалдар менен курчалган жана ичкери карай айланма жолдуу тик бурчтуу имарат болгон. Бөлмөлөрдөн 140 териге жана жыгачка жазылган түрдүү мазмундагы документтер жана 138 чоң-кичине айкелчелер табылган».

## Чыгармачыл иш

Жогорудагы тарыхый булакка таянып, Харезмде ибадатканага туташ имараттарда укук органдары, административдик-чарбалык иштер менен алектенген жайлар менен кошо билим берүү мекемелери да болгондугун негиздөөгө аракеттен.

## Маалымат үчүн

Туранда исламга чейин да бир топ кылымдар бою калыптанган билим берүү системасы болгон. Чөлкөмдө ислам дини идеологиясынын орнотулушу натыйжасында жергиликтүү билим берүү системасында «*медресе*» деп аталган жогорку окуу мекемелери пайда болот. Ушул мааниде, алгачкы жогорку окуу жайы VIII–IX кылымдарда Бухарада пайда болгону да текке эмес. Алардан эң белгилүүсү болгон Фаржак медресеси болуп, ал 937-жылы күйүп кеткен. Самаркандда X кылымда 17 медресе ачылган. Мектептен жогору баскычтагы билим берүү жайлары «медресе» аталышы бекигенге чейин «*мажлис*» деп атала баштаган жана аларда *шайх, хаким же устаз* деп аталган билимдүү адамдар сабак берген.

## Ой жүгүртүү үчүн

Туран өлкөлөрүнүн руханий-агартуучулук турмушуна көз чаптырсак, бул аймактарда сабаттуулук жогору деңгээлде болгон. Мисалы, Муг тоосунан табылган документте VIII кылымда өлкөбүздө болгон окуялар жөнүндө сөз болот. Бул документ агыш көк, жибек булалары аралашкан «кытай» кагазына жазылган.

Документти династиянын кулу жазгын. Бул Туранда эркин калк гана эмес, кулдар да сабаттуу болушуна көңүл бурулганынан кубөлүк берет.

Академик А. Сагдуллаевдин «Байыркы Өзбекстан алгачкы жазма булактарда» деген китебинде сугд жазуусу иш жүргүзүүдө, соода жана маданий байланыштарда чоң мааниге ээ болуп, байыркы уйгур, монгол жана манжур жазууларынын пайда болушунда негиз болгондугу баса белгиленет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Эфталийлерге жана Түрк кагандыгына таандык тыйындарда падышалардын сүрөтү салынып, ысымдары менен согулганы кездешет. Түрк каганы Истами Византия императоруна кат жиберет. Элчинин сугд экендиги жана ал жеткирген кат сугд тилинде жазылгандыгы тарыхый булактарда айтылат. Эфталийлердин тушунда чөлкөмдө сугдча, харезмче, бухарача, караштити, эфталийче жазуулар болгон.

Кутайба ибн Муслимдин тушунда Бухара гисарынын ичинде жаме мечити жана медресе курулган. Ал жер (илгери) чиркөө эле. Кутайба ибн Муслим Афшона кыштагынын эгин аянттарын жана бош жерлерин медресе окуучуларына вакф кылып берген.

Медреселерде камсыздоо акча, дан жана ошол эки продукт аралашкан түрдө ишке ашырылган. Ар бир медресенин алдында башталгыч мектептер болгон. Анда 6 жаштан 12 жашка чейин болгон балдар окутулган. Ал эми медреседе билим алуу 12, 14 жаштан башталган. Билим алуу акысыз болгон. Ошондой эле, низамия медреселеринде окуучуларга стипендия берилген.

## Чыгармачыл иш

Берилген текстти окуп, төмөнкү суроого жооп бер: Эмне үчүн түрк каты пайдалануудагы башка каттарды кериктөөдөн чыгарып салды?

Белгилүү саякатчы Истахрий (850–934) харезмдиктердин илимге өчтүгүн өзүнүн «Китоб ал-масалик ва-л-мамалик» (930–933 жылдарда жазылган) аттуу чыгармасында «Азыр Багдадда шакирти болбогон эч бир окумуштуу жок», деп баса белгилейт.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Ой жүгүртүү үчүн

Ренессанс жараяндарына оң таасирин тийгизген Чыгышта, ошонун катарында, Туран чөлкөмүндө (IX–XII) түзүлгөн билим очоктору Европа Ренессансынын пайда болушуна түрткү болду. Бухарадагы Масжиди Калан аты менен белгилүү мечиттин ордунда алгачкы мечит курулган. Алардын алдында медреселер калыптанган.

IX к. баштарында Балхта 400 медресе жана 900 мектеп болгон.

“Илимдин сапаты үч себептен: бир өнөр менен байланыштуу илим; илим менен байланыштуу өнөр; кайрымдуулук жана далил менен байланыштуу адат. Кандайдыр өнөр менен байланыштуу иштер: табыптык, төлгөчүлүк, инженердик, күүчү, танапчы, акындык жана ушуларга окшош иштер. Илим менен байланыштуу өнөр айкелчи, куруучу жана булардан башка иштер да бар. Алардын ар биринин өзүнө мүнөздүү эрежеси бар, эгерде сен анын сүрөтүн жана тартибин билбесең, анда канчалык чебер болсоң да, бул боюнча таңыркаган адам өңдүү болосуң, таң калган бойдон турасың».

Кайкавус,
«Кабуснаама»



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Окуган маалыматтарыңдын негизинде өлкөбүздүн билим берүү боюнча тарыхынын болжолдуу жашын аныкта.
2. Алгачкы билим берүү мекемелери каерлерде ишкердик көрсөткөн?
3. Имам Газзалий илим жөнүндө кандай маалымат берет?
4. Кайкавустун «Кабуснаамасында» берилген үзүндүдөн кандай жыйынтык чыгардың?
5. Медреселерде билим берүү эмне үчүн вакфтын эсебинен ишке ашырылган? Аларда кандай билим берилген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТАРЫХТЫ ӨЗГӨРТҮРГӨН АДАМДАР



Дүйнөдө элдер көп, мамлекеттер көп. Миңдеген улуттар жана түркүн-түмөн элеттер да. Алардын ар биринин дүйнөлүк цивилизацияга кошкон өздөрүнүн салымы, белгилүү сандагы үлүшү бар. Ал эми бул үлүштү кимдир көбүрөөк, кимдир азыраак кошуп жашоодо. Бул табияттын мыйзамы, өнүгүүнүн принципи.

Биз ушул жердин ээси, ушул элдин өкүлү иретинде дүйнөлүк цивилизацияга кошкон чоң үлүшүбүз бар, деп айта алабыз. Энциклопедист-окумуштуу иретинде Беруний, медицинанын таянычы Сина, анык илимдерде Харезмий, диний илимде Имам Бухарий, аскердик илимде Амир Темур, асман илиминде Мирзо Улугбек, поэзия жана прозада Навоийдин алдына түшө алган бирөө табылбаса керек.

Кийинки темаларыбыз мына ушул жөнүндө...

## 43–44-темалар:

# АКЫЛ МЕНЕН КУРУЛГАН БАЙ РУХАНИЯТ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Эгерде Европада кайра жаралуу доору – Ренессанстын натыйжалары иретинде адабият жана көркөм өнөрдүн, архитектуранын шедеврлери, медицина жана адамды билүү боюнча жаңы ачылыштар пайда боло баштаган болсо, Туранда бул жараян кайсы илимдердин өнүгүшүндө билинди?
2. Ислам динине катуу ишеним пайда болгон IX—XI кылымдарда эмне үчүн ал жарандык илимдердин өнүгүшүн колдоп-кубаттаган??

### Маалымат үчүн

Өлкөбүздүн окумуштуулары диний билимдер боюнча да алдыңкы орунда турушкан. Мисалы, Ибн Сина, Махмуд Замахшарий, Фарабий, Берунийлер Курани карим, хадис, исламдын тарыхы жана укук таануу боюнча да чыгармалар жазышкан. Мусулман ааламындагы алгачкы окуу жайлары — медреселер VIII кылымдын акырларында ошол доордогу илимий-маданий борборлор эсептелген Бухара, Самарканд, Насаф, Термез, Хива, Шаш, Маргылан өңдүү байыркы шаарларда иштеп турган. Мындай билим очоктору өзүнүн натыйжасын көрсөтүп, өлкөбүздөн залкар муфассирлер (Куранга түшүндүрмө берүүчүлөр) жана мухаддислер (хадис чогултуучулар) өсүп чыккан.

Мухаммад (с. а. в.)дын алты жүз миңге жакын хадистерин эсте сактаган залкар окумуштуу Имам Бухарий «Хадис илиминин султаны» деген ардактуу наамга татыктуу болгон. Анын «ал-Жаме ас-Сахих» (сахих – ишеничтүү жыйнак) чыгармасы «Кураны карим»ден кийинки орунда турган экинчи маанилүү булак иретинде ислам ааламында жогору баага татыктуу болуп келүүдө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Имам Бухарий хадистерди кабыл алышы үчүн анын равийси кандай талаптарга жооп бериши зарыл болгон? Эмне үчүн? Сен дагы кандай талаптарды койгон болор элең?

2. Төмөнкү текстти оку! Эмне себептен Имам Бухарий алыстан келген болсо да, хадисти укпай артына кайтып кеткен?

Бир күнү бир адамдан хадис угуу жана аны жазып алуу үчүн издеп барат. Ал адам жылкысын чакыруу максатында этегине жем салымыш болуп, алдап жылкысын чакырып жатканын көрөт. Муну көрүп, аябай алыстан келген болсо да, ал адамдан хадис укпай кайтып кетет.

## Ой жүгүртүү үчүн

Имам Бухарий хадис илиминин окумуштууларынан бири Исхак Рахувайхтын алдында олтурган. Ал кээ бир шакирттерине: «Силер Набий саллаллаху алайхи васалламдин сүннөттөрүн өзүндө камтыган кыска, сахих китеп түзсөңөр кана!» – деди. Бул Имам Бухарийдин жүрөгүнө орношуп калды жана ал хадистерди чогултууну баштады. Бул хадистерди 600 000 хадистен чыгарып алып, китебине жалаң сахих хадистерди гана кошту. Хадистердин равийси (жеткирүүчү, сүйлөп берүүчү, айтуучу) жөнүндөгү маалыматтарды да берүү алардын ишеничтүүлүгүн камсыздоо үчүн негиз болгон. Ар бир равийдин өмүр баянын жазып, ар бир хадисти жазуудан мурда тазаланып, ибадат жана дуба кылар эле. Имам Бухарий хадистерди кабыл алышы үчүн алар төмөнкү талаптарга жооп бериши зарыл болгон. Хадис айтуучуга мусулман болушу, жашы (бойго жеткендиги), акылын толуктугу, күнөө иштерден сактангандыгы, илимге баш ийиши, уккан кабарынын ырастыгын аныктап, андан кийин гана бирөөгө айткан адам болушу, ошону менен бирге эстутумунун күчтүүлүгү, жалгандан алыс болушу өңдүү талаптарды койгон. «Ал-Жаме ас-сахих» 16 жыл бою жазылган.



Имам Бухарийдин күмбөзү. Самарканд

"Илимден башка жардам жок, болбойт да!"
Имам Бухарий

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Булактарда

# Имам Бухарийдин сыноодон өтүшү

Күндөрдүн биринде Имам Бухарийдин Багдадга келгенин уккан окумуштуулар аны сынап көрмөк болушту (бир иснаддын текстин экинчи бир иснаддын тексти менен жана бир тексттин иснадын башка тексттин иснады менен алмаштырып коюшту). Андан кийин аларды он кишиге ондон бөлүп беришти да, чогулуш учурунда Имам Бухарийге айтууну табышташты. Чогулушка миңдеген хурасандык, багдаддык жана башка окумуштуулар келишкен. Баягы адамдар өздөрүнө тапшырылган хадистерди Имам Бухарийге айтып, алар жөнүндө сурашты. Ошондо Имам Бухарий алардын ар бирине: «Мындай хадисти билбеймин», — деп жооп берди. Суроолор аяктагандан кийин, биринчи болуп суроо берген адамга кайрылды да: «Бирок, сен айткан биринчи хадистин тексти башка бир хадистин иснадына тиешелүү болуп, туурасы мындай, ал эми экинчи иснады башка хадистин текстине таандык болуп, туурасы мына мындай...» — деп суроо берген 10 адамга жооп берди. Бардык хадистердин иснаддары менен тексттерин жай-жайына койгонуна таң калган адамдар Бухарийдин эстутуму, акыл-зээнине алкыш айтышып, терең ызаат билдиришти (*иснад* – хадисти алгачкы жолу айткан киши жөнүндө маалымат).

## Чыгармачыл иш

1. «Имам Бухарийдин сыноодон өтүшү» деген аңгемени оку. Анын уникалдуу жөндөмү жөнүндө ой жүгүрт.
2. Эстутумду бекемдөө үчүн кандай көнүгүүлөр зарыл? Сен эстутумуңду бекемдөө үчүн кандай көнүгүүлөрдү аткарасың?
3. Китеп окуу жана жаттоо эстутумуңду бекемдейт, деген пикирге кошуласыңбы?
4. Ислам növ динде илимге өзгөчө көңүл буруудан, аны үгүттөөдөн кандай максаттар көздөлгөн?

Булактарда айтылышынча, Имам Бухарийдин сахих жыйнагына киргизилген ишеничтүү хадистердин саны кайталангандары менен кошо 7275 болуп, ал эми кайталанбаган түрдө 4000 хадистен турган.

## Билесиңби?

707-жылы мусулмандар тарабынан дүйнөдөгү алгачкы оорукана уюштурулду. Ошол оорукананын өзүндө медайымдардын кызматы жолго коюлду жана дарыгерлик жогорку окуу жайлары иш баштады. Көп кылымдар бою ошол мусулман дарыгерлери көз ооруларын үйрөнүү жана аны айыктыруу боюнча адистер эсептелген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1990-жылы өлкөбүздө Термезийдин жарыкка келгенинин 1200 жылдыгы кеңири белгиленди. Көз карандысыздык жылдарында Термезийдин эстелик комплекси кайрадан ремонттолуп, куттуу зыярат жайына айландырылды.

## Маалымат үчүн

**Имам Термезий.** Абу Иса Мухаммад Термезий (824–894-жыл, Термез) – Буг кыштагында (азыркы Шерабад районунда) туулган залкар өзбек мухаддиси. Термезий Имам Бухарий менен жолугушканда (бул жолугушуу Нишапурда болгон жана эки окумуштуу 5 жыл чогуу жашашкан) хадистин текстин гана эмес, анын маңызын жана философиясын түшүнүп жеткенин айтат. Өз кезегинде Имам Бухарий да шакиртин мактап, токтоолук менен: «Сен менден пайда тапканыңа караганда, мен сенден көбүрөөк пайда таптым», – дейт. Бул Термезийге берилген аябай жогору баа эле. 868-жылы ал өзү туулган өлкөсүнө кайткан.



Термезийдин зыярат жайы

## Чыгармачыл иш

«Сен менден пайда тапканыңа караганда, мен сенден көбүрөөк пайда таптым», дегенде Имам Бухарий эмнени көздө туткан?

## Ой жүгүртүү үчүн

Термезий илимий-чыгармачыл иш, шакирттерди даярдоо менен алектенди жана ири мухаддис окумуштуу, имам иретинде даңкка бөлөндү. Термезийдин калемине таандык чыгармалардын көпчүлүгү: «Ал-Жаме ас-сахих» (“Ишеничтүү жыйнак»), «Аш-Шамоил ан-набавия» (“Пайгамбар алайхиссаламдын кебетеси жана сапаттары), «Ал-Илал фил-хадис» (“Хадистердеги илдеттер»), «ат-Тарих» (“Тарых») жана башкалар бизге чейин жетип келген. Анын чыгармаларынын ичинде эң белгилүүсү, шексиз «Ал-Жаме ас-сахих» болуп, ал 6 ишеничтүү хадистер жыйнагынан бири эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Булактарда

Абу Иса Мухаммад Термезий Меккеге ажыга бара жатканда жолду катар көптөгөн белгилүү мухаддистер менен жолугушуп, алардын биринен хадис илиминен сабак өтүшүн суранат. Ошондо ал киши: «Мейли, колуңа кагаз-калем ал анда!» — деген. Тилекке каршы, ошол учурда Термезий калем таба албаган, окумуштуунун каршысына отуруп уккан.

Ал эми окумуштуу эч кандай жазуу жоктугун көрүп, ачуусу чыгып: «Эмне, сен мени бекерчиликке көнгөн адам деп ойлодуңбу?» — деп жемелеген. Имам Термезий кечирим сурап: «Сиз айткан хадистерди жаттап алдым, аларды айтып берейинби?» — деп, уккан хадистеринин бардыгын биринин артынан бирин өзүндөй айтып берген. Андан кийин окумуштуу дагы кырк хадис айткан. Имам Термезий аларды да бир-бирден катасыз айтып берген.

Ошондо окумуштуу Имам Термезийдин эстутуму аябай күчтүү экендигинен таң калган.





Иса Термезийдин күмбөзү, Шерабад



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн



**Замахшарий,** Абул Касым Махмуд ибн Умар ибн Мухаммад (1075-1144) – тил таануучу, акын, муътализийлер теориячысы, факих. «Жаруллах» – «Аллахтын кошунасы», «Араб жана араб эместердин устазы», «Харезмдин сыймыгы» аттары менен улууланган. Харезмдин Замахшар кыштагында туулган. Атасынын жетекчилигинде сабат чыгарып, кийинчерээк Гурганжда, Бухарада илим алган. Бир нече жыл харезмшахтар сарайында кызмат кылган. 1118-жылдан баштап бүткүл өмүрүн илим-билимге арнайт. Эки жолу ажы сапарында болгон. Көөнө Үргөнчтө кайтыш кылган.

Замахшарий араб тили, адабият, география, тафсир, хадис жана фикх боюнча көптөгөн чыгармаларды жараткан. Араб тилинин грамматикасы боюнча «Ал-Муфассал» деген чыгармасын ал Меккеде жашаган учурда, бир жарым жылдын ичинде жазган.

Анын Курандын тафсирине арналган «Курандын чындыктары жана аны түшүндүрүү аркылуу сөздөрдүн көзүн ачуу» (“Ал-Кашшаф ан хакаик ит-танзийл ва уюн-ил-акавийл фи вужух ит-таъвийл») чыгармасы белгилүү. Меккеде жазылган бул китеп кыскача «Кашшаф» деп аталат.

Замахшарийдин фикх боюнча «Түрдүү маселелердин маанилүүсү», «Мураскорлук укугу илими боюнча көнүгүү», дин негиздери жөнүндөгү «Усулдагы тартиптер», «Шахадат келмеси жөнүндө китеп», хадистерге арналган «Гариб хадистер жөнүндө эң сонун чыгарма», ошондой эле, тил, нахв маселелерин кең ачкан китептери, ыр девандары сакталган болуп, алар түрдүү тилдерге которулуп басылган.

Залкар бабабыз Алишер Навоий “Жети планета” дастанынын устаты Абдурахман Жамийдин мүнөзүнө багыштаган главасында Замахшарийди эстеп өтөт:

*Адабиятта сабак анын ар бир иши.*
*А мен Ибни Хажибдин шакирти.*
*Ибни Хажиб эмес эле, Жаруллах ал,*
*Мүнөздөөгө алсыз аны эч бир киши.*

## Чыгармачыл иш

Махмуд Имам Замахшарийдин араб грамматикасы жана тил таануусу боюнча чыгармасы үчүн арабдар аны кандай урмат менен тилге алышат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Залкар өзбек окумуштууларынын арасында ислам шариаты — фикх жаатында да алдыңкылары болгон.

Имам Бурханиддин Абул Хасан Али Абу Бакр Абдулжалил Абу Бакр Ферганий **Маргынанийд**ин санжырасы халифа Абу Бакр Сыддык (р. а.)дан башат алат.

Имам Бурханиддин Маргынаний 1123-жылы Маргылан шаарынын Риштан районунда туулган. Окумуштуу 1197-жылы кайтыш кылган. Маргынаний илим-билимдүү үй-бүлөдө чоңоюп, баштап билимди атасынан алат. Андан кийин өз доорунун белгилүү окумуштуулары, факих жана мужтахид деңгээлиндеги окумуштуулардан сабак алып, өзүнүн ишеними, такыбасы жана күчтүү шыгы себептүү ханафий мазхаби боюнча улуу факих жана мужтахид деңгээлине көтөрүлөт. «Шайх ул-ислам» деген улуу мартабага татыктуу болот.

Бурханиддин Маргынанийдин жүзгө жакын чыгарма жазгандыгы булактарда айтылган. «Хидая» анын эң мыкты чыгармасы эсептелет. Ал жети главадан турган болуп, ислам укук таануусунун бардык багыттарын өзүндө камтыган уникалдуу булак эсептелет.

Ал-Маргынанийдин бүткүл ислам ааламында белгилүү болгон «Хидая» чыгармасы 1178-жылы Самаркандда жазылган. Жаратылган доорунан азыркы күнгө чейин «Хидаядан» Чыгыш жана Батыштын окуу жайларында ислам шариатын үйрөнүүдө негизги чыгармалардан бири иретинде пайдаланылат.

Окумуштуу 1197-жылы кайтыш кылган.

**2000-жылдын ноябрында Маргыланда Бурханиддин ал-Маргынанийдин 910 жылдыгы кеңири белгиленди.**



Имам Бурханиддин Маргынанийдин зыярат жайы. Фергана облусу

образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

**Хаким Термезий**дин толук ысымы Абу Абдуллах Мухаммад Али Хасан ибн Башир болуп, анын өмүр баяны боюнча маалыматтар орто кылымдарда араб тилинде жазган авторлордон Тажуддин Субкий, Хатиб Багдадий Ибн Хажар Аскаланий, Сулламийдин чыгармаларында, ошондой эле, өзүнүн калемине таандык «Бадъу Шаъни Абу Абдуллах» («Абу Абдуллахтын ишинин башталышы») деген автобиографиялык китебинде келтирилген.

Белгилүү мутасаввуф, мухаддис, «хафиз ул-Куран» жана окумуштуу болуп, ишеним, тафсир, хадис илимдери жөнүндө чыгармалар жазган Хаким Термезий болжол менен 750/760-жылдарда Термез шаарында туулган. Өмүрүнүн аягына чейин (болжол менен 869-жылы) төрт жүзгө жакын чыгарма жазган. Ошондон алтымышка жакыны бизге чейин жетип келген.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Термезий бул дүйнө үчүн жаратылган бардык байлыктардын, ошонун катарында, айлана-чөйрө, бизди курчап турган дүйнөнүн сырларын билүүдөгү аракеттери үчүн өзүнүн доорунда окумуштуу «ал-Хаким», башкача айтканда «(реалдуу дүйнөдөгү) сырларды билген инсан» деген атка татыктуу болгон.

Окумуштуунун пайгамбар Мухаммад алайхиссаламдын хадистерине арналган «Наводир ал-усул фи Расул» (“Расулуллахтын хадистерин билүүгө тиешелүү усулдар») аттуу чыгармасы белгилүү. Анын кол жазмасынын бир нускасы Өзбекстан мусулмандар кеңсасынын китепканасында сакталат. Хаким Термезийдин бизге чейин жетип келген маанилүү чыгармаларынан дагы бири «Хатм ал-авлия» (кээ бир булактарда «Хатм ал-валаят») болуп, анда окумуштуунун валийлик жөнүндөгү караштары кеңири баяндалат. Мындан тышкары, анын тасаввуф боюнча «Китаб хакикат ал-адамия» (“Адамзаттын чындыгы жөнүндө китеп»), «Адаб ал-нафс» (“Напис адеби») жана башка бир топ кол жазма чыгармалары бүгүнкү күнгө чейин жетип келген. Алар адистер тарабынан үйрөнүлүп жатат.

Хаким Термезийдин күмбөзү





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Абу Бакр Мухаммад Жаъфар Закарийя Хаттаб Шарик **Наршахий** (899–959) — тарыхчы окумуштуу.

Бухаранын Наршах кыштагында туулган. Саманийлер сарайында катчылык менен алектенген. Наршахий 943–944-жылдарда саманийлердин амири Нух ибн Насрга арналган «Тахкики вилаяти Бухара» («Бухаранын тарыхы») аттуу чыгармасын араб тилинде жазган.



Наршахийдин «Бухаранын тарыхы» чыгармасы Бухара аймагынын тарыхына арналган. Китептин бир нече главасы Бухаранын курулушуна, байыркы аттарына, байыркы падышаларына арналган. Чыгарманын атайын бир главасы Бухаранын айланасындагы Кармана, Нур, Таваис, Искажкат, Шарг, Зандана, Вардона, Афшана, Баркат, Ромитан, Варахша, Байканд (Пайкенд), Фараб жана башкалар жөнүндө маалымат берет. Китепте Туранда араб халифаттыгы бийлигинин орнотулушу, ислам дининин жайылышы жана Бухаранын арабдар тарабынан басып алынышы жана халифаттыкка каршы күрөштөр кеңири баяндалат.

«Бухаранын тарыхында» IX кылымда Турандын араб халифаттыгынан бөлүнүп чыгышы, Маварауннахр менен Хурасанда саманийлер бийлигинин орнотулушу жана Бухаранын экономикалык жана маданий турмушу көрсөтүлгөн.

Чыгармада Бухара шаарынын дарбазалары, ички жана тышкы дубалдарынын курулушу, арк жана шахристандын тургузулушу өңдүү шаардын тарыхый топографиясына таандык маалыматтар болуп, алар чебердик менен баяндалган. Бул чыгарма бүткүл Турандын алгачкы орто кылымдар тарыхын үйрөнүүдө теңсиз булак болуп эсептелет.

## Билесиңби?

Тилекке каршы, «Бухара тарыхынын» араб тилинде жазылган түпкү нускасы бизге чейин жетип келбеген. Бизге буюрганы — бул перс тилине которулуп, дээрлик үч кылым бою бир нече жолу редакциялоо, кыскартуу жана кошумчаларды башынан өткөргөн нуска. Бирок, «Бухаранын тарыхы» Парижде француз, Бухара менен Тегеранда перс, Кембрижде англис, Ташкентте орус жана өзбек тилдеринде, Душанбеде тажик тилинде басылган.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. «Тынчтык жана туруктуулук илим-билимдин өнүгүшүнө оң таасир көрсөттү», деген сөздү турмуштук мисалдардын негизинде чечмеле.
2. Өлкөбүз ойчулдарынын илимий мурасы дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүшүнө кандай таасирин тийгизди. Пикириңди негизде.
3. 1000 жыл өткөндөн кийин адамдар сени жылуу сөздөр аркылуу сыймыктануу менен эске алышын элестет.
4. Сен келечекте өзүңдөн кандай руханий мурас калтырмакчысың?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 45–46-темалар:

# IX–XII КЫЛЫМДАРДА ИЛИМ-БИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТТЫН ӨРКҮНДӨШҮ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сүрөттө берилген Магаки Атторий кайсы династиянын тушунда курулган?
2. Дүйнө тарыхы предметинен алган билимдериңдин негизинде төмөнкү суроолорго жооп бер. Халифа Маъмун Багдадда түзгөн илим мекемеси тарыхта кандай ат менен калган? Бул мекеме эмнеси менен белгилүү болгон?
3. Махмуд Газнавийдин Харезмге чабуулуна эмне шылтоо болду? Ал кайсы окумуштууну өзү менен Газнага алып келди жана ага вазир даражасын берди?



Бухарадыга Магаки Атторий мечити

### Ой жүгүртүү үчүн

Туран аймагы дүйнө маданиятынын көөнө очокторунан бири болгон. Ислам дини кирип келишинен мурда да бул жерде жашаган элдер бай архитектуралык жана кол өнөрчүлүк салттарына ээ эле. Чөлкөмгө ислам дини кирип келгенден кийин, жергиликтүү салттар ислам маданияты менен жуурулушуп, мындан да өркүндөөгө шарт түзүлдү.

Илим-билим, соода-сатык, курулуш жана айыл чарбасы ойго келбеген деңгээлде өнүгө баштады. Алгачкы ислам



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

доорундагы саясий жана экономикалык чөйрө бул жараянга өзүнүн оң таасирин тийгизди.

IX–X кылымдарда архитектуранын эң сонун жетишкендиктери жана үлгүлөрү, айныкса, мечит жана медреселердин курулушунда көбүрөөк көрүндү. Ошол доорлордо өлкөбүзгө келип-кеткен саякатчы жана окумуштуулар шаарларга мүнөздөмө берип жатып, негизги имараттар иретинде мечит жана медреселерди тилге алышканы ошондон күбөлүк берет. Мечит имараттарынын алдында шаан-шөкөттүү мунаралар, окумуштуулар менен олуялардын мүрзөлөрү үстүнө күмбөздөр курулду.

Мындай жерлерди зыярат кылгандардын саны көп болгондуктан, атайын үжүрөлөр да курула баштады.

Экономикалык жагдайдын жакшырышы, шаарлар маанисинин чоңоюп барышы натыйжасында IX кылымга чейин негизинен ылай жана бышпаган кыштан курулуп келген имараттардын ордуна эми бышкан кыштар да иштетиле баштады.



**Билесиңби?**

Азыркы география, минералогия, физика жана химия багыттары үчүн өтө маанилүү жана ишеничтүү саналган заттардын диагностикасы усулу, башкача айтканда заттардын салыштырма салмагын аныктоо алгачкы жолу Харезмде Маъмун академиясында Беруний тарабынан ачылган.

## Чыгармачыл иш

1. Бул доордо курулуш жаатында кандай жаңы имараттар бой көтөрдү?
2. Алардын милдети эмнелерден турган?
3. Биринчи медресе каерде курулган?





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн

Караханийлер, газнавийлер, салжукийлер, ануштегиндердин тушунда экономикалык жана маданий өнүгүү жогорку деңгээлде болгон.

XI–XII кылымдарда бышкан кыштан имарат куруунун чебердиги жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. Имараттар сегиз бурчтуу формада курулуп, порталдары бийик көтөрүлгөн жана кооз күмбөздөр менен жабуу адат түсүнө кирген, орнаменттелген кышты кыноо өнөрү өнүккөн, кыштарга оймо орнаменттер түшүрүлгөн.

Калк арасында «мусулман кыш» деп аталган курулуш элементи, сары ылайдан даярдалып, атайын мештерде бышырылган. Ар бир шаар жана вилаятта өзүнө мүнөздүү архитектуралык стилдер өнүккөн. Алар алгебра жана геометрия илимдеринин өнүккөндүгүнөн да кубөлук берет.



1



2

## Чыгармачыл иш

Берилген сүрөттүн негизинде төмөнкү суроолорго жооп бер:

1. Кыштардын кыналышына көңүл бур. Алардын стилдерине ат кой.
2. Мындай орнаменттерди кынаштыруу же бышкан кыштарды жасоо үчүн кандай технологиялардан пайдаланышкан? Бышкан кыш даярдоо механизмин билесиңби?
3. Геометрия предметинен алган билимдериңе таянып, орнамент чий, кандай сызыктардан пайдаландың?
4. Берилген сүрөттө канча бурч бар, эсептеп көр. Алардын өлчөмүн таба аласыңбы?



3

4



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Салжукийлердин тушунда илми жана маданият өнүгүшү үчүн бардык шарттар түзүп берилген. Бул үй-бүлөгө таандык жогорку өкүмдарбы, шаазаадабы же канышабы, бардыгы кандайдыр шаарда бир же бир нече медресе курууну өздөрүнүн милдети деп билишкен. Алардан вазирлер, амирлер, жергиликтүү акимдер да өрнөк алып, иш жасашкан. Белгилүү вазир Низамулмүлк өз маалында көптөгөн медреселерди курдурган. Ал эми илим алуучулар диний багытта да, жарандык багытта да билим алышкан. Окуучулар айлык жөлөк пул алышкан, жер менен камсыздалган. Аларды өз доорунун алдыңкы окумуштуулары окуткан. Билим алуучулардын кол астында көп миң сандуу китептерди өзүндө камтыган китепканалар да болгон.

Низамулмүлк тарабынан негиз салынган Багдаддагы «Низамия» медреселеринен биринде алты миң окуучу жашап, билим алганы белгилүү. Ар бир медресенин алдында китепкана, кээ бирлеринде оорукана да болгон. Алсак, Нишапурда негиз салынган медресеге оорукана да бириктирилген.

Медреседе астрономдор, математиктер, табыптар, химиктер, көрүнүктүү акындар эмгектенген. Алар өз заманасынын бардык илимдеринен кабардар болушкан.

Мервдин жардамчысы Маъмун 813-жылы Багдад халифаттыгынын тактына отурат. Ал Хурасан, Мавараұннахр жана Харезмдеги билимдүү калкты Багдадга алып кетет. Алардын арасында тарыхта белгилүү Мухаммад Муса Харезмий да болгон.

### Чыгармачыл иш


Эмне үчүн халифа Маъмундун, кийинчерээк караханийлер, саманийлер, газнавийлер, салжукийлердин тушунда илим жана агартуу өнүккөн? Жообуңду Имам Бухарийдин «Илимден башка жардам жок, болбойт да», – деген накыл сөзү менен негизде.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





## Маалымат үчүн

Харезмшахтардан **Абул Хасан Али ибн Маъмун** илимге өзгөчө көңүл буруп, сарайына окумуштууларды чакырат. Гүрганжда 1004-жылы академияга негиз салат. Ал тарыхта Маъмун академиясы аты менен калат. Бул академияда Абу Райхан Беруний билим алуучуларга башчылык кылат.

Академияда Абу Али ибн Сина да эмгектенген. Анда диний билимдер менен кошо окумуштуулар жарандык жана табигый илимдер менен, ошонун катарында, астрономия, математика, физика, химия, минералогия, картография, география, геометрия, жаратылыш таануу, медицина, философия, тарых, араб тили, логика, адабият, ислам укук таануусу жана башка илимдер боюнча терең изилдөөлөр алып барышкан. Алар араб, перс, инди, латин, грек жана түркий тилдерди мыкты билишкен. Грек окумуштууларынан Платон, Аристотель, Птолемей, Евклид, Пифагор жана Галендин чыгармаларын терең талдап, аларга арнап түшүндүрмөлөр жазышкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алар аталган предметтер боюнча изилдөө жүргүзүп, предметтерди жаңы идеялар менен байытышкан.

Алар Гурганж медреселеринде жаштарга таалим-тарбия берип, шыктуу шакирттерди даярдоого чоң салым кошушкан. Ошондой эле, академияда Берунийдин астрономия, Абу Насрдин математика, Абул Хайр Хаммардын химия мектептеринде да жаштарга терең билим берилди. Бул доорго келип Гурганж медреселери жана аталган мектептер чыныгы билимдин очогуна айланды. Аларда билим алган жаштар кийинчерээк Чыгыштын белгилүү окумуштуулары болуп жетишкен.

Маъмун академиясына чогулган окумуштуулардын көпчүлүгү Мухаммад Муса Харезмий жазган чыгармалардын чечмелөөчүлөрү же окумуштуунун кайсы бир предмет боюнча илимий салттарынын улантуучулары болгон.

## Чыгармачыл иш

Булактарда айтылышынча, харезмшах Маъмундун Абу Хусайн Сухайлий деген вазири болуп, ал зээндүү агартуучу жана философ эле. Өкүмдардын илимге өзгөчө көңүл бурушуна ал себепчи болгон. Ушул маалыматты түшүндүр.

2006-жылы өлкөбүздө Харезм Маъмун академиясынын 1000 жылдыгы белгиленген.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Төмөнкү пикирди түшүндүр: «Харезм Маъмун академиясы ээн жерде пайда болгон эмес. Ал өзүнө чейин жаратылган илим-билимдин мыйзамдык мураскору иретинде калыптанды».
2. «Мыйзамдык мураскору» деген сөздү кандай түшүндүң?
3. Бүгүнкү күндө Мухаммад Муса Харезмийдин мураскорлору иретинде кимдерди айта аласың?
4. QR-коддо берилген булактарга негизденип, Харезм Маъмун академиясынын кайра түзүлүшү жөнүндө презентация даярда.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 47–48-темалар: МУХАММАД ИБН МУСА АЛ-ХАРЕЗМИЙ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Мухаммад ибн Муса Ал-Харезмий жөнүндө кандай маалыматтарга ээсиң?
2. Ал-Харезмий кандай улуу ачылыштар жасаган?
3. Бул инсандын тарых алдындагы кызматтары эмне эле?

## Ой жүгүртүү үчүн

Залкар математик, астроном жана географ окумуштуу Абу Жаъфар (Абу Абдуллах) Мухаммад ибн Муса ал-Харезмий Хивада (783–850) туулган. Ал алгебра предметинин негиздөөчүсү катары илим-билимдин тарыхында жогорку наамга татыктуу болду. «Алгебра» сөзүнүн өзү анын «Ал-китаб ал-мухтасар фи хисаб ал-жабр ва ал-мукабала» деген китебинен алынган. Анын арифметикага тиешелүү китеби инди цифраларына негизделген болуп, ал учурда биз пайдаланып жаткан ондук эсеп системасына жана андагы амалдардын Европада таралышына себепчи болду. Ал эми окумуштуунун «ал-Харезмий» деген аты «алгоритм» түрүндө илимде түбөлүктүү орношуп калды.



## Билесиңби?

Харезмийдин айтышынча, алгебрада үч түрдүү сан менен иштелет: тамыр (жизр) же нерсе (шай), квадрат (мал) жана жөнөкөй сан же дирхам (акча бирдиги). Дагы анын айтышынча, тамыр — өзү-өзүнө көбөйтүлүүчү сан, ал эми квадрат тамырды өзүнө көбөйтүүдөн пайда болгон чоңдук. Харезмий иштеген теңдемелер мына ушул үч сандын ортосундагы мамилелер болуп саналат.

## Чыгармачыл иш

X кылымда жашаган саякатчы ал-Мукаддасий: «Харезмдиктер аң-сезимдин, илимдин, фикхтин, жөндөмдүүлүктүн жана билимдин адамдары», дегенде эмнелерди көздө туткан?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Ой жүгүртүү үчүн

Харезмийдин калемине таандык 20 дан ашуун чыгарманын 10 у бизге чейин жетип келген. «Алжабр ва ал-мукабала», «Инди эсеби жөнүндө китеп», «Кошуу жана кемитүү жөнүндө китеп» (арифметикалык чыгармалар), «Китоб сурат-ул-арз» (географияга тиешелүү чыгарма) ошолордун катарына кирет. Ошондой эле, окумуштуунун «Зиж», «Устурлаб менен иштөө жөнүндө китеп», «Устурлаб жасоо жөнүндө китеп», «Устурлабдын жардамында азимутту аныктоо жөнүндө», «Китоб ар-рухама», «Китоб ат-тарих» өңдүү чыгармалары илим-билимдин өнүгүшүндө чоң мааниге ээ болду.

Батышта жердин көбү түздүктөн турат, деп ишенип жүргөн бир маалда, Харезмий планетабыз тоголок экендигин далилдеген.

«Мен арифметиканын жөнөкөй жана татаал маселелерин өзүндө камтыган «Алжабр вал мукабала эсеби жөнүндө кыскача китеп» түздүм, анткени мурас бөлүштүрүүдө, осуятнаама түзүүдө, мүлк бөлүштүрүүдө, адлия иштеринде, соодада жана ар кандай келишимдерде, ошондой эле, жер өлчөөдө, канал өткөрүүдө, геометрияда жана башка ушуга окшош түрдүү иштерде адамдар үчүн бул зарыл».

Мухаммад Муса Харезмий





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Окумуштуу байыркы Вавилондон белгилүү болгон биринчи жана экинчи даражалуу теңдемелерди чыгаруунун усулдарын баяндаган. Харезмий ар бир учур үчүн теңдемени чыгаруунун эрежелерин жана алардын туруктуу белгилерин келтирет. Далил тышкы көрүнүшүнөн геометриялык тилде баяндалса да, мазмун жагынан азыркы алгебралык далил менен дал түшөт.

«Мен арифметиканын жөнөкөй жана татаал маселелерин өзүндө камтыган «Алжабр вал мукабала эсеби жөнүндө кыскача китеп» түздүм, анткени мурас бөлүштүрүүдө, осуятнаама түзүүдө, мүлк бөлүштүрүүдө, адлия иштеринде, соодада жана ар кандай келишимдерде, ошондой эле, жер өлчөөдө, канал өткөрүүдө, геометрияда жана башка ушуга окшош түрдүү иштерде адамдар үчүн бул зарыл», – деп жазган ал-Харезмий.

«Алжабр вал-мукабала» алгебранын негиздери жана алгебраны иш жүзүндө колдоого арналган эң сонун окуу китеби болгон.

Европалык окумуштуулар бир нече кылымдар бою бардык эсептөөлөрдүн астына «диксит Алгоритми» – «Ал-Харезмий ушундай дейт», деп кошуп кетүүнү өздөрүнө сыймык деп билишкен. Бул окумуштуулардын эсептөөлөрдү залкар окумуштуу Харезмийдин көрсөтмөлөрү негизинде жүргүзүшкөнүн билдирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Билесиңби?

«Ар дайым уюлдук телефонуңду колуңа алганыңда, унутпа, анын «ичинде» мусулман өзбек аксакалы жашынып отурат!». Белгилүү британ журналисти Эндрю Марр дүйнө тарыхы жөнүндө BBC телеканалы үчүн даярдаган телеберүүлөрүнөн биринде Муса Харезмий жөнүндө сүйлөп, жогорудагы сөздөрдү айткан, деп кабар берилет эл аралык массалык маалымат каражаттарында.


## Чыгармачыл иш

1. «Алгоритм» дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Күн тартибиңдин, чөнтөк телефонуңдун алгоритми барбы?
3. Эгерде 0 саны болбогондо, анык эсептөөлөрдү жүргүзүүгө болор беле?
4. Европалык окумуштуулар Мухаммад ибн Муса ал-Харезмийди кандай наам менен тилге алышат?

## Маалымат үчүн

Окумуштуу Харезмий көптөгөн инди кол жазмаларын үйрөнүп чыкты. 1 ден 9 га чейинки эсеп системасын түзгөн жана 0 дун үстүндө көп ойлонгон инди математиги окумуштуу Харезмийге түрткү болду. Бирок 0 санын сан иретинде тааныган жана инди эсеп системасынан пайдаланып, араб эсеп системасына негиз салган инсан дал ушул залкар окумуштуу Муса Харезмий эле. Өзүнө замандаш окумуштууларга инди эсеп системасын тааныштыруу жана математика ааламынын борборуна 0 санын жайлаштыруу өз доорунун математикасы үчүн революция болду. Бул болсо мурда чечүүнүн мүмкүнчүлүгү болбогон өтө абстракттуу жана татаал математикалык маселелерди да чечүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Ушул ачылыштын өзү эле Муса Харезмийди бардык убакыт жана мейкиндиктин эң улуу математиктеринин катарында турушуна жетишет эле. Бирок анын дагы башка бир чоң ачылышы болуп, бул жаңылык себептүү математикадан жаңы бир багыт бөлүнүп чыкты.

Мухаммад ибн Муса Харезмийдин көрсөткөн баа жеткис кызматтарын тааныган түрдө, 1976-жылы Планеталар системасына ат коюу боюнча жумушчу тобу Айдын кратерин Муса Харезмийдин аты менен атаган.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Харездеги Маъмун академиясында эмгектенген окумуштуулар илимдин кайсы багыттарында изденүү жүргүзүшкөн?
2. Мухаммад Муса ал-Харезмий математикадан тышкары илимдин дагы кайсы багыттары менен алектенген? Сен илимдин кайсы багытына кызыгасың?
3. Ойлоп көрчү, ошол доордо «Ал-жабр вал-мукабала» китебине кандай зарылчылык болгон?

## Ой жүгүртүү үчүн

Харезмий математика боюнча чыгармаларынан тышкары, географияда да маанилүү иштерди жасаган. Ал халифа Маъмун (813–833) үчүн дүйнө картасын түзүүгө жардам берди жана Жердин айланасын табуу боюнча долбоордо катышты, Сириядагы Синжар түздүгүндө Жер меридианынын градустарын өлчөдү.

«Харезмий өз доорунун эң улуу математиги жана эгерде бардык шарттар этибар алынса, бардык доорлордун да эң улууларынан бири».

Ж. Сартон,
америкалык тарыхчы



Маъмун академиясынын азыркы көрүнүшү, Харезм.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Ошол доордо дүйнөнүн башка мамлекеттеринде да Мухаммад ибн Муса ал-Харезмий өңдүү илимий мурас калтырган окумуштууларды билесиңби?
2. Дүйнөлүк коомчулуктун өнүгүшүн Харезмийсиз элестетүүгө болобу?
3. «Муса Харезмийдин илимдин өнүгүшүндөгү орду» темасында кошумча маалыматтардын негизинде презентация даярда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 49–50-темалар:

# АХМАД ФЕРГАНИЙ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. «Алфраганус» жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Сүрөттө берилген имараттын кай жерде жайлашканын билесиңби?





Ахмад Ферганийдин «Астрономиянын негиздери жөнүндөгү китеп» деген чыгармасы орто кылым мусулман Чыгышынын өлкөлөрүндө, андан ары Испания аркылуу Европа өлкөлөрүндө астрономия илиминин өнүгүшүн баштап берди.

### Маалымат үчүн

Окумуштуунун толук ысымы Абул Аббас Ахмад ибн Мухаммад ибн Касир ал-Ферганий. Өмүрү жана илимий ишкердиги жөнүндө аябай аз маалыматтар сакталган.

Ахмад Ферганий Фергана өрөөнүнүн Куба (Кува) (797–865-жылдар) кыштагында туулган. Ал баштап Багдаддагы обсерваторияда иш жүргүзгөн, андан кийин Дамашктагы обсерваторияда асман телолорунун кыймылын жана ордун аныктоо, жаңы „Зиж“ жаратуу иштерине жетекчилик кылган.

Ферганий грек астрономдорунун, алсак, Птолемейдин «Жылдыздар жадыбалы» чыгармасында берилген маалыматтарды көрүп чыгууда жана ошол доордогу бардык негизги жерлердин географиялык координатала-




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

1. Абул Аббас Ахмад ибн Мухаммад ибн Касир ал-Ферганий кайсы халифанын тушунда жашаган?
2. Асман телолорунун кыймылын жана ордун аныктоо үчүн кандай билимдерге ээ болуу керек?


Айдагы кратерлерден бирине Ахмад ал-Ферганийдин аты берилген

1998-жылы окумуштуу туулганынын 1200 жылдык датасы чоң салтанат менен белгиленди. 2007-жылы Египеттин борбору Каирде окумуштуугa эстелик орнотулду

рын жаңыдан аныктоо боюнча жүргүзүлгөн маанилүү изилдөөлөрдө катышкан.

Араб тилиндеги илимий термин таануу боюнча, ошонун катарында, астрономия, математика жана географияга тиешелүү терминдерди белгилеп чыгуу өңдүү атайын илимий иштерди жөнгө салууда Ферганийдин кызматтары чоң. Ал айрым астрономиялык аспаптарды ойлоп табуу, астрономия боюнча араб тилиндеги башталгыч билимдерди белгилөө жана тартипке салуу иштерине да салымын кошту.

## Ой жүгүртүү үчүн

Ферганийдин «Асман кыймылдары жана жалпы илми нужум» деп аталган астрономиялык чыгармасы «Астрономиянын негиздери жөнүндөгү китеп» деген ат менен белгилүү. Чыгарма XII кылымда эки жолу латин тилине которулган. XIII кылымда башка Европа тилдерине которулгандан кийин, Ал-Ферганийдин аты «Алфраганус» түрүндө дүйнөгө таанылды.

Ферганийдин жогоруда аты аталган чыгармасынан тышкары «Астурлаб жасоо жөнүндө китеп», «Ал-Ферганийдин жадыбалдары», «Айдын Жердин астында жана үстүндө болуу убактыларын аныктоо жөнүндө китеп» кол жазмасы, «Жети климатты эсептөө жөнүндө» өңдүү чыгармалары түрдүү өлкөлөрдүн китепканаларында сакталууда. Ал-Ферганий 861-жылы Каирга жакын жердеги Равза аралында «нилометр» – суунун деңгээлин белгилөөчү аспапты жасаган. Аспап алгачкы жолу Нил дарыясында сынап көрүлгөндүгү үчүн ушундай аталган.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Төрт миң километр узундуктагы Улуу Нил Египеттин эли үчүн өмүрдүн дарыясы эле. Өлкө аймагынын алты пайызында гана дыйканчылык кылууга, кандайдыр жемиш өстүрүүгө мүмкүн болгон. Бул да Нил себептүү. Калган бөлүгү кумдуу болуп, дарыянын суусу жетип барбаган. Мына ошол алты пайыз суулуу жер элди багып келген. Азыр да ушундай. Бирок ошондо Нил суусунун деңгээли тизгинсиз болгон. Бир жыл суунун деңгээли көтөрүлсө, жээктеги дыйкандын жерлерин суу басып, түшүмсүз калышкан. Тескерисинче, суунун деңгээли төмөндөп кетсе, жээктен алысыраактагы жерлер кургакчылыкка кабылган. Ошентсе да, мамлекеттин салыкчылары эки учурда тең жердин ээлеринен бирдей салык талап кылган. Ахмад Ферганий жылдыздардын кыймылына тынымсыз байкоо жүргүзүү аркылуу Нил дарыясынын деңгээлиндеги өзгөрүштү үйрөнүп, дарыядан алыс-жакындыгына карай жерлер түшүмдүүлүгүнүн жадыбалын түзөт жана ошого ылайык салык системасын жаратат. Анын Нил дарыясынын аралдарынан бири — Рауд «тумшугуна» курган «Микяси Нил» аспабы Египетте салыктын жаңы көлөмүнө негиз салды.

Европа Кайра жаралуу доорунун белгилүү окумуштуусу Региомонтан XV кылымда Австрия жана Италия университеттеринде астрономия боюнча лекцияларын Ферганийдин чыгармалары негизинде окуган. Ферганийдин аты Данте (XIV кылым) жана Шиллер (XVIII кылым) тарабынан тилге алынат.



Белгилүү астроном Янь Гевелий 1647-жылы басылган «Селенография» деген китебинде айдагы кратерлерден бирин залкар мекендешибиз Ахмад Ферганийдин аты менен атайт.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# «Микяси Нил» жөнүндө

Мына ошол, бабабыз мындан XII кылым илгери курган «Микяси Нил» курулмасы. 35–40 метр келген көпүрөдөн өтсөң, темир жыгач (Индиядан алып келинген бук дарагынан) капталган сегиз бурчтуу, үстү тегерек сымал күмбөздүү жөнөкөй бир имаратка туш келесиң. Нилдин бир чети ушул аралга урулуп, экиге бөлүнөт. Солдо канал сымал агым, оңдо бир чакырымдай мемиреп агып жаткан өмүр дарыясы. Ар кандай абалда да суу «Микяси Нил» курулмасына ачылган тешиктен кирип-чыгып турат. Ичкери кирсең, өзүңдү бүгүн Өзбекстан деп аталган мамлекетке келип калгандай сезесиң. Ортодо мрамор устун. Ага суу деңгээлинин өлчөм сызыктары чийилген. Ал эми айланаң жыгач оймочулугу жана чыгышка мүнөздүү миниатюралар менен капталган. Айтылышынча, Египеттин эли аларды кылымдар бою кастарлап келген.

Сегиз устундагы сызыктарга кусалык менен тигилемин. Мрамор тепкичтерден устунду айланып, ылдый түшөмүн. Ал Нил дарыясы суусунун деңгээли эң төмөн болгондогу көрсөткүчтөн да тереңирээк. Мына бул тешиктен суу келип, устундун сызыктарында изин калтырып, башка тешиктен чыгып кете берген.

Ал эми бабабыз суу деңгээлинин көрсөткүчүнө салыштырмалуу дыйкандын жери дарыядан канча чакырым алыста экендигине карай, канча салык төлөө керектигин математикалык формулалардын негизинде анык эсептеп, белгилеп берген. Ошентип, суунун деңгээли көтөрүлсө, жери дарыяга жакын дыйкандар азыраак, жери дарыядан алысыраактагы дыйкандар көбүрөөк, тескерисинче, суунун деңгээли адаттагыдан төмөндөп кетсе, дарыяга жери жакын дыйкан көбүрөөк, жери алысыраактагы дыйкан азыраак салык төлөгөн. Тек алганда, жөнөкөй эрежеге окшойт. Бирок анда азыркы өлчөм бирдигиндеги бир метр өзгөрсө да салыктын саны өзгөрө турган жадыбалды жаратуу, чындыгында да, арабдардын өздөрү айткандай, улуу ачылыш, же чыныгы адилеттин таразасы болгон. Ошондуктан арадан миң жылдан ашуун убакыт өтсө да, арабдар алигиче окумуштуунун атын чексиз урмат менен тилге алышат. Ошондуктан да Ахмад ал-Ферганий жараткан «Микяси Нил» азыр да жумушчу абалда сактап келинүүдө.

Мухаммаджон Обидов



Каирда, Рауд аралында, «Микяси Нил» имаратынын алдына Ахмад ал-Ферганийдин аябай кооз жана назик иштелген айкели коюлду.

Бул Египет элинен адамзаттын залкар бабасы Ахмад ал-Ферганийге ыраазычылыгынын символу болуп эсептелет.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Ахмад ал-Ферганийдин илим-билимдин өнүгүшүндөгү орду кандай болгон?
2. «Микяси Нил» курулмасы жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Ал-Ферганий илимдин кайсы багыттарын мыкты билген?
4. Илимдин багыттары боюнча Ахмад Ферганий өңдүү изилдөө жүргүзгөндагы кимдер жөнүндө билесиң? Алардын тарых алдындагы кызматтары кандай болгон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 51–52-темалар:

# АБУ НАСР ФАРАБИЙ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Эмне себептен Абу Наср Фарабий «Ал-муаллим ас-Саний» деп кабыл алынган?
2. Сен мектебиңде окутулуп жаткан предметтердин кайсы бирин зарыл эмес деп баалайсың? Эмне үчүн? Жообуңду негизде.
3. Кимдерге «энциклопедист-окумуштуу» деп айтылат?
4. Сен өзүң кайсы предмет жана тилдерди мыкты билесиң?



### Маалымат үчүн

Абу Наср Фарабийдин (873–950) толук ысымы Абу Наср Мухаммад ибн Мухаммад ибн Узлуг Фарабий.

Дүйнө маданиятына чоң салым кошкон белгилүү философ, энциклопедист-окумуштуу Фарабий 873-жылы түркий уруулардан болгон аскер кызматчынын үй-бүлөсүндө, Сырдарыянын оң жээгиндеги Фараб (Отрар) шаарында туулган.

Фарабий өз заманасынын бардык илимдерин толук ээлегени жана бул илимдердин өнүгүшүнө чоң салым кошкону үчүн Чыгыш өлкөлөрүндө «Ал-муаллим ас-Саний» – «экинчи мугалим» (Аристотелден кийинки), «Чыгыштын Арастусу» деген наамдарга татыктуу болгон.

Айрым маалыматтарда айтылышынча, ал 70 тен ашуун тилди билген. Фарабий орто кылымдарда белгилүү болгон табигый жана социалдык багыттарда 160 тан ашуун чыгарма жараткан. Кеменгер мекендешибиздин социалдык-саясий турмушка, мамлекетти башкаруу маселелерине, жүрүм-турум тарбиясына, фикх таануу-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## Чыгармачыл иш

1. Абу Наср Фарабийди «Чыгыш өлкөлөрүндө «Ал-муаллим ас-Саний» – «Экинчи мугалим» дейишкен. Биринчи мугалим ким?
2. Окумуштууну эмне себептен «Экинчи мугалим» деп аташканын негизде.

га жана педагогикага таандык чыгармалары бар.

Алардын катарына «Бакыт-таалайга жетишүүнүн жолдору» («Китоб фи-т танбех ола асбоб ас-саодат»),"Шаарды башкаруу» ("Ас-сиёсат ан-мадания»), «Согуш жана тынч жашоо жөнүндө китеп» ("Китоб фитойии вал хуруб»), «Касиеттүү жүрүм-турумдар» ("Асшрат ал-Фазила») жана башкалар кирет.

Фарабий Туран ойчулдарынан гана эмес, европалык окумуштуулардан да бир топ кылым илгери адилеттүү коом куруу теориясын жаратууга чоң салым кошкон. Окумуштуунун «Билимдүү адамдар шаары» аттуу китебинде коомдун келип чыгышы, максаты жана милдеттери ыраатту баяндалган. Мамлекетти башкаруу, таалим-тарбия, жүрүм-турум, агартуу, диний ишеним жана башка маселелер боюнча баалуу пикирлер баяндалган. Анын илимий мурасы дүйнө тарыхый-философиялык адабияттарында кабыл алынып, жогору бааланган.



Абу Наср Фарабийдин китебиндеги шахруд музыкалык аспабынын чиймеси



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маалымат үчүн

Фарабий музыканы адамдын тарбиясына таасир көрсөтүүчү факторлордон бири деп билди. Ал музыканы адамга назиктик, эстетикалык эргүү багыштоочу, сезим-туюм жана жүрүм-турумду тарбиялоочу маанилүү каражат, деп эсептейт. Ойчул «Музыка жөнүндө чоң китеп» аттуу көп томдук чыгармасында музыканын теориясы жана тарыхы, түрдүү музыка аспаптары, күүлөр жана алардын ички түзүлүшү, үндөр, ритмдер, обондор жөнүндө маалымат берди.

Фарабийдин көз карашы, анын коом жана жүрүм-турум тууралуу жараткан бүтүн окуусу алгачкы орто кылымдар жана кийинки доорлордо социалдык, саясий жана жүрүм-турумдук пикирлердин өнүгүшүндө чоң мааниге ээ болду. Анын көз караштары Чыгыш өлкөлөрүнө кеңири жайылды. Орто кылымдын ойчулдары Ибн Сина, Умар Хайям, Беруний жана башкалар Фарабийдин окуусун терең үйрөнүп, аны жаңы идеялар менен байытышкан.

## Билесиңби?

“Чыныгы бакытка жетишүү максатында өз ара жардам көрсөтүүчү адамдарды бириктирген шаар – касиеттүү шаар, бакытка жетишүү максатында бириккен адамдардын жамааты – касиеттүү жамаат саналат.

Бакытка жетишүү максатында өз ара жардам берген эл – касиеттүү эл. Ушул тартипте бардык элдер бакытка жетишүү үчүн бири-бирине жардам берсе, бүткүл жер жүзү касиеттүү болот», – деген накыл сөздүн автору Абу Наср Фарабий Маварауннахрдагы түрк шаарларынан болгон Фарабдан чыккан философ.

«Билимдүү адамдар шаары» чыгармасынан: «Туш келген адам шаар-мамлекетке жетекчилик кыла албайт. Жетекчи болуунун эки шарты:

1. Адамдын өзүндө жетекчилик кылуу жөндөмү (руханий жана акыл жактан) болууга тийиш.
2. Мындай адам жогорку орду, адамдык сапаттары, жөндөмү менен эл арасында урмат тапкан болушу зарыл. Жетекчилик жаатында тажрыйба ашыруу да маанилүү».



Фарабий чиймелеринин негизинде даярдалган музыка аспаптары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Билесиңби?

# Фарабий – чыгыш ойчулдары чыгармаларанын комментатору

Фарабий түрдүү билимдердин теориялык жактарынын философиялык мазмуну менен көбүрөөк кызыккандыгы үчүн анын чыгармаларын 2 топко бөлүүгө болот: 1) грек ойчулдары, табият таануучуларынын илимий мурасын чечмелөө, үгүттөө жана үйрөнүүгө багышталган чыгармалар; 2) илимдин түрдүү багыттары боюнча темалардагы чыгармалар.

Фарабий байыркы грек ойчулдары: Платон, Аристотель, Евклид, Птолемей, Порфирийлердин чыгармаларына түшүндүрмөлөр жазган. Айныкса, Аристотелдин чыгармаларын («Метафизика», «Этика», «Риторика», «Софистика» жана б.) кеңири чечмелеп, оор жерлерин түшүндүрүп бере алган, кемчиликтерин көрсөткөн, ошону менен алардын жалпы мазмунун ачып берген атайын чыгармаларды жазган. Фарабийдин бул ишкердиги Чыгыштын гана эмес, орто кылым Европасында грек илими менен тааныштырууда чоң роль ойноду. Бул анын илимий ишкердигинин өнүгүшүнүн биринчи баскычын түзгөн жана ага өзүнө мүнөздүү мектептин кызматын өтөгөн, жаңы темаларда изилдөөлөр жүргүзүү үчүн негиз даядаган.

Ойчул чыгармаларын ошол доордо Чыгыш өлкөлөрүндө илимий-адабий тил эсептелген араб тилинде жазат. Ал ошондой эле, араб жана перс тилдеринде ырлар да жазган.

Анын «Аристотелдин ”Метафизика” китебинин максаты жөнүндө» китепчеси белгилүү болуп, китептин мааниси жөнүндө Абу Али ибн Сина минтип айтат: «Аристотелдин «Ма баъда аттабиа» («Метафизика» – табияттан тышкары нерселер) чыгармасын түшүнүү өтө оор. Аны жазган адамдын максаты мага белгисиз эле. Кырк жолу кайра окудум, бирок мен аны жана анын максатын түшүнүп жетпедим. Үмүтүмдү үзүп, түшүнүүгө оор нерсе экен, деген тыянакка келдим. Күндөрдүн биринде китеп базарынан аз эле акчага Абу Наср Фарабийдин «Аристотелдин ”Метафизика” китебинин максаты жөнүндө» китебин сатып алдым. Мындай китепти тапканыман сүйүнүп, Кудайга шүгүр айтып, атайын орозо кармадым, кедейлерге кайыр-садака бердим».

Метафизика – лексикалык мааниси «физикадан кийин». Физика илиминин чегинен тышта болгон, кишинин аң-сезими менен байланыштуу илимдер түркүмү.

## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

**Долбоор иши:** Фарабий «Билимдүү адамдар шаары» аттуу чыгармасында жетекчи адамда болууга тийиш дагы 12 касиетти санап өтөт.

Жамаат болуп, чыгармада берилген 12 касиет жөнүндөгү маалыматтарды табууга аракеттен. Чогултулган маалыматтар боюнча презентация даярда.

1. Сен бул тизмеге дагы кандай касиеттерди кошуу керек деп эсептейсиң?
2. Фарабийдин чыгармаларын мурдагы темаларда таанышкан Низамулмүлктүн «Саясатнаамасы» менен окшош жана айырмалуу жактарын айтып бере аласыңбы?
3. Ибн Сина Фарабийдин «Арастунун метафизикасына түшүндүрмөлөр» китебин тапканына эмне үчн аябай сүйүндү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 53–54-темалар:

# АБУ РАЙХАН БЕРУНИЙ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. «Берунийдин кылымы» деген сөздү уккансыңбы? Мында эмне көздө тутулат?
2. Абу Райхан Беруний кайсы предметтер менен алектенген?
3. Беруний Газнага кантип барып калды?



Илимдин Беруний кызыккан багыттарына караганда ал кызыкпаган багыттарын санап берген оңой.

Чыгыш таануучу окумуштуу И. Ю. Крачковский

### Маалымат үчүн

Абу Райхан Мухаммад ибн Ахмад Беруний (973-жыл, байыркы Кат шаары – 1048-жыл, Газна) – залкар өзбек ойчул окумуштуусу, орто кылымдын генийлеринен бири. Заманасынын бардык илимдерин, эң мурда, астрономия, физика, математика, теология, минералогия илимдерин мыкты ээлеген.

Илимдердин өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн анын аты дүйнө илиминин көрүнүктүү окумуштуулары катарынан орун алды. Ал 150 дан ашуун чыгарма жазган. «Байыркы элдерден калган эстеликтер», «Индия», «Минералогия», «Геодезия» өңдүү чыгармалары ошолордун катарына кирет.

Беруний Жердин тоголок формада экендигин негиздеп берди. Ал 1029 жылдыздын координаталары жана жылдыз чондуктары катталган жылдыздар жадыбалын жана дүйнөнүн географиялык картасын түзгөн.

### Чыгармачыл иш

Сүйлөмдү оку жана андагы «калыстык жана чындык менен ой жүгүрткөн» деген пикирди түшүндүрүп бер: «Беруний илимий маселелерде да, тарыхый окуялар, замандаштарына баа берүүдө да өтө калыстык жана адалдык менен пикирлеген».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Беруний өзүнүн астрономия боюнча чыгармаларында Коперниктен дээрлик беш кылым мурда Жердин Күндүн айланасында айланышы жөнүндөгү пикирди биринчи болуп илгери сүрдү. Ал ошол учурга чейин белгисиз болгон Америка континенти бар экендигин божомолдоп, өзүнүн чыгармаларында бир нече жолу жазган. Окумуштуунун батыш жарым шарда чоң кургактык бар экендиги жөнүндөгү пикири XV–XVI кылымдарда өзүнүн далилин тапты.


Берунийдин ишине чыныгы баа берген Жорж Сартон XI кылымды «Берунийдин кылымы» деп мүнөздөдү. Берунийдин чыгармалары өз доорунда эле даңк тараткан жана азырга чейин чет тилдерге которулуп келет.

Берунийдин ысымындагы «Абу Райхан» бөлүгү – Райхандын атасы (Райхандын эң мыктысы маанисинде), «Мухаммад» – ойчулдун өз аты, «ибн Ахмад» – Ахмаддын уулу экендигин билдирет.

Окумуштуу Кат шаарынан тышкарыда туулгандыгы үчүн «Беруний» – «тышкарылык» деген ат менен аталган. Анын алгачкы устазы Абу Наср ибн Ирак болуп, Беруний андан астрономия, алгебра жана геометрия боюнча билим алган. Абу Наср ибн Ирак Берунийге болгон мээрими күчтүүлүгүнөн 12 чыгармасын сүйүктүү шакиртине арнаган. Беруний экинчи устазы Абу Сахл Иса Масихий менен Журжанда мезгилинде таанышкан жана андан медицина, астрономия жана философия боюнча билимдерди үйрөнгөн.

## Чыгармачыл иш

1. Эмне үчүн Сартон XI кылымды «Берунийдин кылымы» деп мүнөздөдү?
2. Берунийдин батыш жарым шарда чоң кургактык бар экендиги жөнүндөгү пикири XV–XVI кылымдарда далилин тапкан. Бул кайсы континент?



Беруний чийген Жердин айланышынын сүрөттөлүшү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Булактарда

«Китоб ал-тафхим» Абу Райхан Берунийдин X–XI кылымдарда жазган астрономия, физика, математика, геометрия жана география предметтери боюнча ири илимий чыгармасы. XIII кылымда көчүрүлгөн нуска.





Абу Райхан Беруний.
«Китоб ал-тафхим» чыгармасы



Устурлаб

## Маалымат үчүн

Абу Райхан Берунийдин ачылыштары, айныкса, анын «Байыркы элдерден калган эстеликтер», «Индия», «Минералогия», «Сайдана» өңдүү чыгармалары өз учурунда эле ага даңк алып келген.

«Байыркы элдерден калган эстеликтер» чыгармасы Берунийдин бардык жагынан шыктуу окумуштуу экендигин көрсөттү.

«Байыркы элдерден калган эстеликтер» деген чыгармасында ажайып саптар келтирилген: «Эгер биз бул китептин кээ бир жерлеринде түрдүү илимдерге өтүп, түпкү ойго тиешеси жок маселелерге киришип кетсек да, бул сүйлөмдү узартуу же көбөйтүү максатында эмес, окуучуну зериктирбестик үчүн жасалды. Анткени ар дайым бирдей нерсеге тигилүү зеригүүгө жана сабырсыздыкка алып келет. Окуучу илимден илимге өтүп турса, түрдүү бактарда жүргөнгө окшойт...»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Индия» китебинин жаратылышы жөнүндө билдирген пикирине караганда, андан ар кандай каалоо-тилектин өзгү эмгек жана аракет деген жыйынтык келип чыгат. Бул чыгарманын тарыхый мааниси жана баалуулугу жөнүндө ар бир доордо дүйнө окумуштуулары тарабынан да пикирлер айтылган.

«Чыгыш жана Батыштын байыркы жана Орто кылымдардагы бүткүл илимий адабиятында буга тең келген чыгарма жок. Орто кылым жана жаңы заман авторлорунан эч бири инди маданиятынын түйүндүү маселелерин терең илимий рухта түшүнүүдө Абу Райхан Мухаммад Беруний ээ болгон жетишкендиктерге жетише албады. Берунийдин «Индиясы» классикалык үлгү болуп калуу менен бирге, автордун байыркы инди маданияты жана илимине тартуулаган белеги болуп калат», – деген эле орус окумуштуусу Розен.

## Чыгармачыл иш

Инди окумуштуусу Хамид Ризанын «Индия» фильминин негизинде презентация даярдагыла жана талкууга алгыла.

> «Беруний геология жана минералогоя илимдеринин теоретиги жана негиздөөчүсү».
>
> Х. Абдуллаев, академик

«Минералогия» чыгармасында минералдар жана алардын өз учурундагы нарктары, кээ бирлеринин дарылык өзгөчөлүктөрү, уникалдуу таш жана металлдар менен байланыштуу айрым кызыктуу этнографиялык маалыматтар баяндалган, алар китептин баа жеткис тарыхый булак иретиндеги маанисин дагы да күчөтөт. Ошондой эле, Беруний «Минералогия» китебинде минтип жазат: «Эмгексиз шаан-шөкөткө, мартабага жетишкен адам урматка татыктуубу? Жогорку мартабага эмгексиз жетишкен адам бейпилдиктин жана ырахаттын көлөкөсүндө жашайт, мыкты кийинет, бирок ал улуулуктун кийиминен кур калган, жылаңач». Ал адамдын негизги милдети эмгек аркылуу көздөлгөн максатка жетишүү, жакшылык аркылуу жакшылык көрүү, деп баса белгилейт.

> Ал араб адабияты океанындагы жалгыз аска. Инди таануда Берунийге тең келген адамды мурда да, кийинки убакыттарда да өткөнүн билбейбиз.
>
> Захау, XIX кылым, немис чыгыш таануучусу

Харезмдеги саясий карама-каршылыктар жана тынчсыздыктар себептүү 22 жашында туулган шаарын таштап, Каспий деңизинин түштүгүндөгү Журжан жана Рай шаарларында өтө жакырлыкта жашаган. Ал тургай илимий талаш-тартыштарда да акчалуу окумуштуулар анын муктаждыгынын үстүнөн күлүшкөн. Бул жөнүндө Берунийдин өзү минтип жазат: «Рай шаарында бир окумуштуу астрономия жаатында мен менен талашка түштү жана илимде менден кыйла төмөн турса да, менден өзүн жогору алып, ал тургай мени акарат да кылды. Болгону, ортобуздагы айырма андагы байлыктын көптүгү эле».




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Билесиңби?

Беруний өзүнүн биринчи астрономиялык тажрыйбаларын 16 жашта Кат шаарында баштаган. Окумуштуу, астрономия жана башка табигый илимдер менен гана алектенип калбай, тарых, алсак, дин тарыхы менен да кызыкты.

Окумуштуу маанилүү чыгармаларынан бири болгон «Байыркы элдерден калган эстеликтерин» 1000-жылы аяктаган. Бул чыгарма автордун бардык жагынан шыктуу окумуштуу экендигин көрсөткөн.



Абу Райхан Беруний, «Минералогия». IX кылым. Сууга салынган үлгү тарабынан сыгып чыгарылган суюктуктун көлөмүн аныктоочу прибордун чиймеси.

Беруний медицинага арналган «Сайдана» деген чыгармасында миңдан ашуун дары заттардын атын 30 тилде жазып чыккан.


## Беруний Газнада

Харезм 1017-жыл Махмуд Газнавий тарабынан басып алынгандан кийин, көпчүлүк окумуштуулар катары Беруний да Газнага алып кетилет. Махмуд Газнавий Харезмдин өкүмдары Маъмундун берилген адамдары иретинде Берунийге жана айрым окумуштууларга баштап сылык мамиледе болбогон. Султан Махмуд өзүнүн Индияга жасаган бир нече жортуулунда Берунийди астролог иретинде алып жүргөн. Жортуулдар учурунда чогулган маалыматтардын негизинде окумуштуу өзүнүн белгилүү «Индия» чыгармасын жазган.

Берунийдин илимий ишкердиги Султан Махмуддун уулу Масъуд Газнавийдин тушунда (1030–1040) дагы да күчөдү. Ал Масъудга араб тилин үйрөнүүгө, астрономиядан кабардар болууга жардам берди. Султан Масъуддун демөөрчүлүгүнөн ыраазы болгон Беруний ага арнап «Кануни Масъудий» деген чыгармасын жазган.

## Ой жүгүртүү үчүн

2009-жылдын июнь айында Иран өкмөтү тарабынан Венадагы Бириккен улуттар уюмунун бөлүмүнө төрт белгилүү окумуштуу: Авиценна, Беруний, Закирий Разий (Рейз) жана Умар Хайям орун алган павильон тартуу кылынат. Учурда ал Вена эл аралык борборунун Мемориалдык аянтынан орун алган.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1957-жылы окумуштуу жашаган шаар Берунийдин атын алды.

1973-жылы окумуштуу туулгандыгын 1000 жылдыгы Өзбекстанда кең көлөмдө белгиленди.

Өзбекстан Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтуна Абу Райхан Берунийдин аты коюлду.














Ташкент-теги метро станциясына Берунийдин аты коюлду.

Ташкентте жана Харезмде Берунийдин айкелдери бар.

Айдагы вулкан менен астеро-ид Берунийдин урматына аталган.



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Жогоруда берилген сүрөттөрдүн ар бирине түшүндүрмө бер.
2. Абу Райхан Мухаммад Ахмад Беруний жөнүндө заманабыз окумуштуу-ларынын пикирлерин чогулт.
3. Беруний илимдин кайсы багыттарына кызыккан?
4. Элестет, тарыхта Беруний ысымдуу адам болбогондо..., адамзат бү-гүнкү күндө кайсы билимдердан кабарсыз калган болор эле?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 55–56-темалар: АБУ АЛИ ИБН СИНА



## Маалымат үчүн

Абу Али Хусайн ибн Абдуллах ибн Сина (980-жыл, Афшана кыштагы – 1037-жыл, Хамадан шаары, Иран) – дүйнө илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошкон кеменгер энциклопедист-окумуштуу. Чыгышта «Шайх ур-раис» (даанышмандардын жетекчиси, окумуштуулардын башчысы); «Шараф ул-мүлк» (өлкөнүн, мамлекеттин аброю, даңкы); «Хаким ал-вазир» (даанышмандардын вазири) деп аталган болсо, Батышта Авиценна аты менен белгилүү.

Анын медицинага таандык чыгармаларында оорулардын келип чыгуу себептери жана булактары, диагноз, айыктыруу усулдары, дары өсүмдүктөрдүн жана дары-дармектердин өзгөчөлүктөрү, диета, адамдын ден соолугу үчүн дене тарбиянын мааниси өңдүү медицинанын көптөгөн өтө маанилүү маселелери баяндалган.

Дүйнө илиминин тарыхында Ибн Сина энциклопедист-окумуштуу иретинде таанылган. Анткени ал өз доорундагы илимдердин дээрлик бардыгы менен алектенген жана алар боюнча чыгармаларды жазган. Ибн Синанын «Ал-канун фит-тиб» деген чыгармасы XII кылымда эле латинчеге которулуп, андан XVII кылымга чейин Европа медицинасында негизги колдонмо иретинде пайдаланылган. Аны «Авиценна» иретинде Батышта белгилүү кылган чыгарма окумуштуунун медициналык мурасы – «Медицинанын мыйзамдары» болсо да, «Шайх ур-раис» аты, эң мурда, анын залкар философ экендигинин белгиси.

Айтыштарына караганда, хакимдер чындыгында 4 өө болгон, алар батышта Арасту менен Искендер, ал эми чыгышта Абу Наср Фарабий менен Абу Али ибн Сина.

Абу Насрдын өлүмү менен Абу Алинин төрөлүшү ортосунда отуз жыл айырма бар. Ибн Сина Фарабийдин китептери аркылуу ага шакирт саналган.



Табыптардын кеңеши




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Чыгармачыл иш

Текстти оку. Андагы «Синанын жасаган иштери дүйнөнү адамгерчилик рухунда, башкача айтканда руханий негизде өнүктүрүүгө чоң таасирин көрсөтөт», деген сүйлөмдү кандай түшүндүң?

*«Бул окумуштуунун бүткүл илимий ишкердиги дүйнөнү адамгерчилик рухунда, башкача айтканда руханий негизде өнүктүрүүгө чоң таасирин көрсөтөт, деп айтууга негиздер бар».*




## Ой жүгүртүү үчүн

Ибн Синанын илимий мурасын үйрөнүү иштери XVI кылымга келип күчүнө кирди. Натыйжада атайын илимий багыт – Сина таануу пайда болду. «Медицина мыйзамдарынын» латинче котормосу толук түрдө 40 жолу басылды.

XVIII кылымда жашаган белгилүү швед ботаниги Карл Линней дайыма жашыл бир тропик даракты Ибн Синанын урматына Авиценния деп атады. Бухара шаарында жана Афшана кыштагында Ибн Синага айкел орнотулду, Белгиянын Кортрейк шаарында да Ибн Синага айкел коюлган (2000). Афшанада залкар окумуштуунун музейи ачылды. Өзбекстанда Ибн Сина эл аралык фонду түзүлдү (1999), ошондой эле «Ибн Сина» жана «Сина» атындагы эл аралык журналдар басылууда.

Ибн Сина медицинанын тарыхында биринчи болуп холера менен чуманы айырмалаган, жугуштуу оорулар менен ооруган оорулууларды башкалардан бөлүп сактоону баса белгилеген. Оорулууларды дабалоодо окумуштуу 3 нерсеге: тамактануунун тартибине (диета), дары менен дабалоого жана түрдүү медициналык чараларды көрүүгө (кан алуу, зүлүк же банка коюу ж. у. с.) маани берүү керектигин айтат. Ал ооруну дабалоодо өздүк гигиена, уйку жана дене тарбия чоң мааниге ээ экендигин уктурат.

## Билесиңби?

Абу Али ибн Сина 10 жашында Куран Каримди башынан акырына чейин жатка окуган. 13 жашынан баштагыч математика, логика, фикх, философия менен алектене баштаган. 16—17 жашында белгилүү табып — хаким болуп таанылган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Билесиңби?



Абу Али ибн Сина медицинага арналган белгилүү «Медицинанын мыйзамдары» китеби. Чыгарманын жээктерине көптөгөн түшүндүрмөлөр берилген. 1601-жылы уникалдуу нускасы көчүрүлгөн.

## Чыгармачыл иш

Кандай ойлойсуң, Абу Али ибн Синанын кайсы кызматтарын этибар алып, дүйнө окумуштуулары Айдагы кратерлерден бирин анын ысымы менен аташкан?



## Үйрөнгөнүбүздөн жыйынтык чыгарабыз

1. Абу Али ибн Сина «Рисалатун фи таксим ал-мавжудат» китебинде (Акыл) таразасында өлчөнбөгөн ар кандай билим, чындык болбойт, демек, ал чыныгы билим эмес», деп айтат. Бул жерде окумуштуу эмнени көздө туткан? Акыл таразасы дегенде эмнени түшүндүң?
2. Сен кандайдыр ишти баштоодон мурда эмне кыласың? Бирөөгө кандайдыр кабарды жеткирүү керек болуп калгандачы?
3. «Абу Али ибн Сина — энциклопедист-окумуштуу» темасында эссе жаз.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Мазмуну


**1–тема.** Ата-бабаларыбыздын руханий баалуулуктары – дүйнө цивилизациясынын негиздеринен бири ........ 3

**2–тема.** IV–VII кылымдарда өлкөбүз элдеринин жашоо мүнөзү ........ 8

**3–4-темалар:** IV–VII кылымдарда Харезм ........ 10

**5-тема.** IV–V кылымдарда хионийлер жана кидарийлер ........ 15

**6–7-темалар.** Эфталийлер ........ 18

**8–9-темалар.** Түрк кагандыгы ........ 24

**10–11-темалар.** Батыш Түрк кагандыгы ........ 32

**12–13-темалар.** Жергиликтүү бийликтердин түзүлүшү ........ 39

**14–15-темалар.** Туран элдеринин аскердик өнөрү ........ 48

**16–17-темалар.** VI–VII кылымдарда Туран элдеринин маданий турмушу ........ 54

**18–19-темалар.** VII–VIII кылым баштарында Туранда саясий жагдай 62


**20–21-темалар.** VIII кылымда Хурасан жана Маварауннахр ........ 72

**22–23-темалар.** Карлуктар. Огуздар. Тахирийлер ........ 80

**24–25-темалар.** Саманийлер ........ 86

**26–27-тема.** Саманийлердин тушунда социалдык-экономикалык турмуш ........ 93

**28–29-темалар.** Газнавийлер ........ 100

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**30–31-темалар.** Караханийлер ........................................................ 108

**32–33-темалар.** Салжукийлер........................................................... 118

**34–35-тема.** Харезмшахтар мамлекети жана анын өркүндөшү ........ 125

**36–37-темалар.** Харезмшахтар мамлекетинин башкаруу жана социалдык-экономикалык турмушу.......................................................... 130

**38-тема.** Этникалык жараяндар жана өзбек элинин калыптанышы 136

**39–40-темалар.** Чөлкөмдө ислам дининин жайылышы.................... 140

**41–42-темалар.** Билим берүү ......................................................

**43–44-темалар.** Акыл менен курулган бай руханият......................... 151

**45–46-темалар.** IX-XII кылымдарда илим-билим жана маданияттын өркүндөшү ........................................................................ 161

**47–48-темалар.** Мухаммад ибн Муса ал-Харезмий............................ 167

**49–50-темалар.** Ахмад Ферганий.................................................... 172

**51–52-темалар.** Абу Наср Фарабий ................................................ 176

**53–54-темалар.** Абу Райхан Беруний ............................................. 180

**55–56-тема.** Абу Али ибн Сина ....................................................... 186

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Akbar Turg'unovich Zamonov,
Nargiza Kamaritdinovna Ismatova,
Durbek Abidjanovich Rahimjonov,
Dilmurod Raxmatullayevich Normurodov,
Zokir Turg'inovich Zamonov,
Sevara Akmalovna Po'latova

**O'quv nashri**

# O'ZBEKISTON TARIXI
## (IV ASRDAN – XIII ASR BOSHLARIGACHA)

Umumiy o'rta ta'lim maktablarining
7-sinf darsligi

*Qirg'iz tilida*

Котормочу А. Зулпихаров
Редактору М. Абдыманапова
Техникалык редактору М. Олимбекова
Сүрөтчү Ж. Азимов
Корректору Р. Матбабоева

2022-жыл -августда басууга уруксат берилди. Форматы 60х84 1/8.
«Arial» гарнитурасы, офсеттик усулда басылды.
Басма табагы 24,0. Шарттуу басма табагы 22,32.
Нускасы ... даана.
Буюртма

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| Т/н | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлери негизинде толтурулат.**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин алгачкы жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу жана чийүүлөр жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, четтери жешилген, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу ремонттолгон. Көчкөн барактары кайра ремонттолгон, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабага чийилген, ал жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу эмес ремонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп салынган. Калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE